soros.kg

«Сорос-Кыргызстан» Фондунун
«Маалымат эркиндиги» Программасынын Долбоору

Кыргыз Республикасынын
Маданият, Маалымат жана
Туризм Министрлиги

## «Санариптик Кыргызстан»
## коомдук уюмдар альянсы

# «КР санариптик телерадиоберүүгө өтүү жана аны өнүктүрүү саясаты: кырдаалды баалоо жана жарандык коомдун сунуштары»

Бишкек 2014

**УДК 654**
**ББК 76.3**
**К 97**

Авторлор тобу: Алмакүчүков Кеңешбек, Байкулова Ирина, Мамырканов Эрнис, Махиева Антонина, Нурматов Байыш, Сыдыкова Зауре.

Документ төмөндөгү эксперттердин жана уюмдардын катышуусунда түзүлдү: Каракулова Элина, Мамбеталиева Татту, Темирбекова Айнура, «Санариптик Кыргызстан» коомдук уюмдар альянсы, КФ «Интернет саясатынын жарандык демилгеси», КФ «Маалыматтык укук борбору».

Аналитикалык документ «Сорос – Кыргызстан» Фондунун «Маалымат эркиндиги» Программасынын колдоосу жана КР Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин жетекчилиги астында түзүлдү.

Документте айтылган ой-пикирлер «Сорос – Кыргызстан» Фондунун жана КР Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин көз караштарын чагылдырбайт.

К 97 Кыргыз Республикасынын санариптик телерадиоберүүгө өтүү жана аны өнүктүрүү саясаты: кырдаалды баалоо жана жарандык коомдун сунуштары. – Б.: 2014. – 98 б.

ISBN 978-9967-11-441-8

**К 4501000000-14**
**ISBN 978-9967-11-441-8**

**УДК 654**
**ББК 76.3**

# МАЗМУНУ

**Сөз башы** .......... **5**

**Кыскартуулардын тизмеси** .......... **6**

**ГЛОССАРИЙ** .......... **7**

**КИРИШ СӨЗ** .......... **10**

**ГЛАВА 1. УЧУРДАГЫ АБАЛГА АНАЛИТИКАЛЫК ОБЗОР ЖАСОО** .......... **14**

1.1 Санариптик берүүгө өтүүнүн эл аралык алкактары .......... 14

1.2 Кыргыз Республикасында санариптик телерадиоберүүгө өтүү боюнча иштеп жаткан мамлекеттик саясат .......... 16

*1.2.1 Санариптик телерадиоберүүнү өнүктүрүү саясатын иштеп чыгуу үчүн концептуалдык негиздер .......... 16*

*1.2.2 Учурдагы саясатка обзор .......... 20*

1.3 Телерадиоберүү саясатынын негизги субъекттери (кызыкчылыктары жана алардын санариптик берүүгө өтүүгө даярдыктары) .......... 44

1.4 Баткен облусунда санариптик берүүгө өтүү боюнча сынактык долбоор: тажрыйба жана алынган сабактар .......... 51

**ГЛАВА 2. Маселени аныктоо жана иштеп жаткан саясатты өзгөртүүнүн негиздери** .......... **58**

2.1 Иштеп жаткан саясатты өзгөртүүнүн негиздери .......... 58

2.2 Негизги маселени аныктоо жана саясаттын максатын тактоо .......... 62

**ГЛАВА 3. КР санариптик телерадиоберүүгө өтүүнү жана аны өнүктүрүүнү камсыз кылуу боюнча саясаттын негизги иш чаралары** .......... **64**

3.1 Саясаттын социалдык аспектилерин ишке ашыруу боюнча сунуштар .......... 64

3.2 Саясаттын ченемдик-укуктук шарттарын жакшыртуу боюнча сунуштар .......... 64

3.3 Башкаруучулук мүнөздөгү иш чараларды жакшыртуу боюнча сунуштар .......... 65

3.4 Саясаттын өндүрүштүк технологиялык аспектилерин жакшыртуу боюнча сунуштар.... 67

3.5 Саясаттын каржылык-экономикалык аспектилерин жакшыртуу боюнча сунуштар ....... 69

**ТИРКЕМЕЛЕР**
**Саясаттагы негизги маселелер жана аларды чечүү боюнча иш-чаралардын таблицасы ....................71**

**ДОЛБООР**
**Айрым Мыйзам актыларына өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү боюнча Кыргыз Республикасынын Мыйзамы ....................76**

**“Кыргыз Республикасынын айрым мыйзамдык актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбооруна маалымкат-негиздеме....................92**

## СӨЗ БАШЫ

Бул документ – Кыргыз Республикасында санариптик телерадиоберүүгө өтүү боюнча биринчи ар тараптуу полистик анализ жана рекомендациялар, ал медиа эксперттерден, юристтерден, аналитиктерден, медиа уюмдардан, жарандык коомдун, жеке сектордун жана мамлекеттик түзүмдөрдүн өкүлдөрүнөн турган жумушчу топ тарабынан иштелип чыкты.

Аналитикалык документ, эң биринчи кезекте, чечим кабыл ала турган жактарга жардам катары түзүлгөн. Жалпы долбоордун максаты – жарандардын жана учурдагы берүүчүлөрдүн укуктарын жана эркиндиктерин эске алуу менен санариптик берүүгө ачык, инклюзивдик жана өз убагында өтүүгө максималдуу түрдө көмөк көрсөтүү.

Кыргызстан, дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрү сыяктуу эле, медиа мейкиндигиндеги глобалдык өзгөрүүлөрдүн алдында турат. "Женева-06" Эл аралык планына ылайык, Кыргызстан 2015-жылдын июнь айынан баштап санариптик телерадиоберүүгө өтүшү керек. Өлкөнүн, анын лидерлеринин жана жарандарынын келе жаткан өзгөрүүлөргө кылган мамилелеринен сөз эркиндигинин, ММКнын, ой-пикирлердин көптүгүнүн абалы гана эмес, ошондой эле, биздеги жаш демократиянын жана жалпы эле өлкөнүн өнүгүүсүнүн тагдыры да көз каранды.

"Сорос-Кыргызстан" Фондунун "Маалымат эркиндиги" Программасы жана бул чыгарылыштын автордук жамааты Кыргызстандын бардык басып өткөн тажрыйбасын топтоого, санариптик берүүгө өтүү процесси жана анын андан ары өнүгүүсү менен байланышкан өзгөчө алсыз зоналарды, коркунучтарды жана мүмкүнчүлүктөрдү баса белгилөөгө, ошондой эле, жер бетиндеги санариптик берүүнүн доорунда биз, өлкө катары, жарандар тарабынан талап кылынган ачык медиа-рынокко, калктын бардык топтору тарабынан маалыматтын жакшыртылган жеткиликтүүлүгүнө карай, максаттуу маалымат саясатын, сапаттуу жана ар түрдүү ата-мекендик контентти көздөй илгерилешибиз үчүн конструктивдүү сунуштарды берүүгө аракет кылды.

«КР санариптик телерадиоберүүгө өтүү жана аны өнүктүрүү саясаты: кырдаалды баалоо жана жарандык коомдун сунуштары" боюнча аналитикалык документтин үстүндө иш алып барган жумушчу топ саясаттын жана сунуштардын варианттарына анализ жасоодон тышкары, үч мыйзамга оңдоп-түзөтүүлөрдү даярдады: КР "Телерадиоберүү жөнүндө" Мыйзамы, "КР Лицензиялык-уруксат берүү системасы жөнүндө" Мыйзамы жана КР "Электр жана почта байланышы жөнүндө» Мыйзамы. Бардык сунуштар 2013-2014-жылдар аралыгында бардык кызыккан тараптардын өкүлдөрү, эксперттер жана адистер менен болгон көп жолку консультациялардын, коомдук талкуулардын жана угуулардын жүрүшүндө иштелип чыкты.

"Сорос-Кыргызстан" Фондунун "Маалымат эркиндиги" Программасы Кыргыз Республикасында маалыматтын ачыктыгын, билимдердин жеткиликтүүлүгүн жана ой-пикирди билдирүүнүн эркиндигин кеңейтүүгө жана коргоого көмөк көрсөтөт. Биз 1993-жылдан бери массалык маалымат каражаттарын жана журналисттерди сот иштеринде биздин өнөктөштөр аркылуу коргоп, репортерлорду профессионалдык жактан өстүрүп келебиз, медиа мыйзамдуулукту жакшыртуунун үстүндө иш алып барабыз, аймактык массалык маалымат каражаттарына колдоо көрсөтөбүз, социалдык мааниге ээ контентти түзүүнү кеңейтебиз, коомдук берүү, санариптик берүү реформасына салым кошобуз жана, жалпысынан алганда, Кыргызстанда эркин жана жоопкерчиликтүү прессанын түзүлүүсүнө көмөк көрсөтүп келебиз.

Биз бул документ санариптик телерадиоберүү менен байланышкан бардык маселелерге ачыктыкты киргизүүгө, бул процессте Кыргызстандын тажрыйбасын бекемдөөгө мүмкүндүк берет, ошондой эле, Кыргызстанда ачыгыраак жана маалымдуураак коомчулукту карай багыт алган жолдо татаал көйгөйлөрдү чечүүнүн прогрессивдик ыкмаларын сунуш кылат деп үмүттөнөбүз.

Элина Каракулова

*"Сорос-Кыргызстан" Фондунун*

*"Маалымат эркиндиги" Программасынын Директору*

## КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| ААК | Ачык акционердик коом |
| АТР | Автоматтык телевизиондук ретрансляторлор |
| ЖЧК | Жоопкерчилиги чектелген коом |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| КТРК | Коомдук телерадикорпорациясы |
| МБА | Мамлекеттик байланыш агенттиги |
| ММК | Массалык маалымат каражаттары |
| МКТ | Маалымат-коммуникация технологиялары |
| РПО РМТР | ААК «Кыргызтелекомдун» алдындагы радио жана телеберүү толкундарын таратуучу республикалык өндүрүштүк бирикме |
| СТРБ | Санариптик телерадиоберүү |
| ТРК | Телерадио компаниялар |
| ТРУ | Телерадио уюмдары |
| УСК | Улуттук Статистикалык Комитет |
| ӨЭУ | Өкмөттүк эмес уюм |

## ГЛОССАРИЙ

**аккредитациялоо** - телекөрсөтүү жана радиоуктуруу уюмдарынын өкүлдөрүн мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мекемелердин, уюмдардын жана ишканалардын алдында алардын иш-аракетин чагылдыруу үчүн каттоонун жол-жобосу;

**көрсөтүүчүлүк мультиплекс** – телерадиоканалдардын жыйындысы, ошондой эле, бул телеканалдардын курамына кирген, бир санариптик пакетке бириккен, телекөрсөтүү каналынан электр байланыш түйүндөрү боюнча берилип жаткан кошумча маалымат;

**мамлекеттик телекөрсөтүү жана радио уктуруу уюмдары** - мекеме статусуна ээ болгон жана жарандардын маалыматтык керектөөлөрүн канааттандыруу максатында мамлекеттик бийлик органдары тарабынан уюштурулган, мамлекеттик уюм болуп саналган телерадио уюмдары;

**үндүк коштоочу көп каналдуу берүү** – телепрограммада эки жана андан ашык үндүк коштоону берүү керектөөчүгө көрүүнүн тилин тандоо мүмкүнчүлүгүн берет;

**коомдук телекөрсөтүү жана радиоуктуруу уюмдары** - жарандардын маалыматтык керектөөлөрүн канааттандыруу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жарандык коомдун катышуусу менен түзүлүүчү телерадио уюмдары;

**жамааттык телекөрсөтүү жана радиоуктуруу уюмдары** - жамааттын мүчөлөрүнүн жана /же башка коомчулуктун маалыматтык, социалдык-экономикалык, руханий жана башка керектөөлөрүн канааттандыруу максатында физикалык жактар, жамааттар жана /же башка коомчулуктар тарабынан түзүлүүчү телерадио уюмдары;

**телерадиоберүү оператору** - лицензиялык талаптарда телерадио каналдарды таркатуу киргизилген, электрбайланыш жана /же маалыматтарды берүү чөйрөлөрүндөгү иштин тийиштүү түрүнө лицензиясы бар электрбайланыш оператору;

**теле-, радиоканалдын программалык концепциясы** - ушул Мыйзамдын талаптарына ылайык, теле-, радиоканалдын программасынын жана берүүсүнүн негизги мазмундук мүнөздөмөсү аныкталган документ;

**түз трансляциялоо** - теле же радио берүүлөрдү алдын ала жазып алуусуз жана монтаждоосуз тикелей трансляциялоо;

**теле-, радиоканалды жайгаштырууга уруксат** – телевизиондук же радио уюмунун ыйгарым укуктуу органы тарабынан лицензиялык – уруксат берүүчү система жөнүндө мыйзамга ылайык бериле турган жана анын теле-, радиоканалды аналогдук берүүдө жана / же берүүнүн санариптик пакетинде жайгаштыруу укугун тастыктаган документ;

**телекөрсөтүү жана радиоуктуруу каналдарынын программаларынын жана берүүлөрүнүн ырааттамасы** - убакыттын белгилүү бир айкындалган учурунда телерадиоберүүлөрдүн, телерадио программалардын обого чыгуу ырааттуулугу жана хронометражы жөнүндөгү телерадио уюмдарынын ачык маалыматы;

**теле-, радиоканалдарды таратуу** – телерадиоберүү операторунун колдонгон технологияларына карабастан, керектөөчүгө теле-, радиоканалдардын электр сигналын телекоммуникациянын техникалык каражаттарын пайдалануу менен жеткирүү;

**кайра трансляциялоо** – телекоммуникациянын пайдаланылган техникалык каражаттарына көз карандысыз түрдө, берүүчү трансляциялаган толук же өзгөрүлбөгөн телерадио программаларды, теле-, радиоканалдарды же мындай программалардын, теле-, радиоканалдардын орчундуу бөлүктөрүн кабыл алуу жана ошол эле мезгилде берүү (жаздыруу дагы);

**берүү сеткасы** - теле же болбосо радио программалардын, теле же болбосо радио берүүлөрдүн тизмеги, ырааттуулугу, аталышы жана аларды обого чыгаруунун убактысы, ал белгилүү бир мезгилге карата берүүнүн программалык концепциясынын негизги багыттарын чагылдырат;

**чыгаруучу студия** – аудиовизуалдык чыгарылыштарды, телерадио программаларды, телерадио берүүлөрдү түзүүнү (даярдоону) жүзөгө ашырган субъект/автор;

**субтитрлер** - телепрограмманын түп нускасындагы үндүк коштоону текст түрүндө кайталап берүү аркылуу телепрограммада камтылган маалыматты таркатуу ыкмасы;

**телерадио уюмунун чыгармачыл кызматкери -** телерадио уюмунда маалыматты телерадио программалар жана берүүлөр үчүн кесипкөй түрдө чогулткан, алган, түзгөн жана/же даярдаган штаттагы же штаттан тышкаркы кызматкер (телерадио журналист, продюсер, режиссер, сценарист, дизайнер, сүрөтчү, программанын же берүүнүн жетекчиси ж.б.);

**телекөрсөтүүчү жана радиоуктуруучу уюм (телерадио уюмдары)** - телерадио каналдарды түзгөн же комплекттеген, мыйзамда белгиленген тартипте катталган юридикалык жак;

**телевизиондук, радио-канал (теле-, радиоканал)** — туруктуу аталышы жана бекитилген убагы менен кийинки берүү үчүн берүү сеткасына ылайык калыптанган телевизиондук, радио – программалардын жана башка аудиовизуалдык маалыматтардын жана материалдардын жыйындысын билдирген массалык маалымат каражаты;

**телерадио берүү** - теле же радио каналдарды түзүү жана (же) аларды телерадио коммуникациялардын техникалык каражаттарын пайдалануу аркылуу керектөөчүнүн (калктын) коомдук кабылдоосу үчүн ачык же коддоштурулган ыкма менен таратуу;

**ачык түрдө таркатылуучу телерадиоканал** – керектөөчүнүн (калктын) коомдук кабыл алуусу үчүн телекоммуникациянын техникалык каражаттарын колдонуу менен жайылтылуучу теле-, радиоканал. Абонент берүүнү көрүү укугун идентификациясыз/персонификациясыз колдонот;

**коддолгон түрдө таркатылуучу телерадиоканал** - керектөөчүнүн (калктын) коомдук кабыл алуусу үчүн телекоммуникациянын техникалык каражаттарын колдонуу менен жайылтылуучу теле-, радиоканал, көрүү укугу абонентти идентификациялоонун/персонификациялоонун негизинде камсыз болот;

**телерадио берүү** - өз аталышы, трансляциялоо көлөмү, автордук белгиси бар, программанын башка бөлүктөрүнө көз карандысыз түрдө пайдаланышы мүмкүн болгон жана бир бүтүн маалыматтык продукция катары каралган, программанын мазмундук жагынан толук бүткөн бөлүгү;

**чет өлкөдө жасалган телерадио берүүлөр** – Кыргыз Республикасынын аймагында катталбаган физикалык жана юридикалык жактар тарабынан түзүлгөн берүүлөр, ошондой эле, 50%дан ашыгын ата мекенде чыгарылбаган үндүк, көрмө жана үндүк-көрмө материалдар түзгөн берүүлөр;

**ата мекенде жасалган телерадио берүүлөр** – Кыргыз Республикасынын аймагында катталган физикалык жана юридикалык жактар тарабынан түзүлгөн берүүлөр;

**телерадио программа** - туруктуу аталышы бар жана белгилүү бир берүү сеткасына кирген телерадио берүүлөрдүн жыйындысы;

**телерадио кызматкери** - телерадио уюмунда иштеген, өзүнүн кесиптик ишинин мүнөзү боюнча жана кызматтык милдеттерине ылайык телерадио программаларды жана берүүлөрдү түзүүгө катышкан штаттагы же штаттан тышкаркы кызматкер;

**телекоммуникациянын техникалык каражаттары** – телерадио программалардын, телерадио берүүлөрдүн, телерадио каналдардын электр сигналдарын түзүүгө, кабыл алууга, кайра иштетүүгө жана өткөрүп берүүгө мүмкүндүк берүүчү техникалык түзүлүштөр;

**трансляциялоо** – телекоммуникациянын техникалык каражаттарын колдонуу менен теле-, радиоканалдарды, телерадио программаларын таркатуу;

**маалымат (маалыматтык саясат) чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган (ыйгарым укуктуу орган)** – маалымат (маалыматтык саясат) чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу жана лицензиялык – уруксат берүүчүлүк ишмердүүлүккө ылайык теле-, радиоканалды аналогдук берүүдө жана /же берүүнүн санариптик пакетинде жайгаштырууга уруксат берүүчү мамлекеттик орган;

**телекөрсөтүү жана радиоуктуруу уюмунун уюштуруучусу (катышуучусу)** - түзүү же болбосо мыйзамдарда каралган башка ыкма менен телерадио уюмуна же анын уставдык капиталынын үлүшүнө карата менчик укугун алган жеке же юридикалык жак;

**теле-, радиоканалдардын электр сигналын түзүү** – колдонулган технологияларга карабастан электр байланыш түйүндөрү боюнча таркатууга багытталган теле-, радиоканалдардын программаларын электр сигналына өзгөртүү;

**электрдик байланыш кызматы (электрбайланыш кызматы)** – бир же бир нече юридикалык же физикалык жактарга сунуштала турган электрбайланыш маалыматтарын кабыл алуу же берүү боюнча кызмат, теле-, радиоканалдарды жайылтуу да камтылат. Электрбайланыш кызматтары өзүнө массалык маалымат каражаттарын камтыбайт;

**обо убактысы** - телерадио уюму программаларды жана берүүлөрдү трансляциялоону (кайра трансляциялоону) жүзөгө ашырган убакыт.

## КИРИШ СӨЗ

Кыргыз Республикасында санариптик телерадиоберүүгө өтүү өлкөнүн маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуу маселелери, ошондой эле, сапаттуу берүү аркылуу калктын маалыматтын ачыктыгына болгон муктаждыктарын канааттандыруу көйгөйлөрү менен тикелей байланышкан. Санариптик берүү телеберүүнү гана эмес, ошондой эле, коммуникациянын бардык тармактарын да камтыйт. Телекөрсөтүү – бул коомдук мааниге ээ болгон маалыматтын негизги булагы[1][2] болуп эсептелет, адатта өлкөнүн маалыматтык жана маданий мейкиндигин калыптандыруудагы башкы каражат катары саналат. Ошол себептен, анын ар бир өкмөткө өз жарандарынын көз караштарына жана баалуулуктарына таасир берүү үчүн керек экендиги айдан ачык. Дүйнөлүк агымда телекөрүүчүлөрдүн интерактивдик массалык маалымат каражаттарына жана интернетке жайдан, бирок, сезилээрлик түрдө өтүп жаткандыктарына карабастан Кыргызстанда интернеттик инфраструктуранын төмөн өнүгүшүнө байланыштуу жакынкы келечекте телерадиоберүүнүн калк үчүн актуалдуулугу жогору бойдон кала берет. Ошондуктан санариптик берүүгө өтүү – бул бир гана техникалык эмес, көбүрөөк деңгээлде социалдык, маданий, экономикалык жана саясий маселе.

Санариптик берүүгө өтүү долбоору 2013-2017-жылдарга карата Өлкөнүн Туруктуу Өнүгүү Стратегиясында артыкчылыктуу улуттук долбоорлордун бири катары аныкталган. КР Өкмөтүнүн алдына 2017-жылдан калбай өлкөнүн бардык жерлеринде калкка **санариптик телекөрсөтүүнүн** жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу деген тапшырма коюлду.

Санариптик телерадиоберүү системасын киргизүү ТВ-берүү тармагын заманбап туруктуу иштей турган жана рынок шарттарында жеке өнүгүү потенциалына ээ болгон экономиканын тармагына карай реформалоо аркылуу калкты маалымат булактары менен дагы толугураак канааттандыруу муктаждыгы менен байланышкан.

Бардык өлкөлөрдө маалымат алуунун бар балансын, эң аз дегенде, сактап калуу жана, эң көп дегенде, чет жака менен борбордун, ири шаарлар менен алыс айылдардын ортосундагы маалыматтык теңсиздикти жоюу («санариптик ажырым») мамлекеттик органдар тарабынан чечиле турган «санарипке» өтүү менен байланышкан биринчи жана эң маанилүү тапшырмалардан болуп саналат.

«Санарипке» өтүү санариптик берүү тармагында өлкө тарабынан кол коюлган эл аралык милдеттерди – Санариптик берүү планын (План «Женева 06») аткарууну да талап кылат. Кыргыз Республикасы 2015-жылы 17-июнга чейин өлкөнүн чек араларга жакын райондорунда санариптик берүүгө өтүүнү камсыз кылууга милдеттүү. Көрсөтүлгөн датадан кийин *санариптик* станциялар артыкчылык алышат жана *баштапкы* негизде иштей башташат. Бул эгерде коңшу өлкөлөр бул убакытка чейин санариптик берүүгө өтсө, анда санариптик сигналдарды кабыл алган телевизиондук кабыл алгычтарга *тоскоолдук жаратпоосу* үчүн Кыргызстан өзүнүн чек арага жакын райондорунда аналогдук станцияларын өчүрүүгө милдеттүү болот дегенди түшүндүрөт. Аны менен бирге эле, бирдиктүү коммуникативдик

1 Медиа аудиториянын жүрүм-турумдарын жана кабыл алууларын изилдөө, 2012-ж. (Үчүнчү толкун) Бөлүк 3: Аналитикалык отчет. Кыргызстандагы ММКнын обзору. Компания “M-Vector”. USAIDдин тапшырмасы менен.

2 КР 2013-2017-жылдарга карата Улуттук Туруктуу Өнүгүү Стратегиясы. Гл. «Күтүлгөн жыйынтыктар». б.118.

мейкиндикти жана, ага ылайык, өлкөнүн маалыматтык коопсуздугун сактоо маселеси да турат.

Санариптик берүү төмөндөгүдөй мүмкүнчүлүктөрдү берет:

- калкты ТВ-берүү менен *камтууну* көбөйтүү, ага калкты территориалдык жактан камтуудагы диспропорцияны жоюу да кирет;
- абоненттердин маалыматтан өз убагында *ачык* колдонуусун сезилээрлик түрдө *кеңейтүү,* анткени, «санарип» маалында айдап жүргөн транспортто, ошондой эле, мобилдик жана компьютердик түзүлүштөрдө телевизиондук программалардын (стандарттык ТВ-кабылдагычтардан сырткары) тартылышы камсыз кылынат.
- жеткиликтүү телепрограммалардын санын көрүнүктүү түрдө көбөйтүүнүн эсебинен маалыматтык булактардын *кеңирирээк спектрин* тартуулоо;
- берүүнүн *сапатын* жакшыртуу. Санариптик телевизорлордун сапаты тартуунун ар кандай шарттарында эң жогору бойдон калат. Санариптик ТВнын аналогдук ТВ көрсөтүүгө караганда тоскоолдуктарга туруктуулугу жогорку эффективдүү каскаддык жаңылоочу коддордун колдонулгандыгы менен негизделет.
- транспорттук чөйрөнүн *өткөрүүчүлүк жөндөмүнүн* эффективдүүлүгүн жогорулатууну камсыз кылат, анткени, бир эле бөлүнгөн өткөргүч жолдо бир катар көбүрөөк ТВ каналдарды берүүгө болот;
- калкка *кошумча кызматтарды* өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу (интерактивдик тартууну киргизүү ж.б.).

Кыргызстандын тоолуу рельефи, ошондой эле, өлкөнүн калкынын жарымынан көбү (66.4%)[3] элет жерлеринде жашагандыгы тууралуу факт республикада санариптик телерадиоберүүгө өтүүнү ишке ашыруу процессине өзүнүн өзгөчөлүктөрүн киргизет. Башка өлкөлөрдөй эле, бир аз убакытка чейин Кыргызстанда дагы санариптик берүү аналогдук көрсөтүү менен бирге эле жүргүзүлөт, анткени, санариптик берүүгө өтүү этап менен ишке ашырылат: аналогдук режимде берүүнү толугу менен токтотконго чейин тесттик режимде; санариптик берүүнү өлкөнүн ички аймактарында киргизүү аны чек араларга жакын жерлерде кошкондон кийин башталат. Убакыт студиялык жабдыктарды да алмаштырганга, кайра даярдаганга да керек болот. Андан сырткары, бардык эл зарыл болгон улоочу түзүлүштөрдү көрсөтүлгөн мөөнөткө чейин сатып ала тургандыгына күмөн жаралат, андыктан, өткөөл мезгилде параллельдик берүүнү киргизүү зарыл.

Мамлекет тарабынан 2011-жылы Кыргыз Республикасында санариптик телерадиоберүүгө өтүү Программасы кабыл алынып, «жер бетиндеги эфирдик санариптик берүү» менен, башкача айтканда, жердик антенналык - мачталык инфраструктураны колдонуу аркылуу ишке ашырылууда. Кыргыз Республикасында аймактын тоолуу рельефи жана калктын жыштыгынын төмөндүгү, эксперттердин ой-пикирлери боюнча, аймакты эң көп камтууну камсыз кылууга таасир берет жана эфирдик санариптик телеберүү менен гана калкты 100% камтуу мүмкүн болот. Программа менен катар эле, санариптик берүүнү оптоволокондук (жазы тилкелүү интернет) жана спутниктик байланыш аркылуу өнүктүрүү боюнча жеке инвестициялык долбоорлор ишке ашырылууда.

3 КР Улуттук Статистикалык Комитет, 1994-2013. Кыргыз Республикасынын туруктуу калкынын саны.

Коомдук консультациялардын жүрүшүндө бир катар эксперттер тарабынан булар сунушталган: жер бетиндеги эфирдик санариптик берүү концепциясы менен катар эле санарипти өнүктүрүүнүн башка альтернативалык мүмкүнчүлүктөрүн бир аз дыкаттык менен изилдөө. Мисалы, спутниктик берүү аркылуу. Бир гана так экономикалык эсептөөлөрдү жүргүзүү менен мамлекеттик саясатты ишке ашыруу үчүн концептти тандоого жана кайсы стратегия өтө жагымдуу экендигин түшүнүүгө мүмкүн болот, анткени, маселенин баасы абдан маанилүү. Ошондуктан, мамлекеттик саясат рыноктор, продукт, инвестиция, киреше ж.б. карата ченемдердин топтому катары узак мөөнөткө принципиалдык түрдө өзгөрбөшү керек. Телерадиоберүү чөйрөсүн ыкмалардан жана аны жайылтуу технологияларына көз каранды болбостон жөнгө салууга убакыт жетти. Мамлекетке, ошондой эле, программалардын Социалдык пакетин кабелдик, спутниктик телекөрсөтүү программалары пакетине киргизүүнүн так тартибин иштеп чыгуусу зарыл.

2013-жылдан бери Транспорт жана коммуникациялар министрлигине, Мамлекеттик байланыш агенттигине жана ААК «Кыргызтелекомго» санариптик берүү саясатынын дагы бир субъектиси кошулду: КР Маданият, маалымат жана туризм министрлиги. Санариптик берүүгө өтүүнү техникалык жана технологиялык жактан камсыздандыруу, телерадиоберүү тармактарын модернизациялоо боюнча маселелер КР Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин карамагына кирет. Маалымат саясатын иштеп чыгуу, Социалдык пакетти калыптандыруу жана аймактык массалык маалымат каражаттарын колдоо функциялары КР Маданият, маалымат жана туризм министрлигине бекитилди. Электр байланыш операторлорун лицензиялоо жана радио жыштык спектрин колдонууга уруксат берүү КР Мамлекеттик байланыш агенттиги тарабынан ишке ашырылат. Ведомство аралык байланыш ажырымы маселелерин чечүү, берүүнүн бардык субъекттеринин аракеттерин координациялоо жана санариптик берүүгө өтүүнүн баасын тактоо артка жылдырылгыс милдеттер болуп саналат.

Санариптик берүүнүн инновациялык технологияларына өтүү институционалдык маселелердин жана тоскоолдуктардын болушу менен коштолуп жаткандыгын баса белгилеп кетүү зарыл. Телерадио берүү чөйрөсүндөгү жалпы, аны менен бирге эле, «санарипке» өтүү менен байланышкан нормативдик саясат толук түшүнүктүү эмес. Ошондой эле, жөнгө салуу саясаты менен байланышкан жетишпестиктер да бар. Иштеп жаткан ченемдик - укуктук база учурдагы укуктук жана технологиялык чындыкка ылайык келбейт, санариптик берүү чөйрөсүндө келип чыккан жаңы укуктук мамилелерди эффективдүү жөнгө салууга өбөлгө түзбөйт. Эфирдик санариптик берүүгө өтүү программасын ишке ашыруу мамлекеттик инвестициялардын жана шарттуу түрдө көзөмөл пакети мамлекетке тиешелүү болгон акционердик кампаниялар аркылуу жеке инвестициялардын эсебинен жүргүзүлүүдө: ал бул чөйрөдөгү монополизациянын сакталышына өбөлгө түзөт жана атаандаш рыноктук мамилелердин өнүгүшү үчүн шарттарды түзбөйт. Санариптик берүү дагы *лицензиялоо системасын* ирээтке келтирүүгө муктаж. Анда жалпы координациялоо механизмдери иштелип чыкпаган ведомство аралык ажырым байкалат. Ошондой эле, субъекттердин өзүлөрүнүн ой - пикирлери боюнча, акыркы убактарга чейин жыштыктар үчүн уруксат алуу жана лицензия алуу процедуралары ачык эмес мүнөзгө ээ болгон. Санариптик берүүнү жана жалпы медиа рынокту өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү үчүн лицензиялоо – уруксат берүү системасы жеткиликтүү түрдө эффективдүү, ачык жана заманбап болушу керек.

Санариптик берүүгө өтүү саясаттын бардык субъекттеринин кызыкчылыктарынын макулдугун, анын ичинде калктын да, ошондой эле, бул чөйрөдө бирдиктүү мамлекеттик саясатты эске алууга жана анын социалдык, ченемдик - укуктук, башкаруучулук, техникалык

жана каржылык чараларын бир эле мезгилде чечүүгө негизделген комплекстүү мамилени талап кыла тургандыгын баса белгилеп кетүү керек. Бул маселелерди чечүү Кыргызстанга санариптик берүүгө өтүүнү ишке ашырууга жана калкты улуттук контент менен толук камдуу камсыздоого мүмкүндүк берет.

Азыркы учурга чейин мамлекеттик органдар даярдык деңгээлинен (абоненттик түзүлүштөрдү алуу мотивациялары) санариптик берүүгө өтүүнүн жыйынтыгы көз каранды болгон калкты саясаттын өз алдынча субъектиси катары карабай келет. Кардардын маалыматты жана улуттук контентти алууга болгон кызыгуусу көлөмү жагынан санариптик берүүгө өтүү убактысына чейинкиден төмөн болбошу санариптик берүүгө өтүүнүн жыйынтыгынын критерийлеринин бири болуп калышы керек.

Бул документ учурдагы абал жана санариптик берүүгө өтүү жана аны өнүктүрүү боюнча саясатты ишке ашыруу чөйрөсүндө чечим кабыл ала турган жактарга маалымат жеткирүү үчүн даярдалды. Документте Кыргызстандын санариптик берүүгө өтүүсүнүн даярдыгына эксперттик баа берилген. Баалоо санариптик берүү саясатынын субъекттери менен болгон көптөгөн байланыштардын негизинде жасалган, ошондой эле, документте жарандык коомдун бул талкууларды жалпылоонун жыйынтыгында киргизген сунуштары да берилген.

# ГЛАВА 1. УЧУРДАГЫ АБАЛГА АНАЛИТИКАЛЫК ОБЗОР ЖАСОО

## 1.1 Санариптик берүүгө өтүүнүн эл аралык алкактары

Радиобайланыш тармактарын мамлекет аралык электромагниттик сыйыштыруучулук менен камсыз кылуу көйгөйлөрү дароо эле радиожыштыктар колдонула баштагандан тартып пайда болгон. Эгерде бир өлкөдө турган радиостанциялардын толкундары ушул эле жыштыкта же каналда иштеп жаткан башка станция жайгашкан бөлөк өлкөнүн аймагына жетсе, анда радиобайланыш тармагынын ишине жолтоо кылган зыяндуу тоскоолдуктар келип чыгат. Бул маселени чечүү радиожыштыктарды пайдаланууну мамлекет аралык координациялоонун (макулдашуунун) эң татаал процедураларына, тагыраак айтканда, радиобайланыштын эл аралык Регламентин кабыл алууга алып келди. Регламентти Эл аралык электр байланыш союзунун мүчөлөрү – бардык өлкөлөр сакташы керек. Кыргызстан 1994-жылдан бери Эл аралык электр байланыш союзунун мүчөсү болуп саналат.

Тигил же бул радиобайланыш кызматынын жыштыктарды макулдашылган дүйнөлүк же аймактык негизде пайдалануу Планын кабыл алуусу мамлекет аралык электромагниттик сыйыштыруучулук менен камсыз кылуунун эффективдүү чарасы болуп саналат. Өлкөлөргө тең укуктуу пайдаланууну камсыз кылуу жана электромагниттик сыйыштыруучулукту сактоо мындай пландарды түзүүдө башкы принциптерден болуп эсептелет.

Телевизиондук берүү үчүн мындай План биринчи жолу 1961-жылы Стокгольмдо кабыл алынган (План «Стокгольм 61»). «Стокгольм 61» Планын кабыл алуу бул өлкөлөрдөгү телевизиондук берүүнү өнүктүрүүнүн өтө кубаттуу ылдамдаткычтарынан болуп саналган. Анткени, ал мамлекет аралык координацияга убакыт кетирбестен, башка өлкөлөргө көз каранды болбостон өз өлкөсүндө аналогдук телевизиондук көрсөтүүнү өнүктүрүүгө мүмкүндүк берген.

Бирок 2000-жылга карата санариптик берүү үчүн ушуга окшогон планды кабыл алуу муктаждыгы келип чыкты. 2004-жылы Женевада биринчи Аймактык конференция, ал эми 2006-жылы радиобайланыш экинчи Аймактык конференциясы өткөрүлүп, анда санариптик берүүнүн аймактык Келишими жана акыркы Планы кабыл алынган (План «Женева 06).

Эл аралык электрбайланыш кеңешинин катышуучулары тарабынан кол коюлган, жер бетиндеги санариптик берүү боюнча «Женева 06» радиобайланыш Аймактык конференциясынын чечимине ылайык Борбордук Азия өлкөлөрү 2015-жылы 17-июнда эфирдик санариптик берүүгө өтө тургандардын акыркыларынан болуп калышат. Кыргыз Республикасы дагы бул конференциянын катышуучуларынан болуп саналат. Бул мөөнөттүн өтүүсү менен аналогдук көрсөтүүнүн телевизиондук каналдары эл аралык коргоосун жоготушат.

Көптөгөн талкуулардан кийин бул маселенин алкагында кызыккан тараптардын арасында төмөндөгү аспектилер боюнча түшүнбөстүктөр бар экендиги аныкталды:

1. Эл аралык электрбайланыш кеңеши Кыргызстандан 2015-жылы 17-июнга карата санариптик берүүгө толук өтүүсүн талап кылган эмес жана талап кыла албайт дагы. Бул ар бир өлкөнүн суверендик укугу. Бул дата *аналогдук* берүү станциялары 2015-жылы 17-июнга чейин *баштапкы* негизде иштейт дегенди түшүндүрөт. Бул көрсөтүлгөн мөөнөттөн кийин *санариптик* станцияларга артыкчылык берилип, алар *баштапкы* негизде иштей башташат. Андай учурда, эгерде коңшу өлкөлөр бул убакытка чейин санариптик берүүгө өтсө, анда санариптик сигналдарды кабыл алган телевизиондук

кабылдагычтарга *тоскоолдук жаратпоосу* үчүн Кыргызстан өзүнүн чек арага жакын райондорунда аналогдук станцияларын өчүрүүгө милдеттүү болот.

2. Санариптик берүүгө толук өтүү аналогдук берүү технологияларын толук түрдө санариптик берүү технологияларына алмаштыруу дегенди түшүндүрөт, башкача айтканда:
   a) Студияларда аналогдук сигналдарды калыптандыруу технологияларын санариптик сигналдарды калыптандыруу технологияларына алмаштыруу керек, аны менен бирге эле, студиялык жабдыктарды да алмаштыруу, кайра даярдоо ж.б. зарыл болот.
   b) Телерадиоканалдын берүү түйүндөрүндө сигналды аналогдук таркатуу технологиялары санариптик таркатуу технологиялары менен алмаштырылат, аны менен бирге эле аналогдук берүү станциялары санариптик берүү станцияларына алмашат, көп каналдык берүүнү камсыз кылуу үчүн мультиплекстештирүү жабдыгы жана жаңы кызматтарды жүзөгө ашыруу үчүн санариптик берүүнүн жардамы менен ишке ашырууга мүмкүн болгон кошумча жабдык кошулат;
   c) Калктагы аналогдук ТВ өткөргүчтөрдү санариптик өткөргүчтөргө алмаштыруу, же убактылуу чара катары – колдо бар аналогдук телевизорлорду санариптик телеканалдарды аналогдук телевизорлордо кабыл алууга мүмкүндүк бере турган атайын түзүлүштөр менен толуктоо.
3. Кыргызстанга бул тизме боюнча 17.06.15 чейин эмне жасалуусу зарыл экендигине, анын ичинен эмне иштерге мөөнөт боюнча чек коюлбагандыгын аныктоо керек.

**Санариптик берүүгө өтүү үчүн зарыл болгон иш-чаралар:**

- 17.06.2015 датасы башкапкы статусту аналогдук станциядан санариптик берүү станциясына алмаштыруу датасы болуп саналат. Экинчи негизде иштеген радиобайланыш станцияларынын Регламентине ылайык, биринчи негизде иштеген станциялардан сигналдарды алган телевизиондук кабылдагычтарга зыяндуу *тоскоолдуктар <u>түзүлбөшү</u> зарыл*[4]. Бул эгерде Кыргызстан чек араларга жакын жайгашкан аймактарында өзүнүн станцияларын жаңылоого жетишпей калса, анда аларды өчүрүүгө же аларды чектешкен мамлекеттердин санариптик станцияларына тоскоолдуктарды жаратпагандай кылып жаңылоого туура келет дегенди түшүндүрөт. Андай болбой калган учурда чек араларга жакын жайгашкан райондордо ата-мекендик мазмундагы маалыматты калкка жеткирүүдө көйгөйлөр келип чыгат жана ата-мекендик маалымат маалымат каражаттарынын ролунун тез төмөндөшүнө жана маалымат мейкиндигин калыптандырууда мамлекеттин таасирин жоготуу маселелери жаралат.
- Жабдыктарды стандартташтыруу максатында телевизиондук берүү үчүн каралган жыштыктардын диапазону 8 МГ көлөмдөгү каналдарга бөлүнгөн жана ар бир каналдын өзүнүн номери болот[5].
- 2007-жылы жана 2012-жылы Дүйнөлүк радиобайланыш конференциялары өтүп, анда жазы тилкелүү радио уктуруу үчүн (Интернет) жыштыктарды бөлүштүрүү боюнча бир катар чечимдер кабыл алынган. Бул чечимдер санариптик берүү үчүн

4 Эгерде баары бир тоскоолдук бар болсо, анда тоскоолдуктарды жоюу максатында «экинчи» станциялардын мүнөздөмөлөрү өзгөртүлүшү керек; эгерде мындай жасоо дагы мүмкүн болбосо, анда «экинчи» негизде иштеген станциялар өчүрүлүшү зарыл.

5 Санариптик көрсөтүү үчүн 6-12 канал каралган (174 МГц – 230МГц) жана 21-69 канал (470МГц – 862МГц).

бөлүштүрүлгөн диапазон жыштыктарын да караган[6], башкача айтканда, Интернет үчүн дагы, санариптик берүү үчүн дагы каналдар (49-60 жана 61-69) бөлүнгөн. Алардын ортосундагы каналдарды бөлүштүрүү маселесин жөнгө салуу керек.

- «Женева-06» Планы боюнча Кыргыз Республикасына улуттук деңгээлге ээ болгон эң кем дегенде 10 жыштыктык бөлүштүрүүлөрдү уюштуруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган жыштык булагы бекитилген. Мындан сырткары, Кыргызстанда аймактык деңгээлдеги 45 жыштыктык бөлүштүрүүлөр да бар. Эффективдүү санариптик берүү үчүн бул жыштык булактары абдан жетишээрлик болуп саналат: киргизүүгө мүмкүн катары каралган каналдардын саны жалпы өлкө аймагы боюнча киргизүүгө мүмкүн болгон 200 телеканалдын санынан ашат жана бардык калк жайгашкан пункттарда, Баткен облусун кошпогондо, 300 телеканалдан жогору болот.
- Белгиленген мөөнөткө чейин аудиовизуалдык продукцияларды санариптик форматта чыгарууга техникалык жактан мүмкүнчүлүгү жок чыгаруучу студиялар жана телерадио уюмдары аудиовизуалдык продукцияларды аналогдук форматта чыгарууну улантуу мүмкүнчүлүгүнө ээ, аны менен бирге эле, продукцияларды «санариптештирүү» электр байланыш операторлору тарабынан кайтарымдык-төлөмдүк негизде ишке ашырылат. Бул учурда мындай кызмат көрсөтүүгө калыс баа коюу маселеси келип чыгат.

## 1.2 Кыргыз Республикасында санариптик телерадиоберүүгө өтүү боюнча иштеп жаткан мамлекеттик саясат

### 1.2.1 Санариптик телерадиоберүүнү өнүктүрүү саясатын иштеп чыгуу үчүн концептуалдык негиздер

Санариптик берүү – ар түрдүү ыкмалар менен ишке ашкан жаңы коммуникациялык технологияларды жайылтуунун кайталангыс дүйнөлүк процесси: жер бетиндеги берүү, Интернет, IP - берүү, спутниктик берүү. Андан бөлүнүү же бул процессти кечеңдетүү – бул инновацияларды киргизүү чөйрөсүндө белгилүү бир позициядан кур жалак калуу дегенди билдирет, ал өз кезегинде, өлкөнүн рейтингин, имиджин төмөндөтөт, бул тармактагы инвестициялык жагымдуу абалды жоготот, башка тармактарга таасирин алсыратат (туризм, электрондук түзүлүштөр, байланыш түзүлүштөрү менен соода кылуу ж.б.), калктын социалдык маданий өнүгүү темпин, маалыматтык муктаждыктарды камсыз кылуу темпин азайтат, ж.б. Демек, бардык кызыккан тараптарды катыштыруу менен «санарипти» киргизүү боюнча *жигердүү иш* алып баруу керек: жооптуу мамлекеттик органдар, мамлекеттик уюмдар жана мамлекеттик ишканалар, бизнес жана калк.

Кыргызстандын тоолуу рельефи, ошондой эле, өлкөнүн калкынын жарымынан көбү элет жерлеринде жашагандыгы тууралуу факт өзүнүн өзгөчөлүктөрүн киргизет. Көпчүлүк башка өлкөлөрдөн айырмаланып Кыргызстанда аналогдук көрсөтүү мурункудай эле өз ролун сактап калат. Бирок, ага карабастан, берүүнүн башка технологияларынын дүйнөлүк өнүгүү динамикасы тууралуу унутпашыбыз керек, анын ичинде, байланыштын оптоволокондук линиялары жана жазы тилкелүү Интернет мүмкүнчүлүгү аркылуу. Демек, телерадиоберүү тармагын технологиялардан көз каранды болбостон жөнгө салуу учуру келди.

6 2007-жылы биринчи негиздеги жазы тилкелүү ачыктык үчүн 790-862 МГц диапазон (61-69 каналдар) жана 2012-жылы 694-790 МГц (49-60 каналдар) бөлүнгөн.

Санариптик берүүгө өтүү процессин аналогдук берүүдөн санариптик берүүгө өтүүнү камсыз кылган жөн гана өндүрүштүк – технологиялык процесс катары гана караганга болбойт. Аны инновациялык, интерактивдик коммуникациялык технологияларды өнүктүрүү боюнча масштабдуу улуттук инвестициялык долбоор катары кеңирирээк кароо зарыл, аны колдонуу чөйрөсү керектөөчүлүк рынок менен гана чектелбестен, «электрондук өкмөт» системасынын эффективдүү иши үчүн да пайдаланууга мүмкүн болот. Бул санариптик берүүнү өнүктүрүү долбоорунун техникалык - экономикалык негиздемеси, деталдуу бизнес планы, конкреттүү (ченемдүү) максаты, ишке ашыруу жана актоо мөөнөтү, мамлекеттик инвестициялар гана эмес, ошондой эле, жеке жана жамааттык телерадио уюмдарынын долбоорлору үчүн дагы бюджети болушу керек. Мына ошондо гана эфирдик санариптик берүүгө өтүү маселесинин баасы ачык болот.

«Санарипке» өтүү – бул берүүнүн дагы жогорку өндүрүштүк-технологиялык мүмкүнчүлүктөрүнө чыгуу: өтө көп сандагы программалык контентти, аймактык каналдарды санариптик сапатта берүү, интерактивдик баарлашуу мүмкүнчүлүктөрү бар, ж.б. Жаңы стандарттарды колдонуу менен берүү сигналдарын өндүрүү, калыптандыруу жана жайылтуу процесси өзгөрөт, демек, телекоммуникация тармагында ишкердүүлүктү өнүктүрүү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр түзүлүп (кызматтык тейлөөлөр, чекене сатуу, импорттук операциялар, оңдоп - түзөө, ж.б.), жаңы жабдыктарды алуу жана санариптик телерадиоберүүнүн инфраструктурасын куруу керек болот.

Санариптик берүүнү технологиялык жактан өнүктүрүү 2015 - жыл менен аяктабайт жана ал келечекте дагы мамлекет жана жеке сектор тарабынан ири инвестицияларды талап кылат. Азыркы учурда санариптик берүүгө өткөрүүнү ишке ашыруу боюнча негизги ишти мамлекет жана акциялардын мамлекеттик пакетине ээ болгон коммерциялык структуралар көтөрүүдө. Санариптик берүүнү өнүктүрүү өзүнө инвестицияларды жана санариптик берүү көрсөтүү рыногунда жаңы катышуучуларды тартуу муктаждыгын көрсөтөт, бирок, бул үчүн антимонополиялык жөнгө салуу механизмдерин камтуу жана жалпы эле бул тармакта атаандаштык шарттарын түзүү менен «оюндун эрежесин» түзүү же өзгөртүү керек болот.

Калк ар дайым жергиликтүү жаңылыктарды жана маалыматтарды алууга кызыкдар. Анткен менен, башка өлкөлөрдүн тажрыйбасы аймактык (жамааттык, жеке) массалык маалымат каражаттары жана телерадио уюмдары санариптик берүүгө өтүү учурунда ар кандай себептерден улам жабылып калуу тобокелчилигине көбүрөөк кабылаарын көрсөтөт. Өтө маанилүү себептери – булар аймактык телеканалдардын төмөн техникалык жана кадрдык потенциалы, алсыз техникалык инфраструктура, аймактагы рекламалык рыноктун көлөмүнүн тардыгы, каржы булактарынын жетишпестиги[7]. Демек, бул аймактык телерадио уюмдарын өнүктүрүү үчүн уюштуруучулук – экономикалык шарттарды сактоо жана түзүү боюнча мамлекеттин балансташтырылган саясаты керек болот.

Санариптик берүүнү өнүктүрүүнү борбордук, аймактык жана жергиликтүү деңгээлдерди бирдиктүү маалымат мейкиндигине байланыштырган социалдык мааниге ээ долбоор катары кароо керек: а) контент (телекөрүүчүлөрдүн муктаждыктары), б) саясаттын субъекттери, ошондой эле, в) телерадиоберүүнүн субъекттери. Аны менен бирге эле, акыркы керектөөчүлөр (телекөрүүчүлөр /угармандар) санариптик берүүнү өнүктүрүүдөгү негизги пайда алуучулар болуп саналат. Санариптик берүүгө өтүүнүн жемиштүүлүгүнүн негизги критерийи бул керектөөчүнүн телерадиоберүү аркылуу маалыматтын жеткиликтүүлүгү менен канааттануу

7 Фокустук топтун материалдарынан, 10.12.2013, отель «Алтын Ажыдаар».

деңгээли болуп саналат, демек, маалыматтын жеткиликтүүлүгүнүн жана улуттук контенттин көлөмү санариптик берүүгө өтүү датасына караганда төмөн болбошу керек.

Бардык тармактардагы мамлекеттик саясат, анын ичинде, берүү чөйрөсү дагы, жогоруда аталган ар бир объектиге (процесстер, субъекттер жана мамилелер) жараша иштеп чыга турган так көрсөтмөлөрдүн, ченемдердин, шарттардын жыйынтыктарынан турат. Бул жаатта берүү саясаты төмөндөгүлөрдү так чагылдырышы керек: а) «түшүнүк мейкиндиги» берүү чөйрөсүндө; берүү процесси, анын негизги этаптары жөнүндө бирдиктүү түшүнүк; б) саясаттын субъекттерин жана алардын ролдорун аныктоо (анын ичинде, процесстин ар бир этабында); в) саясаттын субъекттеринин иштешинин эффективдүү шарттары; г) субъекттер ортосунда такталган өз ара байланыштар, башкача айтканда, берүү чөйрөсүндө узак мөөнөт аралыгында сактала турган так жана рационалдуу «оюндар эрежелери».

Мазмундук-структуралык мааниде, саясат өзүнө буларды камтуусу керек: а) максат жана милдеттер, б) аларды ишке ашыруу принциптери, в) субъекттердин функциялары, г) негизги процедуралар жана жөнгө салуу механизмдери: каттоо системасында, техникалык жөнгө салуу системасында, өндүрүштүк-технологиялык системада, д) тариф саясаты.

Жогоруда айтылгандай, калктын маалыматка карата өсүп жаткан муктаждыктарын канааттандыруу, негизинен, телерадиоберүү аркылуу жетишилет. Телерадиоберүү процесси ата-мекендик контентти түзүүчүлөр, мамлекеттик, коомдук, муниципалдык, жамааттык жана жеке телерадио уюмдары жана, ошондой эле, электрбайланыш операторлору тарабынан камсыз кылынат. Ага ылайык, телерадиоберүү саясатынын максаты калктын маалыматка болгон муктаждыктарын канааттандыруу максатында телерадиоберүү процессин камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүүгө багытталышы керек. Алар кандай шарттар?: а) ченемдик-укуктук, б) жөнгө салуучулук, в) өндүрүштүк - технологиялык жана г) маалыматтык-ресурстук.

«Санарипке» өтүү – бул көп сандаган каналдардын, программалардын, берүүлөрдүн жеткиликтүүлүгү, алардын айрымдарынын контенттик-маңыздык бөлүктөрү коомдо кабыл алынган көз караштар, баалуулуктар, маалыматтык коопсуздук боюнча мамлекеттик саясат ж.б. менен дал келбеши мүмкүн. Аны менен бирге эле, ой - пикирлерди билдирүүнү, ой - пикирлердин көптүгүн, адам укуктарын, мыйзамдын жогору экендигин, ММКнын эркиндигин жана маалыматтын ачыктыгын коргоп жана бекемдеген, конституцияда бекитилген демократиялык принциптер жана ченемдер берүү саясатында сакталышы керек. Моралдык руханий негиздерди бузган, элдер ортосунда бөлүнүүнү тутанткан жана кыргызстандык коомдун тарыхый - маданий ченемдерине жат келген жүрүш-туруш ченемдерин жана үлгүлөрүн жайылткан зыяндуу маалыматтарга бөгөт коюуну камсыз кылган саясаттын ылайыктуу принциптерин алдын алуу зарыл болуп эсептелет.

Эл аралык келишимдерде көрсөтүлгөн санариптик телерадиоберүүгө өтүү датасы жана аны менен байланышкан зарыл болгон уюштуруучулук техникалык ченемдер, негизинен, *чек ара менен жакын жайгашкан аймактарда* «санариптик» берүүгө өтүүнү өз убагында камсыз кылууга тиешелүү, ал жактарда кыргызстандык жана чет өлкөлүк уюмдардын телерадиоберүүлөрү бар. Жалпы өлкө боюнча «санариптештирүү» контекстинде дагы – бул эң бир маанилүү милдеттерден болуп саналат жана санариптик телерадиоберүүгө өтүү датасын (2015-жыл 17-июнь) бул милдетти аткаруу мөөнөтү катары түшүнүү керек. Бул иш-

чаранын маанилүүлүгү чек арага жакын аймактарда жашаган калктын санынын көптүгү менен мүнөздөлөт - өлкөнүн жалпы калкынын 85%га жакыны[8].

Өлкөнүн ички аймагында «санариптештирүү» мөөнөттөрү санариптик берүүгө өтүү датасы (17.06.2015 ж.) менен байланышпайт жана аларды бир нече жылга созууга болот: көрсөтүлгөн датадан кийин өлкөнүн бардык аймактарында бир эле убакта санариптик дагы, аналогдук дагы берүү жүргүзүлө берет, ал телерадиоберүү уюмдарын бир топ чыгашага алып келет. Ошол эле убакта, санариптик телекөрсөтүү үчүн аныкталган убакыттык ченемдер КР 2013-17-жылдарга карата Туруктуу Өнүктүрүүнүн Улуттук Стратегиясында – 2017-жылдын аягына чейинки мөөнөт деп көрсөтүлгөн[9].

«Санарипке» өтүү санариптештирүүнүн орто мөөнөттүү программасынын максатын тактоого таасир берет – бул өлкөнүн аймагынын жана калкынын көбүрөөк бөлүгүн санариптик берүү менен камсыз кылуу. Бул максатка жетүү өндүрүштүк-технологиялык милдеттер менен гана байланышпайт, ал ошондой эле, калкты санарипке өтүүгө даярдоо, жөнгө салуучу «оюндун эрежелерин» өркүндөтүү, программалык-контенттик бөлүмдү жакшыртуу, аймактык (муниципалдык дагы) берүүнү өнүктүрүү, берүүнүн жана байланыштын жеке операторлору, жабдыктар менен камсыз кылуучулар үчүн кызыктыруучу инвестициялык шарттарды түзүү боюнча милдеттер менен да дал келет. Башкача айтканда, «санарипке» өтүү – бул техникалык жактан гана кайра жабдуу болуп саналбайт, ал берүү рыногундагы бардык катышуучуларды жана алардын иш-аракеттеринин көпчүлүк жактарын да камтыйт.

ААК «Кыргызтелекомдун» алдындагы радио жана теле берүү толкундарын таратуучу республикалык өндүрүштүк бирикменин (РПО РМТР) жетекчилиги антенналык мачталык инфраструктуранын техникалык жактан даярдыгын эске алуу менен Кыргызстан санариптик берүүгө өтүүгө техникалык жактан даяр[10] деп тастыктаган. Азыркы учурда 552 өткөргүч бар, анын 510 өткөргүчү негизинен мамлекеттик телеканалдарды көрсөткөн ААК «Кыргызтелекомго» тийиштүү. Жеке станцияларга 42 өткөргүч карайт.

Кыргызстан аналогдук өткөргүчтөрдү санариптик менен алмаштырууга даяр экендигин так түшүнүү зарыл. Мындай учурда контенттин жеткирилгендиги жана кабыл алынгандыгы боюнча сандык сигнал камсыз болот. Биздин телекомпаниялар чыгарган контенттин өзү, мазмундун өзү автоматтык түрдө санариптик болбойт. Санариптик телеберүү – бул керектөөчү эфирден көргөн акыркы картинка, акыркы продукт.

Ошол себептен, контенттик түзүмдү өркүндөтүү санариптик телеберүүгө өтүү стратегиясын/программасын калыптандыруучу кадам болушу керек. Аны өркүндөтүүдө ата-мекендик аудиовизуалдык продукция рыногун өнүктүрүүгө басым жасалып, ошондой эле, аймактык муниципалдык контент камтылышы керек. Аймактык контент (абоненттик төлөмдүн бар же жок болушу, санариптик телекөрсөтүү улоочу түзүлүштөрдүн наркы жана чет элдик каналдарды кабыл алуу мүмкүнчүлүктөрү менен бирге) чет элдик телерадио уюмдары дагы бериле турган чек ара аймактары үчүн негизги атаандаштык факторунун ролун ойнойт. Ушуга байланыштуу ата-мекендик контентти жана аймактык телерадио уюмдарын өнүктүрүүнү колдоо көйгөйү өтө олуттуу бойдон калууда. Жеке телекомпанияларда азыркыга

8 Фокустук топтун материалдарынан, 10.12.2013, отель «Алтын Ажыдаар».

9 «2017-жылдан кеч эмес сапаттуу байланыш, интернет жана санариптик телекөрсөтүү Кыргыз Республикасынын каалаган жеринде жеткиликтүү болот. Глава «Күтүлгөн натыйжалар». 2013-17-жылдарга карата КР Туруктуу Өнүктүрүүнүн Улуттук Стратегиясы, б. 118.

10 Фокустук топтун материалдарынан, 10.12.2013, отель «Алтын Ажыдаар».

чейин өз компаниясын «санарипке» өткөрүү үчүн зарыл болгон каржылык салымдар, өз программаларын берүүнүн социалдык жана жеке пакеттеринде жайылтуу кызматтарына кеткен чыгымдар тууралуу так түшүнүктөрү жок. Алардын эч кимисинде берүүнү санариптик пакетте жүргүзүү жана өзүлөрүнүн сапаттуу ТВ продукцияларын түзүү үчүн канча каражат кетээри тууралуу так сандары жок. Ал эми бул аларга «санарипке» өтүү боюнча дыкат план түзүүгө мүмкүнчүлүк бербейт.

Өндүрүштүк-технологиялык милдеттерди чечүүнүн алкагында *жыштыктарды пландаштыруу* жана берүү субъекттеринин ортосунда *аларды бөлүштүрүү механизмдери* тууралуу маселелерди, санариптик жана аналогдук берүүнүн *макулдашып күйгүзүп, өчүрүү* процедураларын (анткени, алар бир жыштык диапазонунда жайгаштырылат), санариптик телерадио берүүнүн жана жазы тилкелүү радио мүмкүнчүлүгүнүн сыйышкандыгы боюнча *«техникалык»* көйгөйлөрдү да тактап алуу зарыл. Сигналды технологиялык *таркатуу системасында* атаандаш чөйрөнүн иштөөсү жана монополияны чектөө («Кыргызтелеком» аркылуу) үчүн шарттарды түзүү эң маанилүү маселе болуп саналат.

Санариптик телерадио берүүнүн жана жазы тилкелүү радио мүмкүнчүлүгүнүн (интернет, мобилдик интернет) «техникалык» сыйышкандыгы маанилүү аспект, анда кол коюлган келишимдерге ылайык окшош каналдар (жыштыктар) бөлүштүрүлгөн. Аны чечүү үчүн берүүнүн белгилүү бир түрү боюнча «атаандаштардын» ортосунда жыштыктарды бөлүштүрүүнүн так механизмин иштеп чыгуу зарыл.

Техникалык көз караш менен алганда «санарипке» өтүү «сапаттуу» жаңы кызмат көрсөтүү түшүнүгү менен байланыштуу. Калкка ТВ-улоочу түзүлүштөрдү же жаңы телевизорлорду (орнотулган санариптик тюнерлер менен) ташып жеткирүүдө бул жаңы техникалык стандарттар (кысуу, таркатуу ж.б.) тикелей таасирин тийгизет. Санариптик телеберүүнүн техникалык өзгөчөлүктөрү жана ылайыктуу кабыл алуу жабдыктарына болгон талаптар боюнча кабылдагыч стандарттар тууралуу калкка, жабдыктарды алып келүүчү ишкерлерге, техникалык кызмат көрсөтүүлөргө (жеке жана мамлекеттик телерадиоберүү уюмдарындагы ж.б.) *маалыматты жеткирүү* менен байланышкан программалык иш-чаралар зарыл. Мындан сырткары, «санарипке» өтүү мөөнөтү, шарттары жана механизмдери, берүү наркы, жеке телерадиоберүү кызматтарынын бөлүктөрүн аз-аздан акы алуу принцибине өткөрүү жөнүндө маалыматтык-агитациялык мүнөздөгү чаралар керек.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде Кыргыз Республикасынын бирдиктүү маалымат мейкиндигин сактоо жана маалыматтык теңсиздигин жоюу санариптик берүү саясатын ишке ашыруунун негизги максаты болуш керек.

### 1.2.2 Учурдагы саясатка обзор

Учурдагы берүү саясатына обзор жогоруда көрсөтүлгөн саясаттын концептуалдык негиздерине ылайык келүүсү боюнча жасалат.

**А) Телерадиоберүү саясаты**

**Терминология**. Бир жагынан алганда, КР мыйзамында бир түрдүү эмес жана мыйзам түрүндө бирдиктүү бекитилбеген терминология колдонулат. Экинчи жагынан караганда, акыркы убактарда дүйнөлүк медиа мейкиндигинде көптөгөн жаңы терминдер жана түшүнүктөр киргизилип, көп түрдүү түшүндүрмөнүн айынан мамлекеттердин эл аралык милдеттерин аткарууларына тоскоол болууда. Мисалы, КМШ өлкөлөрүндө радиоуктуруу

дегенде үндүк берүүнү түшүнүшөт. Ошол эле учурда, дүйнөлүк тажрыйбада «радио» деген сөз радиотолкундарды колдонуу контекстинде колдонулат. Ошондой эле, дүйнөлүк тажрыйбада «берүү» (broadcasting) деген термин баарынан да көп колдонулат. Ал телевизиондук берүү (television broadcasting) жана үндүк берүү (sound broadcasting) болуп бөлүнөт. Кесиптик чөйрөдө кеңири колдонулуп келген санариптик телеберүү менен байланышкан башка дагы маанилүү терминдер азыркыга чейин деле Кыргыз Республикасынын мыйзамында жазыла элек.

**Саясаттын максаты**. Иштеп жаткан ченемдик укуктук актыларды анализдөө санариптик берүүнү өнүктүрүүнүн мамлекеттик саясатынын максаттарын аныктоодо бир түрдүүлүк жок экендигин көрсөттү. Ага санариптик берүүгө өтүү Программасы да кирет.

«Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө» Мыйзамдын 4 беренесинде телерадиоберүү тармагындагы мамлекеттин саясатынын негизги принциптеринин бири «Кыргыз Республикасынын жарандарынын маданий жана маалыматтык муктаждыктарын камсыз кылуу үчүн шарттарды (телерадиоберүү каражаттары аркылуу) түзүү» деп жазылган. Ал мааниси жагынан ушул саясаттын максаты болуп саналат.

**Саясаттын принциптери**. Иштеп жаткан телерадиоберүүгө тиешелүү ченемдик укуктук актыларда *ой-пикирлердин көптүгү принциби чагылдырылган эмес*. Санариптик берүүгө өтүү процесси коомдук-саясий, социалдык-экономикалык процесстерди, болгондо да, ар түрдүү көз караштарды ж.б. чагылдырган көптөгөн каналдардын пайда болуусуна өбөлгө түзөт. Санариптик телерадиоберүү сөз эркиндигин, массалык маалымат каражаттарынын эркиндигин жана маалыматтан колдонуу укугун коргоп жана аларды бекемдеген принциптерди жана нормаларды киргизүүгө өбөлгө түзөт. Мындан сырткары, санариптик берүүнү киргизүү бирдиктүү маалымат мейкиндигин сактоого жана маалыматтык теңсиздикти кыскартууга өбөлгө түзөт.

**Көрсөтүү процесси.** Телерадиоберүү жөнүндө мыйзамдарды кароонун жүрүшүндө берүү саясатында контентти даярдоо, анын маңызы, аны калыптандыруу менен аны таратууда – акыркы керектөөчүгө жеткирүүнүн ортосунда так айырмалоонун жок экендиги аныкталды. Ал өз кезегинде мамлекеттик жөнгө салуунун предметине жана механизмдерине «чаташууларды» киргизип, эки жолку жөнгө салууга шарт түзүүдө, мисалы, электр байланыш операторлору (лицензия берүү, жыштыктарды берүү) жана телерадио уюмдары (массалык маалымат каражаты катары). Контентти калыптандыруу менен аны жайылтуунун ортосунда чектин такталбагандыгы ачык маселе бойдон калууда. Учурдагы мыйзамдык аныктамада «телерадиоберүү» ар түрдүү иш-аракеттердин «кошундусун» түшүндүрөт (контентти калыптандыруу – ММКнын/телерадио уюмдарынын иш-аракеттери жана контентти жайылтуу – электрбайланыш операторлорунун иш-аракеттери).

**Көрсөтүү субъекттеринин ролдору (**контентти түзүүчүлөр, телерадио уюмдары жана электрбайланыш операторлору**).** 2007-ж. жарандык коомдун жигердүү катышуусу менен өлкөнүн парламенти КР жаңы «Кыргыз Республикасынын улуттук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» Мыйзамын кабыл алды. Ал телерадио уюмунун (УТРК) иш-аракеттерин жөнгө салат. Бул мыйзамдын маңызы Байкоочу кеңеш механизми аркылуу УТРКга коомдук башкаруу системасын киргизүү болгон. Бирок парламент таркагандан кийин мыйзам чыгаруучулардын жаңы курамы 2008-жылы июнда кеңири талкуу өткөрбөстөн «Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө» жаңы Мыйзам кабыл алып, ал УТРК жөнүндөгү мурунку Мыйзамды жокко чыгарат. Жаңы мыйзамдын кабыл алынышы

менен *«берүүчү»* [11] *түшүнүгүн аныктоодо «башаламандык»* пайда болду, анткени анда берүүчү телерадиопрограммаларды гана түзбөстөн, аларды (байланыш түйүндөрү аркылуу) жайылтат деп да түшүндүрүлгөн. Маңызы жана өз функциялары боюнча да электрбайланыш операторлору контентке (телерадиопрограммалардын мазмунуна) жоопту боло алышпайт, алар телекоммуникациянын техникалык каражаттарын колдонуу менен телерадиоканалдардын электр сигналын керектөөчүгө сапаттуу жеткирүүгө гана жооп бериши керек.

Көрсөтүү саясатына өзгөртүүлөрдү иштеп чыгуу маалында телерадио берүү чөйрөсүндөгү субъекттер ортосунда так чектерди кайра карап чыгуу жана аларды аныктоо талап кылынат:

а) берүүлөрдүн мазмуну, сапаты, «толтурулушу» жана саясаты үчүн телерадио уюмдарынын жана телерадиоканалдардын өзүлөрү жооп бериши керек;

б) абонент кабыл алган сигналдын сапаты жана анын техникалык стандарттарга ылайык келгендигине, түйүндө интерактивдик кошумча кызматтардын болушуна, абонент ала турган телеберүү каналдарынын санына электрбайланыш операторлору жооп беришет. Бул учурда электрбайланыш оператору ар түрдүү санариптик кызматтардын провайдерлеринен болуп калышат, анын ичинде телекөрсөтүү да бар.

Ошондой эле, байланыш операторлору өзүлөрүнүн каналдарынын санариптик түйүндөрүн кандай шарттар менен иштете тургандыгы тууралуу маселе да жөнгө салынган эмес. Мамлекет аларды иштетүүнүн так тартибин техникалык, каржылык жана бул процесстин башка аспектилерин белгилөө менен иштеп чыгуусу керек.

Интерактивдүү режимди туундурган санариптик берүүнү киргизүүдө калктын кызыкчылыктары дагы так аныкталып жана алар контентти маркировкалоо инструменти аркылуу, ата-энелик көзөмөл, келишимдик мамилелер (типтик келишим), керектөөчү/телекөрүүчү жөнүндө персоналдык маалыматтарды коргоо механизми аркылуу корголушу керек.

**Телерадиоберүүнүн субъекттери**. «Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө» Мыйзамдын күчү телекөрсөтүү жана радиоуктуруу тармагындагы субъекттер ортосундагы мамилелерге алардын менчик түрүнөн, түзүү максатынан, уставдык иш-аракеттеринин түрүнөн, керектөөчүлөрдүн массалык кабыл алуусуна каралган программаларды жана берүүлөрдү таратуу ыкмасынан көз каранды болбостон жайылтылат.

Бирок, ошого карабастан, бул мыйзамдын иши *кабелдик түйүндөрдө, IP-каналдар аркылуу, спутниктик системаларда жана Интернетте* берүүнү жүргүзгөн телекомпаниялардын ишмердүүлүгүнө жайылган эмес. Бул аларга мыйзамдын талаптарын аткарбоого мүмкүндүк берген - берүүнүн тили, ата-мекендик аудиовизуалдык продукциялардын саны, жеке

11 Телерадио берүүчү - программаны, берүүлөрдү түзүүчү (комплектөөчү жана/же пакеттөөчү) жана аларды керектөөчүлөрдүн кабылдоосу үчүн трансляциялоо жана кайра трансляциялоо жолу менен телерадио коммуникацияларынын техникалык каражаттарынын жардамы аркылуу ачык же коддоштурулган түрдө таратуучу субъект. Телекөрсөтүүчү жана радиоуктуруучу уюм - мыйзамда белгиленген тартипте катталган, жарандардын маалыматтык керектөөлөрүн канааттандыруу максатында түзүлгөн жана тийиштүү лицензиянын негизинде телерадио программаларды жана/же берүүлөрдү түзгөн же комплекттеген жана/же пакеттеген жана аларды телерадио коммуникацияларынын техникалык каражаттарынын жардамы аркылуу тараткан юридикалык жак (мекеме). Б.З. КР «Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө» Мыйзам. (2008)

өндүрүүлөрдүн көлөмү боюнча ченемдерди сактоо, ж.б. Бул нерсенин себеби берүү жөнүндө түшүнүктүн «даана эмес» экендиги болуп саналат, андан жогоруда айтылган мыйзамдын нормалары таркашы керек болгон телеканалдар жана телеуюмдар ага субъект катары кире тургандыктарын так аныктоо мүмкүн эмес.

Азыркы мыйзамда телерадиоберүү субъекттерине, өзгөчө, санариптик түйүндөрдөгү субъекттерге чектөө коюлган эмес; алардын жоопкерчилик алуу иштери так жазылган эмес. Мисалы, алар кайсы жерден жоопкерчилик алышат, эмне иштерди жасашат.

- авторлор, аудиовизуалдык чыгарылыштарды, телерадиопрограммаларды, телерадио берүүлөрдү даярдоочулар;
- телерадио уюмдары;
- электрбайланыш операторлору;
- жана башка маселелер.

**Көрсөтүүнүн аймактык, жамааттык субъекттери**. Бүгүнкү күнү алыскы жана географиялык жактан обочолонгон райондордо жашаган калкка маалыматтын оперативдүү булактарын жеткирүү мүмкүнчүлүгү өтө курч маселе бойдон калууда. Изилдөөлөр элеттик калк жашаган пункттардын көпчүлүк бөлүгү маалыматты ТВ жана «сарафандык радио»[12] аркылуу ала тургандыктарын көрсөтөт. Ошентсе да, бир нече жылдардан бери Кыргызстанда өзүлөрүн жамааттык радио катары аташкан бир катар кичи радиостанциялар ийгиликтүү иштеп келишет. Белгилүү бир жамаатка багытталган бул станциялар көпчүлүк убакта бир калктуу пунктун ичинде иш алып барышат. Бирок, мыйзамда азыркы убакка чейин бул станцияларга эч кандай аныктама берилген эмес. Ошондуктан, алар маңызы жагынан туура келбегендиктерине карабастан, коммерциялык жеке станциялар катары каттоодон өтүшөт жана лицензия алышат. Анткен менен жамаат деген түшүнүк мыйзамдарда жазылган[13].

Ушуга байланыштуу санариптик берүүгө өткөндөн кийин ЮНЕСКОнун[14] жана Эл аралык электрбайланыш кеңешинин жасаган сунуштарында бошогон жыштык ресурстарды жамааттык кичи радиостанцияларды өнүктүрүүгө багыттоого артыкчылык берилген. Ошондой эле, «Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында муниципалдык жана жамааттык телерадио уюмдар эмне экендигине так аныктама берүү, алардын коммерциялык эмес уюм катары укуктук формасын аныктоо зарылчылыгына убакыт келип жетти.

**Көрсөтүүнү жөнгө салуу предмети.** Азыркы учурда телерадиоберүү чөйрөсүндө бир эле чөйрөнүн ишмердүүлүгүн эки ченемдик акт жөнгө салган абал пайда болду: «Электр жана почта байланышы жөнүндө» мыйзам жана «Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө» мыйзам, ал эми лицензия жана уруксат берүүдө жакында эле кабыл алынган «Лицензиялык-уруксат берүү системасы жөнүндө» мыйзам. Ошол эле маалда, контент массалык маалымат каражаты жөнүндө мыйзам менен жөнгө салынат. Ушуга байланыштуу бул мыйзамдардын иштөө чөйрөлөрүн (техникалык, жөнгө салуучулук жана контенттик бөлүктөрдү) так аныктоого болгон зарылчылык келип чыкты, ал Кыргыз Республикасында санариптик берүүнүн жакшыраак динамикалык өнүгүүсүнө шарт түзүүгө мүмкүндүк берет.

12 Маалыматтын калкка жеткиликтүүлүгү жөнүндө отчет. КФ «Медиа Консалт». 2014.
13 КР «Жамааттар жана алардын бирикмелери жөнүндө» Мыйзам, 2005.
14 World Trends in Freedom of Expression and Media Development. UNESCO. © UNESCO 2014. ISBN 978-92-3-001201

Көрсөтүүнүн көлөмү. «Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө» мыйзамдын 8 жана 8-1 беренелери берүүнүн тили, телекомпаниянын өзүнүн продукциясынын көлөмү, ата-мекендик аудиовизуалдык продукциянын көлөмү, этникалык азчылыктардын тилдеринде берүүлөр, дублированиени жана сурдологиялык котормону колдонуу сыяктуу маанилүү учурларды аныктаган. Ченемдердин бири ар бир телерадиокомпанияны эфирдин 50 пайызынан кем эмесин өзүнүн продукциясы[15], программалардын/берүүлөрдүн 50 пайыздан көбүрөөгү кыргыз тилинде болуусун милдеттендирет. Азыркы учурда бул ченем телерадио уюмдар үчүн аткарууга татаал болууда.

Мисалы, күнүмдүк эфирдин 18 сааттык режиминде (таңкы саат 6дан түнкү 12ге чейин) ар бир компания өзүлөрүнүн программаларын жана берүүлөрүн күнүнө 9 сааттан кем эмес чыгарышы керек. Бирок, мындай өндүрүштүк көлөм үчүн кызматкерлердин, өндүрүштүк аянттын, техникалык жана каржылык булактардын саны көп болушу талап кылынат. Ошондуктан, телекомпаниялар көптөн бери эле контентти жеке продакшн-студиялардан сатып алуу системасына өтүшүп, өзүлөрүнө өтө талап кылынган автордук жана маалыматтык программаларды гана калтырышкан.

Коомдук консультациялардын жүрүшүндө телерадио уюмдардын эфирдик убактыларынын жалпы көлөмүндө чет элдик телерадиоканалдарды кайра трансляциялоого чек коюлбагандыгы («Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө» мыйзам, 20 берене) ата-мекендик контентти жана мамлекеттик тилдеги программаларды көбөйтүү боюнча жогоруда айтылган ченемге жетишүүнү стимулдаштырбай тургандыгы аныкталды. Азыркы учурда чет элдик телеканалдарды толугу менен кайра трансляциялоону жүргүзгөн телерадио уюмдары жарнаманы эч кандай чек койбостон беришүүдө. Бул ата - мекендик телерадио уюмдары үчүн жарнамалык бюджеттерди түз тартууну стимулдаштырбайт жана теңсиз шарттарды жаратат, анткени, демөөрчүнүн брендине (товардык белгисине) жана жарнаманын заказчиктерине керектүү шилтемелерди киргизүүгө уруксат берилбейт.

Изилдөөлөрдүн биринин жыйынтыктары[16] балдарды ММКнын зыяндуу маалыматтарынан сактоо мамлекеттин кийлигишүүсүн талап кыла тургандыгын көрсөтөт. Ал өспүрүм балдардын физикалык, интеллектуалдык жана руханий өнүгүүсүнө зыян алып келе турган телепрограммаларды жана телеберүүлөрдү трансляциялоого атайын эскертүү киргизүү аркылуу мүмкүн болот. Атайын эскертүүчү тексттердин, белгилердин жана маркировкалардын жоктугу эфирге зыян алып келүүчү контенттин кирүү коркунучун жаратат.

«Кыргыз Республикасынын лицензиялык – уруксат берүү системасы жөнүндө» мыйзамын кабыл алуу менен мурунку берилген жыштык ыйгарымдарын телерадиокомпаниялардын лицензиялык милдеттенмелерин бузган учурда гана алып таштоого же өзүлөрүнүн эрки менен берүүгө мүмкүн боло турган фактынын өзү санариптик берүүнү өнүктүрүүдө олуттуу тоскоолдук болуп эсептелет. Анткени, азыркы учурда санариптик берүүнү өнүктүрүү үчүн ошол эле жыштыктар колдонулат. Телерадиоберүүчүлөрдүн бири дагы жыштыктарын өз эрки менен «бергилери» келбегендиги айдан ачык, ал эми мамлекет бул жыштыктарды

15 Ар бир телерадио уюмунун берүүлөрүнүн жалпы көлөмүндө жана убактысында программалардын жана берүүлөрдүн жарымынан ашууну мамлекеттик тилде жүргүзүлүүгө тийиш, 50 пайызынан кем эмеси өзүнүн продукциясы жана 60 пайыздан кем эмеси - улуттук аудиовизуалдык продукт же Кыргызстандын авторлорунун же болбосо аткаруучуларынын музыкалык чыгармалары болууга тийиш.

16 Балдарды зыян алып келүүчү маалыматтардан сактоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуудагы ыкмалар. Аналитикалык отчет. АСИМО, «Сорос Кыргызстан» Фондунун каржылык колдоосу менен ишке ашкан, 2013.

алуу же алардын иштөө мөөнөттөрүн узартпоо боюнча чечим кабыл алуусу керек болот. Мындан сырткары, мыйзамдагы чектелген мамлекеттик ресурска (радиожыштык спектри) лицензияларды берүү деп киргизилген процедура дагы талашып тартышууну жаратат: Кыргыз Республикасынын «Лицензиялык – уруксат берүү системасы жөнүндө» мыйзам ченемге ылайык, лицензия сынактык негизде эмес, заявкалык принцип менен берилет (лицензияны алуу боюнча заявканы биринчи киргизген субъектке).

Көрсөтүүнүн тили, дубляж жана сурдологиялык котормо. Санариптик технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен көрсөтүүнүн тили, дубляж жана сурдологиялык котормо менен камсыз кылуу мүмкүнчүлүктөрүнүн ыкмаларын кайра карап чыгуу керек, анткени, аларды аналогдук көрсөтүүдө түзүүдө техникалык жана каржылык кыйынчылыктар чыгып турчу. Заманбап санариптик берүү телекомпанияларга сигналга кошумча үндүк жолчолорду жана катылган субтитрлерди программаларды же берүүлөрдү түзүү маалында эле жайгаштырууга мүмкүнчүлүк берет.Алардын саны телекомпаниянын өзүнүн мүмкүнчүлүгүнөн гана көз каранды болот[17]. Негизинен, «санарип» максималдуу түрдө мамлекеттик тилде көрсөтүүнү камсыз кылууга техникалык мүмкүнчүлүк берет (көп каналдуу үндүк коштоонун, субтитр берүүнүн эсебинен).

Субтитрлердин тили, анын ичинде мамлекеттик тилдеги субтитрлер дагы ар түрдүү болушу мүмкүн[18]. Бул, программаны мамлекеттик тилде берүүдө анда ар кандай башка тилдеги субтитрлери бар файл камтылышы мүмкүн дегенди түшүндүрөт. Ошол эле маалда, эгерде, берүүлөр башка тилде иштелип чыккан болсо, аларды дароо мамлекеттик тилде кошумча үндүк жолчо менен түзүүгө болот.

Техникалык регламент жана сертификация аркылуу көңүл бура турган бир гана талап бул көрсөтүүнүн бардык этаптарында *бирдиктүү технологиялык системанын* болушу, ага код берүү сигналдары да кирет: программаны түзүүдө, аны берүү сеткасында калыптандырууда, аны оператордун көрсөтүү түйүнү аркылуу жеткирүүдө, аны керектөөчүнүн улоочу түзүлүштөрүндө же телевизорлорунда кабыл алуусунда.

Коомдук консультациялардын жана интервьюлардын жүрүшүндө айтылган медиа эксперттердин ой-пикири боюнча, мамлекеттик электрбайланыш операторлорунун объективдүү себептерден монополия кылуусунан жана альтернативдик электрбайланыш

---

17 «Euronews» телеканалынын үлгүсү бир көрүнүш менен онго чейин үндүк жолчолорго берүүгө толук мүмкүн экендигин көрсөтөт. Жыйынтыгында, телекөрүүчү каналдын тилин өз алдынча тандоого мүмкүнчүлүк алат.

18 Санариптик өндүрүшкө өткөндө студиялар өзүлөрүнө көрсөтүү сеткасынын пакеттешкен системасын киргизе башташат, башкача айтканда, санариптик программаны түзүү стадиясында даярдалган тексттерди репортаждарга же берүүлөргө «кошуп байлоо» мүмкүн. Бул текст – ар дайым катышып турчу файл, аны телекөрүүчүлөрдүн улоочу түзүлүштөрү катылган субтитр катары таанып, ал телекөрүүчүнүн тандоосу менен чагылдырылышы мүмкүн. Эң башкысы – бирдиктүү технологиялык жактан жарактуу системанын программаны түзүүдө, берүү сеткасында калыптандырууда, оператордун көрсөтүү түйүнү аркылуу жеткирүүдө, керектөөчүнүн улоочу түзүлүштөрүнүн же телевизорлорунун кабыл алуусунда болгондугунда. Заманбап мүмкүнчүлүктөрдү эске алганда бул файлдар текстти бир тилден автоматтык түрдө которуу программасын камтый алышат. Бул учурда, программаны мамлекеттик тилде көрсөтүүдө анда ар кандай тилдеги субтитрлердин файлы болушу мүмкүн. Ошол эле учурда, эгерде, берүү башка тилдерде түзүлсө, анда аларды дароо кошумча үндүк жолчо менен мамлекеттик тилде түзүүгө болот. Анда керектөөчүнүн 100 пайызга мамлекеттик тилде көрсөткөн каналды алууга мүмкүнчүлүгү болот. Бул ар кандай программаларды жана берүүлөрдү түзүү маалында кыргыз тилин жайылтуу ыкмасын түп тамыры менен өзгөртөт.

операторлору пайда болгонго чейин, ага кармоо жана теңдөө механизмдерин киргизүү талап кылынат, ал механизмдер телерадио уюмдарына, өзгөчө мамлекеттик эмес телерадио уюмдарына код киргизүү сигналдары аркылуу мүмкүн болгон административдик жана башка кысым көрсөтүү коркунучтарын азайтууга багытталат.

**Каржы булактары.** Бюджеттик каражат бөлүүнү, абоненттик төлөмдү, өндүрүштөн жана жарнаманы көрсөтүүдөн, заказ менен түзүлгөн телерадиопрограммалардан, мыйзам чегинде жана уставдык ишмердүүлүктүн алкагында түшкөн каражаттарды, кредиттерди, инвестицияларды, демөөрчүлөрдүн, кайрымдуулук уюмдарынын төлөмдөрүн, ж.б. телерадио уюмдарына каржылоо булактары катары колдонууга мыйзам жол берет.

Анткен менен, «Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө» мыйзамдын демөөрчүлөрдүн программаларды жана берүүлөрдү түзүүгө катышуусун жөнгө салган 33-беренесинде өтө катаал чектөөлөр коюлуп, потенциалдык демөөрчүгө ата-мекендик аудиовизуалдык продукцияларды каржылоо үчүн кызыкчылык жаратпайт. Мисалы, бул ченемдерге ылайык, программаларды же берүүлөрдү трансляциялап жаткан учурда ар кандай түрдө же ар кандай ыкмалар менен демөөрчүлөр тууралуу маалыматты билдирүүгө тыюу салынат. Ошондой эле, демөөрчү тарабынан каржыланган телерадио программалар жана берүүлөр же алардын курамдык бөлүктөрү товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн аталышына карата түз же кыйыр шилтемелерди камтыбоосу керек. Демөөрчүнүн реквизиттери (дареги, телефону, эсептик дареги ж.б.), ошондой эле товардын же кызмат көрсөтүүнүн керектөөчүлүк сапаттары көрсөтүлбөшү керек. Ошентип, мыйзам демөөрчүлөрдү жергиликтүү телерадио уюмдарын, анын ичинде контентти жаратууну каржылоону стимулдаштырбайт.

Телевидение коомдук жыргалчылык катары кабыл алынган жана керектөөчүлөрдүн көпчүлүк бөлүгү ТВ жана радио үчүн төлөөгө даяр эмес, абоненттик төлөм тууралуу айтканга да болбой турган шарттарда жергиликтүү телерадио уюмдар жана телерадиоканалдар үчүн ченемдик укуктук актыларды өзгөртүү зарылчылыгы өсүп жатат. Өзгөртүүлөр инвестиция тартууга стималдаштыруу, кайрымдуулук, демөөрчүлүк жана жарнамалык бюджеттерди кайра трансляция кылынган чет элдик телерадиоканалдардан ата-мекендик телерадиоканалдарга жана телерадио уюмдарына буруу үчүн шарттарды түзүү менен байланышуусу керек.

**Керектөөчүлөр/телекөрүүчүлөр жана алардын каалоолору.** 2011-жылдагы көз карандысыз изилдөөлөрдүн маалыматтары[19] (Сүрөт 1.) Кыргыз Республикасында калк үчүн маалымат алуунун негизги булагы мурункудай эле телерадиоберүү (жооп бергендердин ичинен: телевидение – 88,2% жана радио - 30%) экендигин тастыктайт.

Телекөрсөтүү булактарынын ичинен калк көпчүлүк деңгээлде аналогдук телекөрсөтүүнү колдонушат. Аймактарда эл аналогдук көрсөтүү менен катар эле *спутниктик ТВны* активдүү колдонушат. Аны менен бирге эле, көп сандагы каналдарды көрүүгө мүмкүнчүлүк болгондугуна карабастан, калктын көпчүлүк бөлүгү спутниктик каналдарды *акысыз негизде* (ачык каналдарды) көрүүнү каалашат. Анткени, алар үчүн төлөш керек (жарактуу төлөм карталарын алуу аркылуу).

19 Медиа аудиториянын жүрүм-турумдарын жана кабыл алууларын баштапкы изилдөө. 2011. Консалтингдик агенттик «М-вектор». USAID долбоору.




*Сүрөт.1. КР калкынын маалымат алуу булактары*

Алардын көпчүлүгүнүн түшүнүгү боюнча телекөрсөтүү, төлөш керек болгон кызмат көрсөтүү эмес, коомдук жыргалчылык болуп саналат. Спутниктик ТВнын контентине байланыштуу дагы бир эскертүү – анда чет элдик каналдар гана көрсөтүлгөндүгүндө, ата-мекендик, анын ичинде аймактык телеканалдар дээрлик толугу менен жокко эсе. Изилдөөнүн жыйынтыктары жергиликтүү телеканалдар 10-20 мүнөт гана берилип жаткандыгына карабастан, аларга болгон кызыгуулар өтө жогору экендигин да көрсөтөт.

Бишкек шаарында аналогдук көрсөтүүдөн сырткары *кабельдик, спутниктик жана Интернет ТВ* (Табл. 1). [20] пайдаланган көрүүчүлөр бар. Кабельдик ТВнин жана Интернет-ТВнин курамында борбордук кыргызстандык жана чет элдик телеканалдар бар, бирок аймактык каналдар киргизилген эмес.

*Таблица 1. Телевидениенин ар кандай түрлөрүнүн жайылуу деңгээли, в %*

| Область | Дециметрдик | Кабельдик | Спутниктик | Интернет ТВ |
|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 77.4 | *17.3* | 5.1 | 4.5 |
| Ош ш. | 99.0 | 0.6 | 6.2 | |
| Чүй | 94.7 | 0.4 | 13.8 | |
| Талас | 93.2 | 4.8 | *16.5* | |
| Ысык-Көл | 95.0 | | 14.9 | |
| Баткен | 97.4 | 0.5 | 11.0 | |
| Жалал-Абад | 99.7 | 0.3 | *19.7* | 0.7 |
| Ош | 100 | | 3.4 | |
| Нарын | 98.9 | | 7.2 | |
| Шаар | 87.5 | 8.1 | 12.0 | 2.1 |
| Айыл | 98.2 | 0.6 | 9.9 | 0.2 |
| Кыргызстан боюнча бардыгы | 94.4 | 3.3 | 10.7 | 0.9 |

20 Медиа аудиториянын жүрүм-турумдарын жана кабыл алууларын баштапкы изилдөө. 2011. Консалтингдик агенттик «М-вектор». USAID долбоору.

Анткен менен, эксперттер төлөнө турган телекөрсөтүү рыногунун сегменти (кабельдик, спутниктик жана Интернет ТВ) убакыттын өтүшү менен өз аудиториясын көбөйтөт деп болжолдошот.

Кабельдик түйүндөрдө санариптик сапаттагы каналдардын пакети пайда болду («Ала ТВ» санариптик пакеттин 100дөн ашык каналдары), IPTV түйүндөрүндө (мисалы, «Акнет» провайдер) салыштырмалуу мурунтан бери санариптик каналдарды көрсөтүшүүдө (60тан 115 каналга чейин), интернет-колдонуучулар «санариптик» сапаттагы фильмдерди жана берүүлөрдү көптөн бери көрүп жатышат. Азыркы күнү, эксперттердин ой-пикири боюнча, санариптик телекөрсөтүү калктын өсүп жаткан муктаждыктарын толугураак түрдө канааттандыруу маселелерин чечүүдө эң бир артыкчылыктуу тандоолордун бири болуп саналат (программалардын саны жана ар түрдүүлүгү боюнча, аларда көңүл бурдуруучу контенттин болгондугу, көрүнүштөрдүн жана үндүн жогорку сапаты, ж.б.)

*Телекөрсөтүүнүн негизги курактык аудиториясы 35-40 жаштан жогору.*[21] *Жаштар ТВ көрбөй башташты, алар интернетти жана мобилдик гаджеттерди каалашат. Интернеттин өнүгүүсүнүн жана анын жашоого киришинин абдан тездигин эске алуу менен (калктын 28,3% Интернетти колдонушат)*[22]*, алар санариптик форматтагы жер бетиндеги эфирдик берүү менен салыштырмалуу керектөөчүлөр тарабынан көбүрөөк тандалышы мүмкүн. Мына ушул кырдаал эфирдик санариптик телерадиокөрсөтүүгө өтүү долбооруна экономикалык баа берүүнү талап кылат.*

Керектөөчүлөр/телекөрүүчүлөр көрсөтүүнү акысыз негизде берилиши керек болгон **коомдук жыргалчылык** катары кабыл алышат. Санариптик берүүгө өтүүдө санариптик кабылдагычтарды (санариптик телевизорлорду, улоочу түзүлүштөрдү) алууга мүмкүнчүлүгү жок, биринчи кезекте, чек арага жакын жайгашкан райондордогу социалдык аялуу топтордун кызыкчылыктарын эске алуу керек.

«Санарипке» өтүүдөгү эң маанилүү маселе калктын ТВ-улоочу түзүлүштөрү менен камсыздандырылбагандыгы менен байланышпайт. Кыргызстанда ТВга улоочу түзүлүштөр өндүрүлбөйт, ал эми импорттук телевизорлорго улоочу түзүлүштөрдү алып келүүдө 10% бажы төлөмү алынат. Эксперттердин баа берүүсү боюнча алардын баасы кыргызстандык рынокто 70 $га жакын, ал көпчүлүк кыргызстандык жер бетиндеги санариптик берүүнү колдонууну каалаган абоненттер үчүн жетишээрлик эле жогору баа болуп саналат. Ошол эле маалда, коңшу өлкөлөрдүн (РУз, РТ) санариптик берүүлөрү үчүн пайдаланылуучу улоочу түзүлүштөрдүн баасы 1500 сомдон (30 $га жакын) башталат. Кыргызстанга келген телевизорго улоочу түзүлүштөрдүн баасынан 10% бажы төлөмүн «алып салган» күндө да алар баары бир чет элдик улоочу түзүлүштөр менен атаандаштыкка жөндөмсүз.

Баа маселеси 1.2 млн. телевизиондук кабылдагычтары[23] жана $30 баадагы улоочу түзүлүштөрү бар калк үчүн кем дегенде **$36 млн**. түзөт. Бул байланыш системасына багытталган коммерциялык структуралардын кызыкчылыктарын туудурат жана аларды чечимдерди кабыл алууда мүмкүн болгон иш-чараларга түртөт.

21 Медиа аудиториянын жүрүм-турумдарын жана кабыл алууларын баштапкы изилдөө. 2011. Консалтингдик агенттик «М-вектор». USAID долбоору.

22 http://profit.kz/news/9497/Regulyarnaya-auditoriya-interneta-v-Kirgizstane-sostavlyaet-28-3-naseleniya/

23 Булак: КР Улуттук Статистикалык Комитети, 1994-2013.

Азыркы учурда Маданият, маалымат жана туризм министрлиги тарабынан КР «Эфирдик жер бетиндеги трансляциянын программаларынын социалдык пакети жөнүндө» Токтомунун долбоору иштелип чыкты. Социалдык пакет мамлекеттик маалымат саясатын калыптандыруунун негизги каражатынын ролун ойнойт жана калктын маалыматка болгон муктаждыктарын канааттандыруу боюнча мамлекеттик берүү уюмунун милдеттүү функциясын аткарууда. Социалдык пакет акысыз түрдө берилет, ал эми социалдык пакетти берүү боюнча каржылык чыгымдарды мамлекет өзүнө алат. Ченемдик-укуктук актынын бул долбоору социалдык пакетти калыптандыруу принциптерин, аны жайылтуу жана каржылоо шарттарын, аларды көрсөтүүгө болгон техникалык талаптарды жана социалдык пакетке кире турган программалардын тизмесин аныктайт. «Кыргызтелеком» ААКнун алдында өлкөнүн 95% калкын социалдык пакет менен камсыз кылуу милдети коюлган. Азыркы учурда документтин долбоору кароо стадиясында турат.

Социалдык пакеттеги телеканалдардын тизмесин түзүүдө биринчи кезекте улуттук кызыкчылыктарга жана калктын маалыматка болгон муктаждыктарына көңүл буруу абдан маанилүү. Социалдык пакетке чет элдик каналдарды киргизүү азыркы учурда коомдо талкуу жараткан маселе болуп эсептелет. Бул маселенин маанилүүлүгү эмоцияга алдырбастан чечимдин жакшы жана жаман жактарын тең салмактап кароодо жана убактылуу чараларды көрүүнүн мүмкүндүгүн экендигинде турат.

Жеке телерадиоберүүчүлөр тарабынан камсыз кылынуучу башка каналдар акы төлөө негизинде көрсөтүлөт. Кээ бир телерадио уюмдары мамлекеттик эмес санариптик түйүндү («Санариптик технологиялар» оператору аркылуу) түзүүнү каржылай албай тургандыгы айдан ачык, алардын айрымдарына «Кыргызтелеком» ачык акционердик коомунун түйүнүнө «кирүүгө» туура келет. Бул жерде алар үчүн байланыш кызматтарын көрсөтүү тартибин, ошондой эле, уруксат берилген монополист - мамлекеттик байланыш операторунун (РПО РМТР) тарифтик саясатын аныктоо маселеси бар. Мындай масштабдагы монополисттин ишмердүүлүгү ылайыктуу антимонополиялык жөнгө салууга муктаж. Анын ишмердүүлүгү тарифтерди мамлекеттик жөнгө салууну гана эмес, ошондой эле, «Кыргызтелеком» ААК түйүнүнө жеке, аймактык жана керек болсо муниципалдык көрсөтүүчүлөрдү киргизүүнүн так процедураларын да камтыйт.

Ошондой эле, жеке инвестицияларды тартуу чөйрөсүндө дагы тоскоолдуктар бар. Алар потенциалдык инвесторлорду качырат. Мисалы, сынактын жеңүүчүсү 2016-жылга карата Кыргыз Республикасындагы *бардык калктуу пункттарды* санариптик телекөрсөтүү менен кем дегенде бир мультиплексте камсыз кылууга жоопкерчилик алдырган талап[24]. Бул шартты практика жүзүндө ишке ашыруу мүмкүн эмес, анткени, Кыргызстанда азыркыга чейин электр жарыгы менен камсыз болбогон ондогон калктуу пункттар бар. Бул жаатта, эксперттердин ойлору боюнча, санариптик берүү менен бардык калктуу пункттарды камтуу тууралуу эмес, облустук борборлорду жана өлкөнүн жалпы калкынын калктуу пункттардагы 50%дан кем эмес жашоочуларын камтуу тууралуу сөз кылууга болот.

Дагы бир маанилүү эскертүү санариптик телерадиоберүүнүн калк үчүн төлөмдүк негизде же бекер болгондугуна байланыштуу. Кыска мөөнөттүү убакта акысыз (калк үчүн) телекөрсөтүү эң жакшы эмес, бирок, кыргызстандык санариптик берүүнүн жан сактоосундагы

24 КР Өкмөтүнүн токтому, «174-230 МГц жана 470-790 МГц жыштык тилкелеринде санариптик жер бетиндеги эфирдик көрсөтүү үчүн радиожыштык булактарын колдонуу укуктарын алууга сынак өткөрүү жөнүндө» долбоор: http://mtc.gov.kg/ru/page/455.html

зарыл болгон атаандаштык шарт болуп саналат. Бирок, узак мөөнөттүү убакта санариптик телерадиоберүү кызматтарын, анын ичинде кызмат көрсөтүү үчүн абоненттик төлөмдү да, монетизациялоого шарттарды түзүп баштоо керек. Бул учурда үч вариант мүмкүн: авансытык төлөмдөр, кызматтан колдонуу фактысы боюнча төлөө, постфактумдук төлөмдөр.

**Б) Техникалык жөнгө салуу саясаты**

**Лицензия берүү саясаты**. Бардык катышкан тараптардын жалпы пикири боюнча телерадиокомпаниялардын ишмердүүлүгүн жөнгө салган механизм болушу керек. «Санарипке» өтүшкөн өлкөлөр бул маселени такыр башкача чечишкен. Кээ бир өлкөлөрдө бир гана лицензия (оператор) берилет, ал эми башка мамлекеттерде үч лицензия (оператор, телекомпания жана өндүрүүчү) алуу зарыл болот. Лицензия берүү ыкмасын тандоо, биринчи кезекте, берүү рыногунун өзү кандай калыптангандыгы менен түшүндүрүлөт.

Көрсөтүү коомдук жыргалчылык болгондуктан көпчүлүк өлкөлөрдө «санарипке» өтүү процесси мамлекеттин толук монополия кылуусу менен өткөн жана өтүп жатат. Мындай учурда да мамлекет санариптештирүүгө кеткен бардык чыгымдарды өзүнө алат, анын ичинде, жеке станциялардын чыгымдары боюнча да. Көпчүлүк убакта бул аларга эл аралык келишимдер боюнча болгону 3-5 мультиплекстер гана бөлүнгөн фактысы менен негизделет.

Кыргызстан улуттук камтууну караган 14 мультиплексти жана өлкөнүн башка аймактарын камтыган 45 мультиплексти алды. Мамлекет программалардын социалдык пакети жөнүндө гана камкордук алат, анткени, маалыматтын милдеттүү булагынан акысыз колдонуу – жарандардын ажыраткыс укугу. Бул пакетти Биринчи мультиплекс деп атоого болот.

Бирок, жалпысынан бул – бюджеттик каржылоонун чектелген мүмкүнчүлүктөрүн эске алганда мамлекеттин чамасы келбей турган өтө орчундуу жыштык булагы. Мындай учурда атаандаштык чөйрөдө жана атаандаштык негизде иштей турган телерадиоберүүнүн альтернативдүү операторлорун тартуу, контентти чыгаруучу студияларды өнүктүрүү зарыл. Бул учурда да ылайыктуу шарттарды түзүүдөн сырткары *көрсөтүү процессинин ар бир этабында мамлекеттин техникалык жана контенттик жөнгө салуу түрлөрүн жана ыкмаларын так белгилөө жана аныктоо* зарыл.

**Лицензия берүүнүн предмети, объектиси жана процедурасы.** Мыйзамга ылайык 1998-жылга чейин берүүчүлөр юстиция органдарынан массалык маалымат каражаттары катары каттоодон өтүшү жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик электрбайланыш инспекциясынан жыштык алуу үчүн уруксат алуулары керек болгон. Уруксаттын мөөнөтү чексиз болгон жана аны заявка берүү принциби менен алышкан. Ал убакта берүүчүлөрдүн ишмердүүлүктөрү 1992-жылдагы КР «Массалык маалымат каражаттары жөнүндө» мыйзамынын негизинде гана жөнгө салынчу.

1998-жылы бир катар жаңы ченемдик укуктук актылар киргизилип, алардын негизинде телерадиоберүүчүлөрдү жөнгө салуу саясаты өзгөргөн. Мындай ишмердүүлүктү жүргүзүү үчүн телерадиоберүүнүн субъекттери жоопту орган катары Мамлекеттик байланыш агенттигине массалык маалымат каражаты катары каттоодон өткөндүгү тууралуу күбөлүгүн берүү менен телерадиоберүү үчүн ишкердүүлүктүн жаңы түрү катары *Лицензия* алууга милдеттүү болуп башташты. Ал талап телерадиокомпанияларына дагы, электрбайланыш операторлоруна дагы бирдей коюлган. Ошондой эле, алардын көрсөтүү технологияларына жараша радиожыштык булагына (жыштык тилкеси) жана жыштыкты ыйгарууга (конкреттүү түзүлүш) уруксат алуу зарылчылыгы киргизилди. Анын менен бирге, ыйгарым укуктарына техникалык (бирок

контенттик эмес) маселелерди жөнгө салуу кирген Мамлекеттик байланыш агенттиги лицензия берүүчү жооптуу орган болуп калды. Ушул учурдан баштап электрбайланыш операторлору (контентти таратуучулар) дагы, телерадио уюмдары (контентти түзүүчүлөр) дагы лицензия алышат.

Ушундай эле жөнгө салуучулук схема жаңы «Кыргыз Республикасынын лицензиялык – уруксат берүү системасы жөнүндө» мыйзамда да сакталган (радиожыштык спектрин колдонуу үчүн лицензия дагы), анткени, азыркы мыйзамга ылайык *телерадиоберүү өзүнө «программаларды, берүүлөрдү түзүүнү жана аларды таратууну» камтыйт*[25].

Ошентип, «телерадиоберүүнүн» жалпы түшүнүгүнө иш-аракеттердин 2 башка түрлөрү киргизилген:

- телерадиокомпаниялардын ишмердүүлүктөрүнө тиешелүү программаларды жана берүүлөрдү түзүү (алар тарабынан каттоодон өткөн ММК);
- программаларды жана берүүлөрдү таратуу электрбайланыш операторлоруна тиешелүү (ал эми санариптик түйүндөрдө телерадиоканалдардын сигналын керектөөчүгө жеткирүү башка технологиялар менен ишке ашырылат – спутниктик берүү, кабельдик түйүндөр, интернет-берүүлөр (IP-түйүндөр), ал байланыш операторлорусуз мүмкүн эмес).

Аны менен бирге, электрбайланышы жөнүндө мыйзамга ылайык телерадиопрограммаларды таратуу (кабыл алуу жана берүү) электрбайланышына карайт жана электрбайланыш операторлору тарабынан көрсөтүлгөн **электрбайланыш кызматы** болуп саналат. Ал байланыштар боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган (Мамлекеттик байланыш агенттиги) тарабынан бериле турган лицензиянын (электрбайланышы же маалыматтарды берүү үчүн) болушун талап кылат. Башкача айтканда, электрбайланыш кызмат көрсөтүүлөрүнүн түрлөрү (телерадиопрограммаларды таратуу) телерадиоберүүнүн ишмердүүлүгүнө негизсиз киргизилген.

Жыйынтыгында телерадиоберүүгө, ал электрбайланыш кызматы болуп саналбайт, **бир гана программаларды жана көрсөтүүлөрдү калыптандыруу** кириши керек (электрбайланыш түйүндөрү аркылуу керектөөчүгө чейин таратылган контентти түзүү).

Аны менен бирге **контентти – программаларды жана берүүлөрдү түзүү үчүн лицензия алуунун** лицензия берүү тууралуу мурунку[26] дагы, жаңы[27] дагы мыйзамдын мааниси жагынан **максаттуу** экендиги күмөн жаратат. Программаларды жана берүүлөрдү түзүү «адамдардын өмүрүнө жана ден-соолугуна, айлана чөйрөгө, менчигине, мамлекеттик коопсуздукка зыян» келтире албайт жана бул иш-аракетти лицензиялоо үчүн эч кандай укуктук негиздер жок.

---

25 Кыргыз Республикасынын «Лицензиялык – уруксат берүү системасы жөнүндө» мыйзамынын 15-беренесинин 14 подпункту

26 Статья 3 «Лицензиялоонун негизги принциптери», Лицензиялоо жөнүндө Мыйзам, 03.03.1997 №12: Иштин түрлөрү боюнча лицензиялык тартипти киргизүү же болбосо аны жоюу ушул Мыйзам тарабынан белгиленет жана мамлекеттик коопсуздукка, мамлекеттик монополияны ишке ашырууга, укук тартибин камсыз кылууга, айлана-чөйрөнү, менчикти, жарандардын өмүрүн жана ден соолугун коргоого байланыштуу жүргүзүлүшү мүмкүн.

27 Кыргыз Республикасынын« Лицензиялык – уруксат берүү системасы жөнүндө» мыйзамы, статья 1, 19-октябрь 2013-жыл N 195: Иштин, аракеттердин жана операциялардын айрым түрлөрүн лицензиялоо адамдардын өмүрүнө, ден соолугуна, айлана-чөйрөгө, менчикке, коомдук жана мамлекеттик коопсуздукка зыян келтирүүнүн алдын алуу, ошондой эле чектелген мамлекеттик ресурстарды башкаруу максатында жүзөгө ашырылат.

Жыйынтыгында «телерадиоберүү» ишмердүүлүгүнүн түрүнө лицензия берүүнүн азыркы нормасы укуктук коллизиялардын келип чыгуусуна алып келет.

Башка жагынан да алганда, Кыргыз Республикасынын «Лицензиялык – уруксат берүү системасы жөнүндө» мыйзамы сунуштаган чектелген мамлекеттик ресурс катары радиожыштык спектрин колдонууга лицензияларды берүү процесси заявка берүү принцибине негизделген, башкача айтканда, субъекттерге ачыгыраак жана «түшүнүктүүрөөк» процессти камсыз кыла турган сынак же аукцион боюнча тандоо механизмисиз жүргүзүлөт. Мындай абалда жыштыктарды берүү тууралуу чечим жөнгө салуучу эмес, таасир берүү каражаты катары саясий мүнөзгө ээ деген пикир жаралат, анын ичинде электрондук ММКна да. Андан сырткары, Кыргызстанга бекиген жыштыктардын тизмеси ачык булактарда дароо эле жабык документ болуп калды. Ошондой эле, мыйзамга ылайык Мамлекеттик байланыш агенттиги заявка берилген убакыттан кийин 30 күндүн ичинде чечим чыгарышы керектигине карабастан, заявка берүүчүлөр чечимдерди жылдап күтүшөт (ведомство аралык жана мамлекеттер аралык узак келишимдик процесстерден улам)[28], ал өз кезегинде, лицензия берүү процедураларына терс коомдук баа берүүнүн келип чыгышына өз таасирин тийгизет.

Кырдаалды анализдөө керектөөчүнүн/телекөрүүчүнүн кызыкчылыктары жана анын кызыкчылыктарын коргоо маселелери берүү саясатынын пассивдүү субъектиси катары карап чыгуу үчүн киргизилбегендигин көрсөтөт. Техникалык жөнгө салуу саясаты ТВ кабылдагычтарды жана улоочу түзүлүштөрдү күбөлөндүрүү маселелеринде аракеттерди топтоого муктаж.

**В) Санариптик берүүгө өтүүдөгү мамлекеттик программага аналитикалык обзор**

Өкмөт жана тиешелүү мамлекеттик ведомстволор санарипке өтүүнү жүзөгө ашырууда олутуу иш алып барышууда:

- Санариптик берүүгө өтүү Программасы Өкмөттүн Токтому менен бекитилген КР №692, 02.11.2011-ж.;
- 2012-жылы декабрда МКТ боюнча Кеңеш кайра калыбына келтирилип, Санариптик берүүгө өтүү маселеси артыкчылыктуу маселе катары белгиленген;
- 2 жумушчу топ түзүлгөн: техникалык, КР транспорт жана коммуникация министринин жетекчилиги астында жана программалык (контенттик), КР маданият, маалымат жана туризм министринин жетекчилиги астында;
- КР Өкмөтүнүн Мамлекеттик байланыш агенттиги коңшу өлкөлөрдүн байланыш администрациялары менен бирге «Женева 06» Планынын ченемдерин деталдаштыруу жана өз ара макулдашуу боюнча иш алып барууда;
- КР Өкмөтүнүн Токтому менен санариптик берүү үчүн радиожыштык булактарын колдонуу укугуна сынак өткөрүү тартиби жөнүндө Жобо бекитилген, №578, 23.10.13.

Санариптик берүүгө өтүү Программасында «Кыргыз Республикасында санариптик телерадиоберүүнү киргизүүнүн зарылчылыгы өсүп жаткан социалдык талаптар жана радиожыштык спектринин күч алган жетишпестиги менен негизделет» деп көрсөтүлгөн. Ошол эле жерде, бирдиктүү жалпы европалык жана дүйнөлүк стандарттарды жана «жер бетиндеги санариптик телерадиоберүү» системаларын киргизүүнүн муктаждыгы жалпы дүйнөлүк агымдар менен негизделет деп баса көрсөтүлгөн. Телерадиоберүүлөрдү өнүктүрүү адам

28 Фокустук топтун материалдарынан, 10.12.2013, отель «Алтын Ажыдаар».

эркиндигин жана конституциялык укукту, массалык маалыматты тең алууну, улуттун маданий мурастарын, анын тарыхый каада-салттарын эффективдүү колдонууну, коомдук жашоонун ченемдерин сактоону, патриоттуулукка тарбиялоону жана моралдык баалуулуктарды коргоону камсыз кылууга багытталган». «Санариптик телекөрсөтүү көрүнүштүн сапатын бир кыйла жогорулатууга, программалардын санын көбөйтүүгө, көрсөтүүлөрдү ар кандай интерактивдик мультимедиялык кызматтык тейлөөлөр менен толуктоого мүмкүндүк берет».

2013-2017-жылдарга карата КР Өлкөнүн Туруктуу Өнүгүү Стратегиясында Стратегияны ишке ашыруудагы күтүлгөн жыйынтыктардын арасында конкреттүү милдет коюлган: «телекоммуникациялык инфраструктура өнүктүрүлөт, байланыштын андан ары өнүгүүсү жана өлкөнүн аймактарын камтуусун кеңейтүү үчүн бардык шарттар түзүлөт. 2017-жылга чейинки аралыкта сапаттуу байланыш, интернет жана санаритик телекөрсөтүү Кыргыз Республикасынын ар бир жеринде жеткиликтүү болот».

**Программалык ыкмалар.** Программанын жыйынтыктуулугуна жасалган анализ ага *оңдоп-түзөтүүлөрдү киргизүү* талап кылынаарын көрсөтөт. Тилекке каршы, санарипке өтүү дегенде көпчүлүк убакта техникалык модернизациялоо – аналогдук өткөргүчтөрдү санариптик менен алмаштыруу маселеси туундурулат. Эксперттер ушуга байланыштуу санариптик берүү бул жөн гана санариптик сигналды телекөрүүчүгө чейин жеткирүү ыкмасы эмес, ал эң биринчи кезекте, телекөрүүчү өзүнүн экранынан эмнени көрө тургандыгы (контент, сигналдын сапаты) жана ал санарипке өткөндөн кийин да жок дегенде ошол эле улуттук көрсөтүүнүн көлөмү менен камсыз болобу же жокпу деген башкы фактор көңүл сыртында калгандыгын бекемдешет. Улуттук көрсөтүүнү ийгиликтүү өнүктүрүү үчүн төмөндөгү факторлорду эске алуу зарыл:

- Аймактын жашоочулары үчүн, биринчи кезекте, санариптик пакетте мүмкүн болушунча *жергиликтүү аймактык* телеканалдарды жана улуттук өндүрүштөгү телеберүүлөрдү алуу өтө маанилүү. Демек, *аймактык* телерадиоберүүнү сактоо жана өнүктүрүү боюнча чараларды кароо керек.
- Чек араларга жакын жайгашкан кыргызстандык санариптик телекөрсөтүү чет элдик көрсөтүүчүлөр тарабынан татаал атаандаштыкка кабылышат. Ага ылайык, жергиликтүү көп улуттуу калктын көп программалуу мазмундуу контентке болгон муктаждыктарын эске алган *атаандаштык стратегиясын* жергиликтүү каналдарды, көрсөтүү тилине жана дубляжга/сурдологиялык котормого болгон артыкчылыктарды камтуу, телекөрүүчүгө жаккан чет элдик каналдар ж.б. менен дал келгендигин караган өтө кымбат эмес улоочу түзүлүштөрдү камсыз кылуу менен иштеп чыгуу керек болот.
- Мамлекет бардык жыштыктарды санариптик берүү менен «камтый» албайт. Демек, коммерциялык электр байланыш операторлорун жана телерадио уюмдарын өз санариптик түйүндөрүн Бишкек, Ош жана Жалал-Абад шаарларында гана өнүктүрүү эмес, ошондой эле, элет жерлерине «барууларына» кызыкдар кылыш үчүн *шарттарды* түзүү зарыл болуп эсептелет.

**Программанын максаты**. «Санарипке» өтүү *Программасында анын Максаты жеткиликтүү так аныкталган эместигин* белгилеп кетүү зарыл. Ал үчбирдик сыяктуу айтылат: а) «жер бетиндеги санариптик берүүгө өз убагында өтүүнү камсыз кылуу»; б) «калкты санариптик көп функционалдуу берүү түйүндүн негизинде баарына жеткиликтүү телекөрсөтүү жана радиопрограммаларды санариптик форматта кепилдикке алынган трансляция менен көп

программалуу эфир менен камсыз кылуу»; в) «Кыргыз Республикасындагы коммерциялык берүү рыногун өнүктүрүү үчүн шарт түзүү».

Санарипке өз убагында өтүү аныктама боюнча саясаттын максаты боло албайт, башка көрсөтмөлөр сыяктуу эле, маңызы боюнча алар Программанын коюлган максаты эмес, милдеттеринен болуп эсептелишет.

Максаттарды декомпозициялоо ыкмасынын көз карашына таянсак «калкты көп программалуу санариптик берүү менен камсыз кылуу» боюнча башкаруу максаты коюлган үч максаттын негизгиси болоору анык жана ага калган эки «максаттар» аркылуу жетишүүгө болот:

а) коммерциялык көрсөтүүчүлөрдү тартуу (алар үчүн ылайыктуу шарттарды түзүү менен),

б) көрсөтүүнүн санариптик көп функциялуу түйүндөрүн киргизүү

Ошентип, Программанын максаттары катары алынган а) жана б) пункттары «төмөнкү» деңгээлдеги максаттардан (милдеттер, иш чаралар) болуп эсептелишет.

Керектөөчүлөр/телекөрүүчүлөр бул саясатты ишке ашыруунун негизги жыргалчылыкты алуучулары болуп саналышат жана алардын муктаждыктары саясаттын максатын аныктоодо сөзсүз түрдө чагылдырылышы керек.

**Программанын милдеттери.** Программанын коюлган Максатына жетүү үчүн 12 милдет иштелип чыкты.

**Программанын милдеттери**:

- Телерадиоберүү тармактарынын инфраструктураларын модернизациялоо (санариптик жабдууларга которуу);
- интерактивдүү мультимедиялык тейлөөлөр менен кошо телекөрсөтүүнүн жаңы кызматтарын киргизүү;
- социалдык пакет берүү программаларын түзүү жана калыптандыруу;
- колдонулуп жаткан аналогдук берүүдөгү радиожыштык ресурсунан бошонуу жана кийинки санариптик берүүдө бул ресурсту рационалдуу пайдалануу;
- коммерциялык берүүнү өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү жана улуттук аудиовизуалдык продукция өндүрүү (улуттук телерадиберүү программалары);
- кыргыз тилинде контент түзүү үчүн мамлекеттик буйрутманы жайгаштыруу;
- санариптик телекөрсөтүүнү кабылдагычтар жана STB рыногун түзүү үчүн шарт түзүү;
- STB сатып алууда калктын социалдык алсыз катмарына мамлекеттик колдоо көргөзүү;
- мамлекеттик каржылоонун көлөмүн аныктоо;
- санариптик берүүгө өтүүнү мамлекеттик колдоо боюнча иш чараларды өткөрүү;
- санариптик кабыл алгыч жабдууларга минималдык техникалык талаптарды иштеп чыгуу;
- шарттуу кирүү тутумуна минималдык талаптарды иштеп чыгуу;

Милдеттерди кароо алар максатка жетүү үчүн чече турган милдеттердин толук спектрин камтыбастыгын, алардагы камтылган ой туура эмес жыйынтыкталгандыгын жана белгилүү

бир түрдө структураланбагандыгын (мисалы, белгилүү бир компоненттер боюнча[29]) көрсөтөт. Ошентип, аларды ишке ашыруу Программанын Максатына толук жеткире албай калышы мүмкүн.

Программанын көрсөтүлгөн милдеттеринин жарымы мазмуну жагынан туура келбейт, мисалы, «мамлекеттик каржылоонун көлөмүн аныктоо», «колдонулуп жаткан аналогдук берүүдөгү радиожыштык ресурсунан бошонуу жана кийинки санариптик берүүдө бул ресурсту рационалдуу пайдалануу» (кайда, эмне максаттар менен?). Милдеттердин бир бөлүгү иш-чараларга кирет: «шарттуу кирүү тутумуна минималдык талаптарды иштеп чыгуу», «санариптик берүүгө өтүүнү мамлекеттик колдоо боюнча иш чараларды өткөрүү», «кыргыз тилинде контент түзүү үчүн мамлекеттик буйрутманы жайгаштыруу» ж.б.

Программада милдеттер берүү стандарттары, жыштыктык кайра пландаштыруу, жабдыктарды модернизациялоо, шарттуу кирүү системалары, жабдыктарды күбөлөндүрүү, калк үчүн телевизорго улоочу түзүлүштөрдү алуу жана *«техникалык» саясаттын* башка маселелери боюнча баяндалган. Ошондой эле, программаларды/берүүлөрдү мамлекеттик органдар тарабынан тандалган таркатуу ыкмалары тууралуу да айтылган: 1) же улуттук байланыш оператору болгон ААК «Кыргызтелеком» аркылуу, 2) же «өзүнүн» санариптик түйүндөрүн түзүп баштай турган кайра түзүлгөн «Санариптик технологиялар» байланыш оператору аркылуу. Бул оператордун ААК «Кыргызтелеком» сыяктуу каржылык-ресурстук мүмкүнчүлүктөрү жок экендиги анык.

Мындай кырдаалда ААК «Кыргызтелекомдун» улуттук байланыш оператору РПО РМТРдин берүү рыногунда монополисттик абалынын өсүү коркунучу бар. Бул максаттар үчүн телерадиоберүүнүн мамлекеттик эмес операторлоруна тең бирдей жыштык ресурстарын берүү аркылуу берүүнү таркатуу системасында атаандаштык чөйрөнү түзүү боюнча иш-чараларды кароо керек болот. Бардык иштеп жаткан 22 телерадио уюмдарын бириктирген жоопкерчилиги чектелген «Санариптик технологиялар» уюму үчүн 2 мультиплекс каралган, анткен менен, азырынча ал тууралуу Өкмөттүн Буйругу жок. Жазы тилкелүү радиоколдонуу үчүн жыштыктарды бөлүштүрүү боюнча маселе[30] чечилгенден кийин, эң начар дегенде улуттук камтуу менен 4 мультиплекс калат. Мына ушуларды улуттук жана жеке байланыш операторунун жыштыктарынын санын теңдөөгө болгудай кылып сынактык негизде бөлүштүрүү керек. Ал үчүн бошотулган жыштыктарды бөлүштүрүү тартибин иштеп чыгуу зарыл.

Программанын калктын телевизорго улоочу түзүлүштөрдү алуу тууралуу бөлүгүндө улоочу түзүлүштөрдү алууда, аларды аныктоо критерийлеринде жана камсыздоо системасында мамлекеттик колдоого зарыл болгон калктын социалдык алсыз тобу көрсөтүлгөн эмес.

Санариптик берүүгө өтүүдөгү *программалык (маалыматтык, контенттик) саясатты* өнүктүрүүгө байланышкан милдет, тилекке каршы, бир гана бөлүм – берүү программаларынын социалдык пакетин калыптандыруу менен чектелип калган. Ошондой эле, телеберүүнүн азыркы иштеп жаткан ченемдерине карабастан, ТВ программалар пакетинин бөлүгүн

29 Бул компоненттер байланышта болушу мүмкүн: а) Программалык саясат, анын ичинде, Социалдык пакет, б) Технология жана Өндүрүш (стандарттар, инфраструктура жана жабдык, алуу системасы ж.б.), в) Нормалар жана Лицензия берүү, г) каржылык маселелер, ж.б. «Чек арага жакын аймактарда көрсөтүүнү өнүктүрүү» өзүнчө «өтмө» милдет катары кетет.

30 Бул маселе боюнча акыркы чечим радиобайланыш боюнча дүйнөлүк Конференция өткөндөн кийин чыгарылат окшойт (2015-ж).

мурункудай эле өкмөт аралык келишимдер боюнча трансляция кылынган чет элдик телеканалдардын программалары түзөт.

Демек, Программада ата-мекендик өндүрүштөгү, анын ичинде, мамлекеттик тилдеги дагы телерадиоберүүлөрдү жана программаларды көбөйтүү үчүн шарттарды түзүү боюнча иш-чараларды белгилөө зарыл. Жеке чыгаруучу студияларды өнүктүрүү ата-мекендик өндүрүштөгү телерадиоберүүлөрдү өнүктүрүүнүн башкы механизми болушу керек. КР Маданият, маалымат жана туризм министрлиги билим берүүчүлүк, маданий, агартуучулук социалдык жактан маанилүү программалардын тизмесин аныктаса болмок, аларды өндүрүүгө атайын каражаттар Мамлекеттик социалдык заказ аркылуу мамлекеттин бюджетинен бөлүнмөк.

Ата-мекендик контент басымдуулук кылган санариптик берүүнү масштабдык форматта (кем дегенде 100 ТВ программмалар) камсыз кылуу үчүн санариптик программаларды даярдоо боюнча 2000ге[31] жакын адистер талап кылынат. Бул жерде тармакты мындай адистер менен камсыз кылуу үчүн сөзсүз түрдө мамлекет тарабынан колдоо керек, мисалы, жогорку окуу жайларында санариптик телерадиоберүү боюнча адистиктерди бюджеттик негизде түзүү аркылуу.

Эксперттердин ой-пикирлери боюнча, милдеттердин тизмесинде – жалпы эле «санарипке» өтүү жана өтүүнүн техникалык өзгөчөлүктөрү тууралу *калкты жана субъекттерди маалымдоо* дагы чагылдырылышы керек: а) ачык жана жабык түрдө телерадиоканалдарды санариптик пакетте жайылтуу; б) санариптик форматтагы каналдарды кабыл алуу боюнча техникалык каражаттардын альтернативдик мүмкүнчүлүктөрү; в) санариптик берүү түйүндөрүндө милдеттүү түрдө таратылуучу Социалдык пакеттин, ТВ программалардын жеткиликтүүлүгү; г) параллельдик берүүнүн узактыгы. Берүүнүн субъекттери үчүн аналогдук берүүнү токтотуу мөөнөтү жана алар үчүн кандай жыштыктар бериле тургандыгы ж.б. тууралуу маселелер өтө маанилүү.

Эң бир маанилүү милдеттердин бири *аймактык телерадиоберүүнү өнүктүрүү менен* байланышы керек. «Санарипке» өтүүдө 14 мультиплексти иштетүү – бул бүткүл өлкө ичинде 200дөн ашык телеканалдарды жана бардык калк жайгашкан жайларда 300дөн ашык телеканалдарды ишке киргизүү мүмкүнчүлүгү болуп саналат. Аны менен бирге эле, коммерциялык аймактык телеканалдар жана уюмдар анча деле көп эмес, алардын кирешелери дагы аз (аймактарда жарнама рыногу кичине). Андан сырткары, дээрлик бардык телерадио уюмдары телерадиоканалды мурункудай эле, ачык, коддолбогон режимде, башкача айтканда, телекөрүүчүлөр үчүн бекер таратууну каалагандыктарын билдиришти[32]. Ал эми, жеке өзүлөрүнүн санариптик түйүндөрүн («Санариптик технологиялар» аркылуу) же ААК «Кыргызтелеком» түйүндөрүндө баштоо – алар үчүн бир топ эле чыгашалуу болуп саналат. Демек, алардын өнүгүүсү үчүн зарыл болгон стимулдаштыруучу шарттарды түзүү керек, анткени, жергиликтүү калк жергиликтүү маалыматтык контентке абдан муктаж. Аймактык кичи телерадиоканалдарды жана телерадио уюмдарды өнүктүрүү жөнүндө сөз кылсак, жогоруда айтылган колдоонун стилдаштыруучу чаралары – болгону убактылуу болуп саналат. Аларга өнүгүүнүн ар түрдүү стратегияларын иштеп чыгуу керек болот (кооперация, бир аз күчтүүрөөк «оюнчу» менен биригүү, ж.б.).

31 Узактыгы 16 сааттан кем эмес бир күндүк күнүмдүк программаны түзүү үчүн жок дегенде 20 техникалык адистер талап кылынат. 100 ТВ программалар үчүн 2000 адис керек болот.

32 Фокустук топтун материалдарынан, 10.12.2013, отель «Алтын Ажыдаар».

Аймактык телерадио уюмдарынын жана каналдардын жетекчилери азыркыга чейин жыштыктар кандай бөлүштүрүлөөрү (жыштыктарды бөлүштүрүү планы жана тартиби), тигил же бул телекомпаниядан санариптик түйүнгө кирүү үчүн канча каражат талап кылынаары[33] тууралуу белгисиз экендиги боюнча өзүлөрүнүн бушаймандыктарын билдиришти. Эфирдик көрсөтүүгө лицензиясы бар 24 субъект үчүн өлкөнүн масштабында 2 мультиплекс, «Баткен» зонасы үчүн өзүнчө бир мультиплекс резервге сакталган. Аны менен бирге, жеке телерадио уюмдары камтышы керек болгон территория эч бир жерде аныкталган эмес. Телекомпаниялар экономикалык жактан рентабелдүү калктуу пункттарда гана көрсөтүүгө кызыкдар экендиги түшүнүктүү, бирок, мультиплекстерди бир гана ири калктуу пункттарда жайылтуу чектелүү жыштык ресурсун рационалдуу эмес пайдаланууга алып келет. Ушуга байланыштуу, мамлекет сигналды бизнес үчүн экономикалык кызыкчылык жаратпай тургандай калктуу пункттарга жеткирүү боюнча маселени чечүүсү зарыл же жеке телерадио уюмдарына жана телерадиоберүү операторлоруна стимулдаштыруу чараларын сунуштоосу керек.

Дагы бир маанилүү учур мамлекеттик байланыш оператору (РПО РМТР) тандай турган сигналга код коюу системасын тандоо менен байланыштуу. Эгерде ААК «Кыргызтелеком» койгон ресиверлер (улоочу түзүлүштөр), код койгондон кийин жеке операторлордун башка ачык сигналдарын кабыл ала алышпай калса, анда аймактык телеканалдардын жана уюмдардын каржылык абалы мындан да катаалыраак болот. Коддолгон улоочу түзүлүштөрү бар ачык пакеттерди кабыл алган системага коюла турган талаптарды так аныктоо керек.

Санариптик телерадиоберүүгө өтүүдө чек араларга жакын жайгашкан аймактарды «санариптештирүү» базалык процесс болуп саналат жана ал үч иш-чараны аткарууну карайт: а) байланыш операторлоруна жыштык ыйгарууларды берүү; б) санариптик өткөргүчтөрдү ишке киргизүү жана в) телевизорго улоочу түзүлүштөрдү же орнотулган тюнери бар телевизорлорду алуу/камсыз кылуу.

Эксперттердин пикирлери боюнча көрсөтүлгөн чаралар кечигүү менен ишке ашырылып жатат. 2014-жылдын аягына чейин бул өткөргүчтөрдө (алар 2015-жылы июнда өчүрүлөт) көрсөтүлүп жаткан бардык программалар ошол эле учурда эле санариптик өткөргүчтөрдө да берилиши керек. РПО РМТРдин адистери алар санариптик берүүгө 2015-жылдын аягында гана өтө ала тургандыктарын айтышты. Андан дагы, эгерде РПО РМТР санарипке өтүү тууралуу аздыр-көптүр билсе, ал эми телерадио уюмдарында муну кантип ишке ашыруу керектиги тууралуу эч нерсе билбейт. Түйүндү түзүү жана телерадио уюмдарынын социалдык пакетке же жеке мультиплекстерге кирүү кечиктирилсе, анда чек арага жакын райондордогу керектөөчүлөр / телекөрүүчүлөр ата-мекендик көрсөтүүдөн колдонбой калуу коркунучу бар. Ал коңшу мамлекеттер санарипке өз убагында өткөн шартта кыргызстандык калктын айрым бөлүгүнүн кошуна мамлекеттердин маалымат мейкиндигине «миграциялоосуна» да алып келиши мүмкүн, бул Кыргызстан үчүн маалыматтык жана улуттук коопсуздук маанисинде өтө олуттуу маселе.

Чек арага жакын аймактарда көрсөткөн бардык телеканалдарды жана телерадио уюмдарын санариптик берүүгө өтүүсүн ирээтке келтирүү боюнча тездетилген чаралар керек (жыштык ыйгарымын алуу үчүн заявка берүү мөөнөтүн, аларды берүү мөөнөтүн, санариптик өткөргүчтөрдү өчүрүү жана иштетүү мөөнөттөрүн камтуу менен). Ошондой эле, эгерде жеке байланыш оператору өз түйүндөрүн өнүктүрүүгө жетишпей жатса, убактылуу чара

33 Фокустук топтун материалдарынан, 10 март 2014-ж.

катары жеке телерадио уюмдарды ААК «Кыргызтелекомдун» мультиплекстерине киргизүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу керек.

**Программанын мөөнөтү.** Санариптик берүүгө өтүү Программасын ишке ашыруу мөөнөтү көрсөтүлбөгөндүгүн белгилей кетүү зарыл: Программанын аталышында дагы, Программанын текстинде дагы. Болгону Программанын Киришүүсүндө бир сүйлөм менен гана берилген, бирок, анда да аны ишке ашыруу мөөнөтү так көрсөтүлгөн эмес – 4 жыл[34]. Ошондой эле, Кыргыз Республикасында санариптик берүү түйүндөрүн куруу боюнча сынакты жеңип алган оператор курууну 2013-жылдын 31-декабрына чейин бүткөрүүсү керектиги гана айтылган.

Ушуга эле окшош эскертүү милдеттер боюнча мөөнөттөргө тиешелүү. Өз кезегинде Иш-чаралар үчүн мөөнөттөрдүн так эместиги (Иш планда) алардын өз убагында аткарылышына күмөн жаратат. Мисалы, төмөндөгү чараларга абдан эле «даана эмес» аткаруу мөөнөттөрү (2013-15-жж.) коюлган: а) жыштык ыйгарууларды иштеп чыгуу планы; б) калк тарабынан алына турган улоочу түзүлүштөрдү күбөлөндүрүүнү уюштуруу; в) контент-провайдерлерди өнүктүрүүгө өбөлгө түзө турган Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын иштеп чыгуу; г) санариптик берүү түйүнүн өнүктүрүүнү жана модернизациялоону камсыз кылуу; д) санариптик телевизорлорду Кыргыз Республикасында өндүрүү жана аны алып келүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү; е) калктын аялуу катмарын санариптик берүүгө өтүүсүнө колдоо көрсөтүү механизмдерин жана иш чараларын аныктоо. Же, мисалы, төмөндөгү «жер бетиндеги санариптик эфирдик берүүнү киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын инвентаризациялоону жүргүзүү» иш-чарасынын «чоюлган» мөөнөттөрү – бүткүл санарипке өткөрүүнү жүргүзүү маалында.

**Программаны ишке ашыруу чаралары**. Программаны ишке ашыруу боюнча иш чаралар Планы иштелип чыгып, жүзөгө ашырыла баштады[35]. Ал 4 этапты камтыйт:

1 этап. Санариптик берүүнү киргизүү үчүн платформа түзүү жана контентти өнүктүрүү

2 этап. Сынактарды өткөрүү.

3 этап. Санариптик берүү тармагын өнүктүрүү

4 этап. Санариптик берүүгө өтүүнү жыйынтыктоо

Иш чаралар Планынын мазмунуна обзор жасоо айрым учурларда иш-чаралар – *конкреттештирилген эмес, каржылоонун толук көлөмүн* камтыбастыгын көрсөтөт. Ал өз кезегинде, аны ишке ашырууда олуттуу кооптонууну жаратат.

Ишке ашыруу чараларынын форматы – *дээрлик логикалык эмес* түрдө берилген: башында «Иш чаралар», андан кийин – «Ишке ашыруу мөөнөтү», андан ары – «Каржылоо булактары», андан соң кайра – «Ишке ашыруу чаралары», андан кийин – «Күтүлгөн жыйынтыктар» жана «Жоопкерчиликтүү аткаруучулар» кеткен. «Иш чаралар» эмнеси менен «Ишке ашыруу чараларынан» айырмалана тургандыгын түшүнүү татаал болчудай. Эмне үчүн бул графалар же колонкалар таблицада бири-бирине катар жайгаштырылган эместигин да (анткени, бул экөө тең мазмундук жакка кирет да) түшүнүү кыйын.

34 «Сунушталган чечимдер өлкөдөгү санариптик телеберүүгө өтүү мөөнөтүн 4 жылга чейин кыскартат...» «Киришүү». Б. 2. Кыргыз Республикасында санариптик телерадиоберүүгө өтүү Программасы. КР Өкмөтүнүн токтому №692, 2.11.2011.

35 Кыргыз Республикасында санариптик телерадиоберүүгө өтүү жөнүндө Программаны ишке ашыруу боюнча иш чаралар Планы – Тиркемени караңыз.

Ошондой эле, башкаруучу таасирлердин *предмети да, жыйынтыктары да* (жыйынтыктуулуктун көрсөткүчтөрү), башкача айтканда, тигил же бул иш чара конкреттүү түрдө эмнеге багыттала тургандыгы *аныкталган эмес:* 1. «Жер бетиндеги санариптик эфирдик берүүнү киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын инвентаризациялоону жүргүзүү», 2) Контент-провайдерлерди стимулдаштырган нормативдик укуктук актыларды иштеп чыгуу (*стимулдаштыруу механизмдери көрсөтүлгөн эмес*), 3) Кыргыз Республикасына санариптик телевизорго улоочу түзүлүштөрдү жана санариптик берүүдөгү телевизорлорду ташып кирүүнү стимулдаштыруу жана өндүрүү үчүн ыңгайлуу шарттүзүү (*стимулдаштыруунун түрлөрү көрсөтүлгөн эмес*)

Сунушталган кээ бир иш чаралардын аткарылбай калуу кооптонуулары бар, мисалы, ал абоненттик терминалдарды өндүрүү үчүн салыктык жеңилдетүүлөр менен байланышкан. Ал эми бул иш чара салыктарды чогултуунун жылдык планы аткарылбай жаткан (2013-жыл үчүн), Өкмөттүн жыйындарында бир нече жолу айтылып жаткан салыктык башкаруунун төмөнкү сапаты ж.б. шарттарында жүргүзүлөт.

**Программаны каржылоо.** Санариптик берүүгө өтүүдөгү эң бир маанилүү маселелердин бири бул мамлекеттик жана жеке телерадио уюмдарынын техникалык базасын модернизациялоо болуп саналат. 2014-жылга карата Республикалык бюджеттин долбоорун түзүүдө КР Маданият, маалымат жана туризм министрлиги санариптик берүүгө өтүү үчүн 550 млн. сом суммасындагы контролдук санды киргизген, анын ичинде 370 млн. сом азыркы учурда иштеп жаткан 15 мамлекеттик телеканалдарды техникалык жактан модернизациялоо жана кайра жабдууга каралган. Бул каражаттар телекомпанияларга жаңы стандарттагы программаларды жана берүүлөрдү түзүүгө мүмкүндүк бере турган жабдыктарды алуулары үчүн керектелет. Эгерде азыр трансляция ТВ кадрларды 4:3 катнашында берип жатса, жаңы жабдыктар менен трансляция ТВ кадрларды 16:9 катнашында берүүгө өтөт.

Андан сырткары, программалардын Социалдык пакети өзүнүн берүүсүн аналогдук берүүнү толугу менен өчүргөнгө чейин баштайт. Техникалык планда дагы мамлекеттик телеканалдардын параллельдик түрдө – аналогдук жана санариптик форматтардагы берүүгө кеткен чыгымдарын төлөө үчүн каржылык каражаттар каралган эмес. Демек, ААК «Кыргызтелекомдун» кызматтарын төлөөгө кеткен чыгымдарды кайсы бир убакка чейин мамлекеттик телерадио уюмдарына жабууга туура келет. Бул үчүн параллельдик түрдө берүү маалына Маданият, маалымат жана туризм министрлиги 80 млн. сом, мамлекеттик социалдык заказга 100 млн. сом сурап жатат.

Санариптик берүүгө өтүү маалында эфирди автоматташтыруу, маалыматтарды архивдештирүү жана кайра иштеп чыгуу да талап кылынат. Студиялык жана жылып жүрүүчү съемкалык жабдыктарды алмаштыруу, сигналды мультиплекстөө борборуна чейин ташып жеткирүүнүн волокондук-оптикалык жана санариптик релейлик магистралдарын салуу керек. Бул иштердин бардыгын бардык телекомпаниялар үчүн көрсөтүүнүн бирдиктүү стандарттарын камсыз кылуу максатында комплекстүү түрдө жүргүзүү керек.

2014-жылга карата кабыл алынган республикалык бюджеттен 550 млн. сом өлчөмүндө суралган суммадан Маданият, маалымат жана туризм министрлиги аркылуу каржылоо көлөмү болгону 100 млн. сом өлчөмүндө гана бөлүнгөн, анын ичинде 30 млн. сом аудиовизуалдык продукцияларды түзүү үчүн Социалдык заказга жана 70 млн. сом телерадио уюмдарын техникалык жактан кайра жабдуу үчүн. Калган каражатты Өкмөт ААК «Кыргызтелекомдун» өз каражаттарынан алууну сунуш кылды. ААК «Кыргызтелекомдун» иш-аракетинин төмөн

рентабелдүүлүгүн эске алсак инвестициянын жетпей жаткан суммасын жеке киреше аркылуу каржылоо мүмкүн болбойт го. Каржылоонун жетишпестиги көп күттүрбөй эле «санарипке» өтүү графигине таасирин тийгизет.

«Санарипке» өтүүдөгү каржылык камсыз кылуунун экинчи аспектиси зарыл болгон инвестициялардын суммасын так аныктоо менен байланышкан.

Азыркы иштеп жаткан жеке телерадиоберүүчүлөрдүн жана чыгаруучу студиялардын санарипке өтүү маселеси өтө татаал болуп жатат. Жыштык ыйгарымды алгандан кийин аларга техникалык – экономикалык изилдөөлөрдү жана өз санариптик берүү түйүндөрүн өнүктүрүүнүн наркын эсептөөгө убакыт, ошондой эле, алардын колундагы техникалык студиялык-съемкалык базаны модернизациялоого зарыл болгон чыгымдардын суммасын аныктоолору керек болот. Бул жааттагы эң алсыз жак *аймактык телерадиокомпаниялар* болуп саналышат. Көпчүлүк өлкөлөрдө маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу максатында мамлекет тарабынан жеке ата - мекендик берүүчүлөр үчүн комплекстүү колдоо каралган. Бул маселе эске алынбаган өлкөлөрдө көпчүлүк жергиликтүү телекомпаниялар санарипке өтүүнүн биринчи эле жылында жабылышат. Гранттык жана демөөрчүлүк каражаттарды тартуу (өкмөттүк эмес уюмдардын колдоосу менен) мүмкүнчүлүктөрүн да карап чыгуу керек.

**Г) Программанын жана мамлекеттик демилгелердин ишке ашырылышына обзор**

Программанын алкагында 2014-жылга карата төмөндөгүлөргө жетишүү керек болчу:

- Калктын 95 %ы программалардын социалдык пакетинин сигналын алышат.
- Калк кандай улоочу түзүлүштөрдү сатып алуу жана ачык-жабык программаларды кандай кабыл алуу тууралуу маалымдалат.
- Аймактын калкы санариптик берүүнүн 30га чейинки каналдарын эч кандай коду жок, ачык алышат.
- Жеке телеканалдар аналогдук режимде иш алып барып жаткан аймактарында өзүлөрүнүн санариптик түйүндөрүн өнүктүрүштү.
- ААК «Кыргызтелеком» өзүнүн коммерциялык берүү түйүнүн өркүндөттү жана рынокто үчүнчү берүүчү, коммерциялык альтернативдик компания пайда болду.

Тилекке каршы, азыркы күнгө чейин бул жетишкендиктер жок. Санариптик берүүгө өтүү Программасы өтүү процессинин башкы инструменти болбой жатат. Санариптик телерадиоберүүгө өтүүнүн Программасын иштеп чыгуу 2008-жылы башталып 2011-жылы аяктагандыгын белгилей кетүү керек. Ар жыл сайын Программа зарыл болгон маалымат жана кошумча жагдайлар менен толукталат, бирок, жогоруда коюлган милдеттерди ишке ашырууга көмөк көрсөтө турган көрүнүктүү иш-чаралар азыркыга чейин деле киргизиле элек, бул Программанын коюлган мөөнөттөрүнө жетүү чындыкка коошпой жаткандыгынан кабар берет.

Санариптик берүүнү өнүктүрүү маселелериндеги саясаттын субъекттеринин кээ бир чечимдерди кабыл алуу технологиялары зарыл болгон экономикалык ыкмаларды туура деңгээлде колдонбой жатат (кызыкчылык топторун ресурстук мүмкүнчүлүктөрүнө баа берүү аркылуу анализдөө, инвестициялык долбоорлорду иштеп чыгуу жана баалоо, жөнгө салуу таасирине анализ жасоо, ж.б.)

Транспорт жана коммуникация министрлигинин экономикалык жактан иштелбеген башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу тажрыйбасынан бир учурду гана карап өтөлү: сөз

облустук телерадиокомпанияларынын программаларын /берүүлөрүн милдеттүү түрдө камтуу менен Социалдык пакетти бүткүл өлкө боюнча жеткирүүнүн өтө эффективдүү ыкмасын тандоо жөнүндө болуп жатат. Транспорт жана коммуникация министрлиги облустук телерадиокомпаниялар өз сигналдарын бирдиктүү мультиплекстештирүү борборуна чейин Бишкекке жиберүүсүн жана андан кийин бирдиктүү сигнал «кайра» өлкөнүн бардык облустарына таркатылсын (Сүрөт 2)[36] деген сунуш киргизген.




*Сүрөт 2. Бирдиктүү сигналды Бишкек шаарынан аймактарга жеткирүү схемасы*

Мындай ыкма аны ишке киргизүүдөгү *ашкере чыгашаны* көрсөтөт: бул схемада облустук телерадиокомпанияларга А, Б жана В трафиктери үчүн толук төлөөгө туура келет[37]. Бул тайкы ведомстволук мамиленин болгондугун, *калктын кызыкчылыктарын,* рыноктун жеке *субъекттеринин кызыкчылыктарын,* өлкөнүн *маалыматтык-берүүчүлүк саясатын* эске албагандыгын көрсөтүп турат. Анткени, аймактарда кызыктуу жергиликтүү жана чет элдик контентти сунуш кылган чет элдик көрсөтүүчүлөр менен катуу атаандаштык бар эмеспи. Облус борборлорунда сигналдарды комплектациялоо маселеси дагы ачык бойдон турат.

Бул сунуш кылынган чечимдин дагы бир «алсыз жери» бир социалдык мультиплекске (трафик Б) бардык борбордук (10дон ашык) жана облустук (7) телеканалдарды *батыруунун өтө татаалдыгы* менен байланышкан. Ал эми, жеке жана чет элдик каналдарды киргизүү жөнүндө сөз кылуунун кереги да жок.

Сигналды жеткирүүнүн бул варианты кабыл алынган жок жана төмөндөгү схема сунушталды: сигналды Бишкекте калыптандыруу, андан кийин аны облустук мультиплекстерге жеткирүү, ал жактан аймактык каналдар кошулат. Мультиплекстештирүүнүн облустук борборлорун түзүүгө бир жолку инвестиция салуу сигналдарды облустардан Бишкекке жана кайра аймактарга жиберүү үчүн дайыма каражат сарптоого караганда эффективдүүрөөк болуп саналат. Убакыттын өтүшү менен мультиплекстештирүүнүн облустук борборлорунан түшкөн киреше аларды түзүүгө кеткен чыгымдарынан «ашып түшөт» жана инвестиция акталат.

36 Маалымат булагы: Э. Мамыркановдун тегерек столдогу презентациясы, 10.12.2014-ж.

37 Эгерде, трафик «А»дан кийин жыйнакталган сигнал дароо *спутникке* көтөрүлсө жана облустук телеборборлор сигналды спутниктен кабыл алып, андан кийин райондорго таратса бул вариант өзүн актамак. Анда «Б» жана «В» трафиктеринин кереги жок болмок.

Санариптик берүүгө өтүү Программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын Планына жана бул чөйрөдөгү башка ченемдик документтерге ылайык мамлекеттик органдар тарабынан иштердин төмөндөгү түрлөрү аткарылды:

- Бул саясатты ишке ашыруучу башкаруу органы өз ишин баштады: 2012-жылы декабрда МКТ боюнча Кеңеш кайра калыбына келтирилип, Санариптик берүүгө өтүү маселеси артыкчылыктуу маселе катары белгиленген;
- «Санарипке» өтүүнүн үстүндө техникалык инфраструктуралык маселелерди чечүү боюнча иш жасалып жатат (Транспорт министрлигинин алдындагы жумушчу топ), ошондой эле, программалык – контенттик компонент боюнча иш (Маданият министрлигинин алдындагы жумушчу топ).
- КР Мамлекеттик байланыш агенттиги коңшу өлкөлөрдүн байланыш администрациялары менен бирге «Женева 06» Планынын ченемдерин деталдаштыруу жана өз ара макулдашуу боюнча иштерди баштады;
- Жыштыктарды алуу үчүн сынактык тандоо механизми иштелип чыкты (Санариптик берүү үчүн радиожыштык булактарын колдонуу укуктарын алууга сынак өткөрүү тартиби жөнүндө жобо, КР Өкмөтүнүн токтому №578, 23.10.13-ж.).
- Программалардын Социалдык пакетин калыптандыруу, учурда иштеп жаткан берүүчүлөрдүн санарипке өтүү шарттары боюнча долбоорлор иштелип чыкты, мамлекеттик телерадиокомпаниялардын муктаждык деңгээлдери аныкталды, бир катар коомдук угуулар өткөрүлдү.
- Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин жетектөөчүлүк ролу, башкы адистердин, жарандык коомдун, «Сорос-Кыргызстан» Фондунун «Маалымат эркиндиги» Программасынын катышуусу менен бардык кызыккан тараптардын кеңири диалогунда санариптик телерадиоберүүнү өнүктүрүү үчүн мыйзамга оңдоп-түзөтүүлөр киргизилди.

МКТ Кеңеши «Биринчи кезектеги иш чаралар планын» кабыл алып (29.12.2012), анда төмөндөгү милдеттер коюлган:

- а) санариптик телерадиоберүүгө өтүү долбоорунун каржылоо механизмдерин аныктоо; б) ААК «Кыргызтелекомдун» жер бетиндеги эфирдик санариптик берүүнү киргизүү боюнча иш чараларынын техникалык планын колдоо;
- Бишкек шаарында жана Чүй облусунда тесттик көрсөтүүнү баштоо;
- социалдык жана коммерциялык пакеттердин Санариптик берүү түйүнүн курууну баштоо;
- жер бетиндеги санариптик эфирдик көрсөтүүнү киргизүү менен байланышкан мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү жана кошумчаларды киргизүү максатында КР мыйзамдарын инвентаризациялоону жыйынтыктоо;
- мамлекеттик санариптик телерадиоберүү ММКтарын өткөөл мезгилде каржылоо механизмдерин аныктоо жана аларды техникалык кайра жабдуу;
- азыркы иштеп жаткан телекомпаниялардын жер бетиндеги санариптик эфирдик көрсөтүүгө өтүү шарттарын аныктоо;
- программалардын Социалдык пакетин калыптандыруу шарттарын аныктоо;
- билим берүүчүлүк мультиплексти калыптандыруу боюнча сынактын шарттарын аныктоо.

**Мөөнөттөрдөн кечигүү.** Кабыл алынган иш чараларга карабастан бир катар пландаштырылган иш-аракеттер ишке ашыруу графигинен артта калууда. Демек, Программанын иш чараларын ишке ашыруунун токтоп калуу коркунучу бар. Алардын катарында, мисалы: а) санариптик телерадиоберүү түйүндөрүндө шарттуу кирүү системасын киргизүү мүмкүнчүлүгүн изилдөө (мөөнөтү – IV квартал 2013-ж.); б) күнү-түнү кыргыз тилинде бериле турган мультипликациялык, фильмдик, музыкалык каналдарды түзүү (мөөнөтү – 2014-жылдын январь айынан баштап), в) кыргыз тилинде контент түзүү боюнча мамлекеттик заказды жайгаштыруу (мөөнөтү – 2013-жылдын декабрь айынан баштап).

Маданият, маалымат жана туризм министрлиги “Социалдык пакет” жөнүндө жобо иштеп чыгып, аны 2013-жылдын октябрь айында Өкмөттүн Аппаратына бекитүүгө жиберген. Ал Социалдык пакеттеги жеке ишкерлер үчүн сынакка да байланыштуу. Маданият министрлигине сынак жарыялоо үчүн жеке ишкерлер үчүн Социалдык мультиплексте көрсөтүүнүн баасын билүүсү керек. Бул бааны ААК “Кыргызтелеком” билдириши керек, бирок компания аны айта албайт, себеби түйүн дагы деле курула элек.

Кечигүү коркунучу жабдыктарды «санариптик» модернизациялоо сыяктуу маанилүү маселе менен да байланышкан, өзгөчө, чек араларга жакын райондорго тиешелүү. Модернизациялоону пландаштыруу, тендерлерди жарыялоо, жабдыктарды ташып жеткирүү, баштоо, оңдоо иштерин ишке ашыруу жана программаны топтоо боюнча зарыл болгон процедураларды сактоо менен ишке ашкан бардык процесс эң жакшы дегенде 1-2 жылды ала тургандыгын белгилеп кетүү керек. ААК «Кыргызтелеком» инвестициялык эсептөөлөрдү жүргүзүү процессин жаңы гана аяктап жатат, андан кийин жабдыктарды ташып жеткирүү боюнча тендердин өзү жарыяланат. Эгерде бул процессте эч кандай токтоолор болбосо, анда санариптик түйүн бардык чек араларга жакын аймактарда ишин 2015-жылдын башында гана баштай алат. Эксперттердин пикири боюнча бул эң оптимисттик прогноз болуп саналат, ал эми санариптик берүүгө өтүү Программасындагы иш чаралардын Планы боюнча акыркы оңдоп-түзөтүүлөрдү эске алганда программалардын Социалдык пакет түйүнү 2014-жылы 31-июлда толугу менен ишке киргизилиши керек болчу.

**Жеке телерадио уюмдарына мультиплекстерди берүү тартиби**. Жеке телерадио уюмдары зарыл болгон инвестицияны эсептөөнү, санариптик каналдардын жаңы контентин калыптандырууну, кызыктуу берүүлөрдү иштеп чыгууну ж.б. башташа элек. Бул абалга келүүнүн себептеринин бири эки мультиплекстерди жеке телерадио уюмдарына берүү процедураларынын (Программада көрсөтүлгөндөй) ачык эместиги болуп саналат: алар кимге, кандай шарттарда, кантип бериле тургандыгы жазылган эмес. Ал эми Өкмөт тарабынан бул мультиплекстерди жеке ТРУна берүү боюнча тапшырма азыркыга чейин келип түшө элек. Фокустук топтордун материалдары жеке ТРУнын өз каналдарын санариптик берүүгө өткөрүү боюнча зарыл болгон укуктук, уюштуруучулук жана техникалык аспектилер боюнча маалыматтын жоктугун күбөлөндүрөт. Алар жыштыктарды колдонуу укугу аларга көрсөтүүнүн кепилдигин берет деген ойдо берүү аймактык деңгээлде токтотулаары тууралуу коркунучту сезишкен жок. Алар каналдарды ата-мекендик өндүрүштөгү телеберүүлөр менен мазмундуу толтуруу керектиги тууралуу маселени көңүл сыртына калтырышып, басымдуулугу санариптик берүүнүн техникалык аспектилери тууралуу кам көрүшөт. Көпчүлүк аймактык каналдардын жабылуусунун себеби дал ушул болот. Аймактык каналдардын жана ТРУнын ата-мекендик өндүрүштөгү телеберүүлөрдү түзүү үчүн аракеттерин бириктирүүлөрү алардын андан ары иштеп кетүү мүмкүнчүлүгү болмок.

**Жеке телерадиоберүү операторлоруна жыштыктарды бөлүү.** Бүткүл Кыргызстан боюнча аналогдук жыштыктарды берүүнү токтоткон учурга чейин 24 жеке телекомпаниялар бар болчу. Алардын ичинен 2010-жылы улутташтырылган эки уюмдун статусутүшүксүз – “Бешинчи канал” жана “Пирамида”. Эксперттердин алдын ала айтуулары боюнча, аларды программалардын Социалдык пакетине киргизүү зарыл. Демек, калган 22 телекомпаниялар жаңы (мамлекеттик эмес) байланыш операторун түзүүлөрү керек. 2012-жылы 14 телекомпаниялар биригип “Санариптик технологиялар” деген жаңы жоопкерчилиги чектелген коом түзүшкөн. Бул компания түзүүчүлөрдүн протоколунун негизинде КР Мамлекеттик байланыш агенттигине айтылып кеткен эки мультиплекске заявка беришкен. Бирок, ведомство жыштык берүүдөн баш тартуу менен жооп берген, анткени жаңы оператор азыркы иштеп жаткан *бардык* телеберүүчүлөрдү бириктирүүсү керек болчу. Акыры 2013-жылы күзүндө ЖЧК “Санариптик технологиялар” бардык 22 телекомпанияны өзүнүн түзүүчүлөрүнүн катарына киргизе алышты.

ЖЧК “Санариптик технологиялар” 2013-жылы 30-сентябрда Маданият, маалымат жана туризм министрлигине КР Өкмөтүнүн буйругунун долбоорун киргизген, анда эсептелген жыштыктарды бул уюмга бөлүү процедуралары белгиленген. Бул документ мамлекеттик органдарда макулдашуунун зарыл болгон процедураларын өтүп жатат, ошентип маселе ачык бойдон калууда.

**Коңшу мамлекеттер менен макулдашылган мультиплекстерди калыптандыруу.** Азыркы учурда кошуна мамлекеттер менен координацияланган 4 мультиплекс бар, аларга өлкөдөгү бардык ТВ-каналдарды которууга жана жыштык ресурсту аналогдук берүүдөн бошотууну баштоого болот. Бирок, “кошуналар” менен макулдашылган жыштыктык ыйгаруу процессин (башкача айтканда, аймактын ар бир зонасында координатты жана станциялардын техникалык мүнөздөмөлөрүн аныктоо) улантуу керек. Бул маселенин үстүндө КР Мамлекеттик байланыш агенттиги, катарына КР МБА, Тажикстан жана Өзбекстан кирген, жумушчу топ аркылуу Эл аралык электрбайланыш союзунун Аймактык бөлүмүнүн катышуусунда иш алып барып жатат.

## 1.3 Телерадиоберүү саясатынын негизги субъекттери (кызыкчылыктары жана алардын санариптик берүүгө өтүүгө даярдыктары)

Санариптик берүү чөйрөсүндөгү саясатты калыптандырууга жана өнүктүрүүгө таасир берүүчү субъекттер төмөндөгүлөр болуп саналат:

- Мамлекеттик органдар
- Контентти өндүрүүчүлөр
- Телерадио уюмдары жана телерадиоканалдары
- Электрбайланыш операторлору (телерадиоберүү)
- Керектөөчүлөр/телекөрүүчүлөр жана радиоугуучулар

**Мамлекеттик органдар**. Азыркы учурда санариптик берүүгө өтүү процессине төмөндөгүлөр белгилүү бир деңгээлде катышышат:

- КР Маданият, маалымат жана туризм министрлиги санариптик берүүгө өтүү процессинин программалык (маалыматтык) саясатын аныктоочу орган катары.

- КР Транспорт жана коммуникация министрлиги, санариптик берүү түйүнүн өнүктүрүү саясатын аныктоо бөлүмү боюнча.
- КР Экономикалык жөнгө салуу министрлиги, санариптик берүү рыногунун катышуучуларын лицензиялоо маселеси боюнча.
- КР Каржы министрлиги, санариптик берүүгө өткөрүү процессин каржылык камсыздоо маселеси боюнча.
- КР Адилет министрлиги, санариптик берүү рыногунун бардык катышуучуларынын укуктук өз ара аракеттешүүсүнүн жаңы шарттарын жөнгө салуучу ченемдик укуктук базаны өзгөртүү маселеси боюнча.
- КР Билим берүү жана илим министрлиги, санариптик берүүнү өнүктүрүү үчүн зарыл болгон кадрларды даярдоо маселеси боюнча.
- КР Мамлекеттик байланыш агенттиги, техникалык регулятор катары.
- КР Мамлекеттик монополияга каршы жөнгө салуу агенттиги.
- Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы, автордук жана чектеш укуктарды коргоо.

2012-жылы декабрда КР Өкмөтүнүн алдындагы маалыматтык-коммуникациялык технологиялар боюнча Кеңеш кайра калыбына келтирилип, «санарипке» өткөрүүнү ишке ашырууда координациялык ролду аткарып жаткандыгын белгилей кетүү керек.

**Контентти өндүрүүчүлөр.** КР контентти өндүрүү боюнча авторлор, продакшн-студиялар жана телерадио уюмдарынын өзүлөрү иштешет, башкача айтканда, бул контентти түзүүчү жана ар кандай улуттук ТВ продукттарды өндүрүүчү оюнчулардын тобу. Аны менен бирге эле, продакшн-студиялар жана авторлор ММК катары каттоодон сөзсүз түрдө өтүүлөрү керек эместигин эске алуу керек, башкача айтканда, мыйзам аларды каттоодон өтүүгө милдеттендирбейт. Аудиовизуалдык продукция ар кандай студияларга заказ кылынышы мүмкүн жана бул студия сөзсүз түрдө эле массалык маалымат каражаты болуш керек эмес. Кыргызстандык теле өндүрүүчүлөр телеканалдардын төлөм жөндөмдөрүнүн төмөндүгүнөн (жеке өндүрүш көлөмү/рыноктон жарнамалык рыноктун көлөмүндөгүдаяр контентти алуунун өз ара байланышы) жана телеиндустрия рыногунун өнүкпөгөндүгүнөн улам эптеп жан сактоо процессинде турушат жана каржылык каражаттардын жетишпестигинен чоң маселелерге кабылышып, аларга сапаттуу ТВ продукцияларды чыгарууга мүмкүндүк берилбейт. Контентти жаратуучуларга таасир бере турган дагы башка маселе - бул трансляторго автордук укуктарды берүү, аларга өзүлөрү жараткан контентти бир нече каналдарга сатуу мүмкүнчүлүгүн бербейт, эң башкысы, мамлекет продукцияга болгон автордук укукту коргоону камсыз кыла албайт. Бул себептерден улам жеке инвестиция тартуу аксап турат.

**Телерадио уюмдары жана телерадиоканалдар**. Кыргызстанда расмий түрдө 100дөн ашык телерадиокомпаниялар каттоодон өткөн жана КР транспорт жана коммуникация министрлигинин маалыматы боюнча санариптик берүүгө өтүү Программасын кабыл алуу маалында алардын ичинен болгону 52 гана берүүнү ишке ашырып жатат:

- мамлекеттик телерадиоберүү – 7;
- радиоберүү – 23;
- жеке телекөрсөтүү – 22.

Ошондой эле, өлкөнүн бардык аймактарында 41 жеке ТРУ иштейт, алардын ичинен Баткен, Талас жана Жалал-Абад облустарында 4төн компания, Ысык-Көл облусунда – 9, Нарын облусунда – 3, Ош жана Чүй облустарында - 1ден, Бишкек ш. – 8 жана Ош ш. – 7.

Телерадиоуюмдар милдеттүү түрдө ММК катары каттоодон өтүүлөрү керек, себеби, ММК, бул учурда телекөрсөтүүлөр, продукцияларын калыптандырууда өзүлөрүнө «ММК жөнүндө» жана «Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө» мыйзамдарында жазылган белгилүү бир жоопкерчилик жана милдеттерди алышат.

Көпчүлүк телерадио уюмдары санариптик берүүгө өтүүнүн жалпы пландары тууралуу маалымат алышкан, бирок, майда-чүйдөлөрү жөнүндө начар билишет жана өтүү маалында алар үчүн кандай кыйынчылыктар пайда боло тургандыктарын толук түшүнүшпөйт[38]. Эксперттик баалоолор боюнча, дээрлик компаниялардын жарымы санариптик берүүгө өтүү маселесин толук карашкан эмес жана болгону 30% компаниялардын гана санариптик берүүгө өтүү боюнча белгилүү бир жеке пландары бар. Жалпысынан санариптик телерадиоберүүгө өтүүгө карата жакшы мамиледе экендиктерине карабастан, телерадиокомпаниялардын өкүлдөрүнүн болгону 20%га жакыны гана өткөрүү мөөнөтүнүн реалдуулугун белгилешкен. Аны менен бирге эле, респонденттердин көпчүлүгү (73%) өзүлөрүнүн компаниялары үчүн санариптик берүүгө өтүү баасын эсептешкен эмес. Санариптик берүүгө өтүү боюнча иш чараларды каржылоо бөлүмүндө респонденттер демөөрчүлүк жана мамлекеттик колдоого таянышат. Мындан сырткары, изилдөө телерадиоберүүчүлөр санариптик берүүгө өтүүдө контентти өндүрүүгө байланышкан маселелерди караша электигин да белгилейт.

Кырдаалды анализдөө жеке, өзгөчө аймактык электрбайланыш операторлору, телерадио уюмдары жана телерадиоканалдар санариптик берүүгө өтүү саясатын иштеп чыгуу процессине начар камтылгандыктарын көрсөтөт. Андан сырткары, алардын көпчүлүктөрүндө санариптик берүүгө өтүү үчүн жетишээрлик каржылык жана кадрдык ресурстары жок. Жеке телерадио уюмдарынын негизги киреше булактары жергиликтүү жарнама жана шайлоо айлампаларындагы үгүттөөчүлүк «материалдар» болуп саналат. Санариптик берүүгө өтүү маалында жарнамалык бюджеттин аймактык ТРУнан Социалдык пакетке киргизилген программаларга өтүүлөрү толук мүмкүн.

**Электрбайланыш операторлору (түйүн операторлору)**. Электрбайланыш операторлору контентке аралашканга чейин электрбайланыш операторлору болуп саналат. Алар лицензияны электрбайланыш операторлору катары алышат, ошол себептен, мазмун үчүн жоопкерчилик албоолору керек.

ААК «Кыргызтелеком» улуттук электрбайланыш оператору (телерадиоберүү) болуп саналат. Анын филиалы - радио жана телеберүү толкундарын таратуучу республикалык өндүрүштүк бирикмеси (РПО РМТР) ТВ программаларды жайылтат жана көрсөтөт: «Коомдук 1 канал» (УТРК), калкты камтуу - 99,6 %; «Первый канал» (ОРТ) - 84,6 %; «Россия» (РТР) - 78,5 %; «ЭлТР»- 68 %; жана радиопрограммалар: I РВ - 95,8 %; II РВ - 95 %.

Жеке электрбайланыш операторлору «Санариптик технологиялар» жоопкерчилиги чектелген коомго бириктирилген, ал мамлекеттик эмес электрбайланыш операторунун ролунда иш алып барат. Азыркы учурда «Санариптик технологиялар» ЖЧКу өзүнүн түзүүчүлөрүнүн катарына бардык 22 телекомпанияларды бириктирет, анткен менен,

38 Фокустук топтун материалдарынан, 10.12.2013, отель «Алтын Ажыдаар».

аларда аймактарды жана калкты максималдуу түрдө камтуу максатында көрсөтүүнүн жеке түйүндөрүн куруу үчүн жеткиликтүү ресурс жок[39].

Бүткүл өлкөбүз боюнча телекөрсөтүү үчүн 552 өткөргүч колдонулат, анын 510 өткөргүчү негизинен мамлекеттик телеканалдарды көрсөткөн ААК «Кыргызтелекомго» тийиштүү. Жеке станцияларга болгону 42 өткөргүч карайт. КР Мамлекеттик байланыш агенттиги 2015-жылы 17-июнга чейин өчүрүү керек болгон өткөргүчтөрдүн санын эсептеп чыкты (Табл.2):

***Таблица 2. Өчүрүлө турган өткөргүчтөрдүн санын***

| Область | ААК "Кыргызтелекомдун" кичи АТР саны | Мамлекеттик операторлордун өткөргүчтөрүнүн саны | Жеке операторлордун өткөргүчтөрүнүн саны |
|---|---|---|---|
| Жалал-Абад | 29 | 12 | 5 |
| Ош | 16 | 18 | 11 |
| Баткен | 54 | 14 | 2 |
| Чүй | 4 | 13 | 9 |
| Талас | 1 | 16 | 6 |
| Жалпы: | 104 | 73 | 33 |

Таблицадан көрүнүп тургандай анда Ысык-Көл жана Нарын облустары жок. Бирок, эки облустун калкы өлкөнүн жалпы калкынын 10%нан араң өтөт, демек, белгиленген **210 өткөргүчтөрдү** өчүрүү Кыргызстандын калкынын 85%дан жогору жашаган аймактарына да таасирин берет. Аны менен бирге эле, жеке электрбайланыш операторлорунун жана телерадио уюмдарынын саны болгону 22 компания. "Бешинчи канал" жана "Пирамида" кошо эсептелбейт, анткени, аларды эми мамлекеттик станцияларга киргизип койсо болот. Андыктан, жеке станциялардын 33 өткөргүчүн өчүрүү, эгерде аларды санариптик берүүгө өткөрүү ишке ашырууга жетишпей калса, иштин толук токтогондугун түшүндүрөт.

**Керектөөчүлөр/телекөрүүчүлөр.** Адатта дүйнөлүк тажрыйбада калкка санариптик телевизорлорду же аналогдук телевизорлорго улоочу түзүлүштөрдү алууларына кем дегенде бир жыл берилет. Бул убакта аналогдук жана санариптик берүү параллельдик түрдө ишке ашырылат. Калк, баарынан да чек араларга жакын жайгашкан калк, республикада кабыл алынган көрсөтүү стандарттары жана кысуу, кандай телевизорлорду же телевизорго улоочу түзүлүштөрдү сатып алуу керектиги, аналогдук көрсөтүү өчүрүлө турган дата жөнүндө азыркыга чейин маалымат алыша элек.

Көрсөтүү саясатынын субъекттеринин санариптик телерадиоберүүгө өтүүнү ишке ашырууга жана аны өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө даярдыктары жалпы жыйынтыкка жетишүү үчүн жоопкерчиликти бөлүшүүнүн жана жасалган аракеттердин деңгээли менен аныкталат. Алар, өз кезегинде, көпчүлүгү алардын кызыкчылыктарынын канааттандырылгандыгынан жана алынган пайдадан көз каранды болот. Ошондуктан, координациялоону чыңдоо, көрсөтүү системасынын бардык субъекттеринин бирдиктүү максатты иштеп чыгуулары, ведомстволук кызыкчылыктарды жактоодон баш тартуу, кайталоону жана ашыкча жөнгө салууну токтотуу, ар кандай мотивациялык стимулдарды түзүү азыркы учурдун негизги милдеттеринен болуп калат. Учурда санариптик телерадиоберүүгө өткөрүүнүн милдеттерин аткаруунун үстүндө

39 Фокустук топтун материалдарынан, 10.12.2014.

иштеген эки жумушчу топ түзүлгөн жана иштеп жатышат: бири техникалык маселелер боюнча, экинчиси контент боюнча. Экинчи топтун пайда болуусу мамлекеттин санариптик телерадиоберүүгө өтүүдө контент маселесинин өтө маанилүүлүгүн түшүнүү деңгээлинин жогорулагандын көрсөтөт. Санариптик форматка өтүү улуттук контенттин өнүкпөгөндүгүндөгү жана аны өнүктүрүү үчүн атайын иш-чараларды иштеп чыгуудагы көйгөйлөрдү ачык көрсөттү. Рынокту каракчылык продукциялардан коргоо жана автордук укуктар жөнүндө мыйзамды сактоо зарылчылыгы өтө оор маселе, анткени, бул маселелерди чечпесек жеке контентти өнүктүрүү контентти жаратуучулар үчүн пайдасыз болот.

Бирок, аналогдук форматта дагы, санариптик форматта дагы көрсөтүү жарандардын маалыматтан колдонуу жана маалыматтык коопсуздукка болгон конституциялык укуктарын ишке ашырууну камсыз кылыш керектигин түшүнүү азырынча көрсөтүү системасынын субъекттеринде жакшы калыптана элек. Ошондуктан, сапаттуу улуттук аудиовизуалдык продукцияны калыптандыруу маселеси көрүүчүлөрдүн, өзгөчө, бирдиктүү улуттук маалыматтык мейкиндикти сактоо максатында чек арага жакын жайгашкан аймактардагы керектөөчүлөрдүн көңүлүн алууга болгон күрөштө чечкиндүү мааниге ээ.

***Таблица 3. Санариптик берүүгө өтүү процесси боюнча кызыкчылык топторуна анализ[40]***

| Субъекттин аталышы | Кызыкчылыктар (максаттар) | Түз жана кыйыр пайдалар | СТРБгө өтүү процессине тийгизген таасиринин деңгээли[41] | СТРБгө өтүүнүн даярдык деңгээли[42] |
|---|---|---|---|---|
| Керектөөчүлөр/ телекөрүүчүлөр | Аналогдук көрсөтүүдө көргөн ТВ каналдардан кем эмес каналдарды көрөт. | - акысыз /жеңилдетилген улоочу түзүлүштөр менен камсыз кылуу<br>- акысыз программалардын (чет элдик менен чогуу) санын калтыруу;<br>- сапаттуу улуттук контенттен колдонуу, аймактык контентти кошкондо. | Төмөн | Төмөн |
| МКТ Кеңеши | СТБ өтүүгө жооптуу мамлекеттик органдардын иштерин координациялоо | - СТРБгө өтүүнү 17.06. 2015-ж. мөөнөткө чейин камсыз кылуу жана аны өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү;<br>- келип чыккан маселелерди өз убагында белгилөө жана аларды чечүү жолдорун сунуштоо; | Орто | Жогору |
| МБА | СТБгө өтүү процессин мамлекеттик техникалык жөнгө салуу | - Лицензиялоонун азыркы колдонулган процедураларын сактоо;<br>- жыштыктарды берүүнүн азыркы иштеген тартибин сактоо;<br>- ишмердүүлүктүн түрлөрүн эмес, көрсөтүү субъекттерин лицензиялоо. | Жогору | Жогору |
| Транспорт жана коммуникация министрлиги | СТРБгө өткөрүү саясатындагы иш чаралардын техникалык маселелерин аныктоо | - байланышта жана информатизацияда саясатты иштеп чыгуу функцияларын сактоо;<br>- маалыматтык коммуникациялык чөйрөдө негизги багыттарды ишке ашыруу, маалымат коопсуздугу маселесин камтуу менен. | Жогору | Орто |

40 Программанын жыйынтыктуулугуна жана анын эффективдүүлүгүнө тийгизген таасирди кыйыр баалоо.
41 Бул баалоо эксперттик мүнөзгө ээ
42 Бул баалоо эксперттик мүнөзгө ээ.

| Субъекттин аталышы | Кызыкчылыктар (максаттар) | Түз жана кыйыр пайдалар | СТРБгө өтүү процессине тийгизген таасиринин деңгээли[41] | СТРБгө өтүүнүн даярдык деңгээли[42] |
|---|---|---|---|---|
| Маданият, маалымат жана туризм министрлиги | СТРБгө өткөрүү саясатындагы иш чаралардын контенттик маселелерин аныктоо | - социалдык пакетти калыптандыруу тартибин иштеп чыгуу;<br>- социалдык пакетке кире турган каналдардын тизмесин өз алдынча калыптандыруу;<br>- улуттук аудиовизуалдык продукцияны өндүрүү үчүн мамлекеттик заказды уюштуруу тартибин иштеп чыгуу;<br>- телерадио уюмдары үчүн көрсөтүү чөйрөсүн жөнгө салуу тартибин иштеп чыгуу;<br>- калкка СБ жөнүндө маалымат таратуу;<br>- берүүчүлөрдү каттоо;<br>- маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу максатында берүүчүлөрдүн тизмесин түзүү. | Жогору | Орто |
| ААК «Кыргызтелеком»/ РПО РМТР | Программалардын социалдык пакетин калктын 95 %на иштетип баштоо | - көрсөтүү түйүндөрүн бюджеттик каражаттын эсебинен модернизациялоону аяктоо;<br>- көрсөтүүнүн субъекттерин өз түйүндөрүнө кошуунун азыркы шарттарын сактоо;<br>- бөлүнгөн мультиплекстерди сактоо;<br>- РПО РМТР ведомство алдындагы бөлүк катары калтыруу;<br>- калкты санариптик улоочу түзүлүштөр менен камсыз кылууга мамлекеттик бюджеттен каражат алуу;<br>- архивдештирүүгө мамлекеттик бюджеттен каражат алуу. | Жогору | Орто |
| Жеке электрбайланыш операторлору | Программалардын ар түрдүү пакеттерин жайылтуу.<br>Медиа рынокто альтернативаны берүү | - техникалык модернизациялоо жана аудиовизуалдык контентти өндүрүү үчүн кайра кайтарым шарттарында мамлекеттик бюджет каражаттарын кароо;<br>- бөлүнгөн жыштыктарды сактоо жана өз алдынчалуулукту сактоо;<br>- атаандаштык чөйрөсүн жөнгө салуунун так шарттары (сынакка катышуунун кабыл алына турган жана бирдей шарттары);<br>- техникалык модернизациялоо жана аудиовизуалдык контентти өндүрүү үчүн мамлекеттик бюджет каражаттарын кароо;<br>- көрсөтүүнүн айрым субъекттери үчүн артыкчылык берүүнү токтотуу;<br>- чет элдик каналдарды мамлекеттик бюджеттик каражаттардын эсебинен трансляциялоо кызматын каржылоону токтотуу. | Жогору | Төмөн |
| Мамлекеттик телерадио уюмдары (КТРК, ЭлТР ж.б.) | Аналогдук телевидениени санариптештирүү эмес, санариптик берүүгө өтүү. | - техникалык модернизациялоону камсыз кылуу үчүн мамлекеттик бюджеттен каражаттарды алуу;<br>- параллельдик көрсөтүү маалына кошумча каржылоону бөлүү;<br>- персоналдарды кайра даярдоо үчүн шарттарды түзүү; | Орто | Төмөн |

| Субъекттин аталышы | Кызыкчылыктар (максаттар) | Түз жана кыйыр пайдалар | СТРБгө өтүү процессине тийгизген таасиринин деңгээли[41] | СТРБгө өтүүнүн даярдык деңгээли[42] |
|---|---|---|---|---|
| Учурда иштеген жеке ТРУ жана телеканалдар | Санариптик берүүнүн жеке түйүнүн өнүктүрүү | - көрсөтүүнү абоненттик төлөмсүз берүү;<br>- техникалык модернизациялоо жана аудиовизуалдык контентти өндүрүү үчүн кайра кайтарым шарттарында мамлекеттик бюджет каражаттарын бөлүү кароо;<br>- көрсөтүүнүн жеке санариптик түйүнүн техникалык жактан өнүктүрүүнүн жеңилдик шарттары;<br>- улуттук аудиовизуалдык продукцияларды өнүктүрүүнү көбөйтүү үчүн укуктук жана экономикалык шарттар;<br>- көрсөтүүчүлөрдүн иш чараларын жөнгө салуунун так шарттары. | Орто | Төмөн |
| Жаңы жеке ТРУ жана телеканалдар | Санариптик берүүнүн ар кандай түйүндөрүнө кирүүлөр | - техникалык модернизациялоо жана аудиовизуалдык контентти өндүрүү үчүн кайра кайтарым шарттарында мамлекеттик бюджет каражаттарын кароо;<br>- жеке программалардын жана улуттук аудиовизуалдык продукциялардын көлөмүн көтөрүү үчүн убакыт (узартуу);<br>- улуттук аудиовизуалдык продукцияны өндүрүүнү көбөйтүү үчүн укуктук жана экономикалык шарттар;<br>- телерадио уюмдарынын иш чараларын жөнгө салуунун так шарттары. | - | - |
| Авторлор жана Продакшн студиялар | Талап кылынган аудиовизуалдык продукцияны өндүрүү | - аудиовизуалдык контентти өндүрүү үчүн мамлекеттик бюджет каражаттарын кароо;<br>- улуттук аудиовизуалдык продукцияларды өндүрүү үчүн мамлекеттик каражаттарды бөлүштүрүүнүн так жана ачык процедуралары;<br>- телерадио уюмдары жана телеканалдар менен өнөктөштүк;<br>- автордук укуктарды коргоо. | Төмөн | Орто |
| Медиа ӨЭУ жана эксперттер | Көрсөтүү операторлорунун, ММКнын жана керектөөчүлөрдүн кызыкчылыктарын коргоо | - санариптик берүүнү өнүктүрүүнүн ыңгайлуу укуктук шарттарын түзүү;<br>- СТРБнү жөнгө салуунун укуктук негиздерин түзүү;<br>- калктын даярдыкта болуусу үчүн аларга зарыл болгон иш чаралар тууралуу өз убагында маалымдоо;<br>- калктын социалдык аялуу катмарын телевизорго улоочу түзүлүштөр менен камсыз кылуу;<br>- жабдыктарга жана телевизорго улоочу түзүлүштөргө бирдиктүү техникалык талаптар жана өзгөчөлүктөр. | Жогору[43] | Орто |

43 «Сорос-Кыргызстан» Фондунун «Маалымат эркиндиги» программасынын долбоорунун алкагында Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин кураторлугу астында эксперттерден, юристтерден жана «Санариптик Кыргызстан» Альянсынын, Интернет саясатынын жарандык демилгеси, Медиа Полиси Институту, Маалыматтык укук борбору медиа уюмдарынын жана, ошондой эле, бизнес секторунун өкүлдөрүнөн турган жумушчу топ түзүлгөн.

**Баалоо критерийлеринин баяндамасы:**

| Таасир берүү деңгээли | |
|---|---|
| Жогору: | Ыйгарым укуктун болушу, ресурстардын болушу (саясий, каржылык, административдик, кадрдык), максаттын, пайданын бар экендиги. |
| Орто: | ресурстардын болушу , максаттын, пайданын бар экендиги. |
| Төмөн: | максаттын, пайданын бар экендиги. |

| Даярдык деңгээли | |
|---|---|
| Жогору: | Билим, максаттын бар экендиги, максаттык багыт алкактары, иш аракеттер планы бар рамки видения |
| Орто: | Билим, максаттын бар экендиги, максаттык багыттын чектелүү алкактары. |
| Төмөн: | Максаттын бар экендиги. |

**Кызыкчылык топторуна жасалган анализге жалпылаштырылган эксперттик баа берүү.** Бул матрица «таасир-даярдык» байланышындагы ажырымды каттоого мүмкүндүк берет. Ал санариптик берүүгө өтүү процессине таасир бере турган негизги жана өтө активдүү субъекттерди аныктоого мүмкүндүк берет: дээрлик бардык тизмеленген оюнчулардын процесске тийгизген таасири өтө чоң, анткен менен, жеке жана аймактык телерадиокомпаниялардын өзүлөрү процесске ар кандай себептерден улам катышышпайт – бул эң начар звено. Башка оюнчулар азыркы учурда керектүү деңгээлде жетишпей жаткан синергияга жетишүүнүн үстүндө иштөөлөрү керек.

Керектөөчүлөр /телекөрүүчүлөр өтө пассивдүү болушууда жана субъекттин эч кандай белгилерин көрсөтүшкөн жок. Дүйнөлүк тажрыйбада телекөрүүчүлөр ӨЭУдар аркылуу саясатты иштеп чыгууга активдүү жана тикелей катышышат жана санариптик берүүгө өтүү процессине таасирлерин тийгизишет. Эгерде калк ар кандай каражаттар, баарынан биринчи, маалымдоо аркылуу санариптик берүү процессине камтылбаса, анда саясаттын жыйынтыктуулугу жокко чыгат да, социалдык чыңалуу пайда болот, маалыматтан колдонуу жана өлкөнүн маалыматтык коопсуздугу камсыздалбайт деген кооптонуулар бар.

## 1.4 Баткен облусунда санариптик берүүгө өтүү боюнча сынактык долбоор: тажрыйба жана алынган сабактар

Кыргызстандагы 7 административдик облустардан болгону Нарын жана Ысык-Көл облустарында көрсөтүү боюнча сырткы жыштыктык тоскоолдуктар жок. Төмөндө өлкөнүн чек арага жакын жайгашкан райондорунун карталары келтирилген, анда 17.06. 2015-жылдан кийинки санариптик берүүнүн артыкчылыктарын эске ала турган зоналар белгиленип берилген.




*Сүр. 3. Кыргызстандын түштүгүндөгү чек арага жакын аймактар*

Өлкөнүн түштүгүндө Тажикстан жана Өзбекстан менен чектешкен Баткен облусу, ошондой эле, Өзбекстан менен коңшулаш Ош жана Жалал-Абад облустары жайгашкан. 2009-жылдагы калкты кайра каттоо маалыматтары боюнча Баткен, Ош жана Жалал-Абад облустарынын аймактарында 2,8 млн. адам жашайт. Бул өлкөнүн калкынын 52 пайызын түзөт.




*Сүр. 4. Кыргызстандын түндүгүндөгү чек арага жакын аймактар*

Өлкөнүн түндүгүндө – Талас жана Чүй облустары Казакстан менен чектешет. Бул аймакта 1,8 миллион адам жашайт. Жалпысынан алганда бул өлкөнүн калкынын 35% түзөт.

“Женева-06” планына ылайык, Кыргызстан 10 техникалык зонага бөлүнгөн, анын ичинен, 1ден 6га чейинки зоналар жана 9чу зона жогоруда тизмеленген административдик облустардын аймактарында жайгашкан. Жогоруда айтылып кеткендей, жалпысынан алганда өлкөнүн калкынын 85 %дан көбүрөөгү бул аймактарда жашашат.

**Жыштык таратууларды Кыргыз Республикасынын бардык аймагы боюнча
“Женева-06” Планына ылайык бөлүштүрүү**



*Сүрөт 5. Кыргызстандын жыштык зоналарынын чектери*

Дал ушул облустарда Кыргызстанга бардык азыркы иштеп жаткан мамлекеттик жана жеке телекомпанияларды белгиленген датага чейин санариптик берүүгө өткөрүүгө туура келет. Эгерде кандайдыр бир себептерден улам бул ишке ашпай калса жана коңшу мамлекеттер санариптик берүүнү артыкчылыктуу санариптик жыштыктарда иштете баштаса, анда Кыргызстан биздин станциялардан кеткен тоскоолдуктарды жоюу үчүн алардын ар кандай, керек болсо, алардын сигналдарын өчүргөнгө чейинки, талаптарын аткарууга милдеттүү болот.

Мындан сырткары, чек арага жакын жайгашкан райондор жыштыктарды бөлүштүрүүнүн өлкөлүк жаңы планын милдеттүү түрдө аткаруулары керек. Чаралар өз учурунда кабыл алынбаса, анда “кыргызстандык” жыштыктар коңшу мамлекеттерге өтүп кетүү коркунучу бар. Бул бар жыштыктарды белгиленген датадан өткөндөн кийин колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн абдан татаалдаштырат.

**Долбоор жөнүндө**

Санариптик берүүнү киргизүү боюнча пилоттук долбоорду ишке ашыруу үчүн Баткен облусу жөн гана тандалып алынган жок. Ал көптөгөн техникалык көрсөткүчтөр боюнча тандалды – ал эки коңшу өлкөлөр менен чектешет, чек арада созулган аймак, географиялык рельефи татаал, калктын саны аз.

Санариптик берүүнүн баткендик сынактык долбоору ишке ашырууну баштаганга чейин Баткен облусунда программалардын телевизиондук трансляциясын болгону 19 аналогдук өткөргүч ишке ашырган: а) алардын ичинен 7 өткөргүч Биринчи коомдук каналдын (КТРК) программаларын көрсөтүшкөн, б) 3 өткөргүч “ЭлТР” каналын көрсөтүшкөн, в) 5 өткөргүч россиялык биринчи каналды (ОРТ), г) 4 өткөргүч “Россия” (РТР) каналын көрсөтүшкөн. Мындан сырткары, татаал тоолуу рельефти эске алуу менен облуста 66 кубаттуулугу аз автоматтык

телевизиондук кайра трансляциялоо кошумча иштеп жаткан. Ал калктын жалпы санынын 16% кирген аймакты камсыз кылган.

Жалпысынан алганда, Баткен облусунда аналогдук телевизиондук көрсөтүү калктын жалпы санынын 80% жашаган аймакты камтыган.

Пилоттук долбоорду киргизүүнүн максаты калкка көрсөтүлгөн телепрограммалардын санын көбөйтүү, сигналдын сапатын жакшыртуу, жыштык спектрин үнөмдөө, радиорелейлик линияларды жана станцияларды иштетүү аймагын үнөмдөө болуп саналган.

Пилоттук долбоорду ишке ашыруу үчүн мамлекеттик бюджеттен 57,2 млн. сом бөлүнүп берилген. Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө (санариптик берүүгө өткөрүү Программасын кабыл алган учурда) Баткен облусунда аналогдук радиорелейлик линиялар санариптик менен алмаштырылды, 7 өткөргүч жана 12 автоматтык телевизиондук кайра трансляциялоо орнотулду, көрсөтүү менен аймакты камтуу 97,3% түздү. Мындан сырткары, Ош жана Жалал-Абад облустарында бир нече өткөргүчтөр орнотулду.

Телепрограммалар пакетине КТРК, ЭлТР, ОРТ, РТР, Культура, Мир и 5 канал сыяктуу телеканалдар киргизилди. Мындан сырткары, пакетте радиоберүүнүн эки программасы бар – КТРКнын 1чи жана 2чи каналдары.

Калкка 20 миң улоочу түзүлүштөр (ресиверлер) бекер таратылды.

Жалпысынан алганда, Долбоор ийгиликтүү ишке ашуусу үчүн бардык техникалык шарттар түзүлгөндүгүн белгилей кетүүгө болот. Бирок, иш жүзүндө күтүлбөгөн жыйынтыктар алынды. Санариптик берүү берилгенден баштап жарым жыл ичинде калк сунуш кылынган ресиверлерден массалык түрдө баш тартып Өзбекстандын жана Тажикстандын белгилүү каналдарын көрүүгө кайта башташты. Улоочу түзүлүштөрдү (долбоордун алкагында акысыз таратылган) кошуу маалында жергиликтүү телекөрүүчүлөр, коңшу мамлекеттердин аналогдук стандартта берилген өзүлөрү көнгөн каналдарды эмес, санариптик пакетке гана киргизилген каналдарды кабыл ала алмак (башкача айтканда, технологиялык жактан алдыга озуп кетүү орун алды). Тилекке каршы, азыркыга чейин жыйынтыктарды жана алынган сабактарды анализдөө жүргүзүлгөн жок.

**Долбоордон алынган сабактар**

*Кыргызстандык каналдардын атаандаштык жөндөмсүздүгү.* Башында Баткен облусундагы санариптик сынактык долбоорго атаандаштыкты кошуна мамлекеттердин аналогдук программалары жаратты. Алар ар түрдүү болушкан, алар көп да болгон. Төмөндөгү тажик каналдары эркин көрсөтүлүп турган: Тажикстандын мамлекеттик телеканалы, «Сугд-ТВ», «Уструшона-ТВ», «ТВ Азия-Спорт», «Канибодом-ТВ». Өзбекстан тарабынан өлкөнүн бүткүл түштүгүндө күнү-түнү республикалык телеканалдар Уз-ТВ1 (канал «Узбекистон»), Уз-ТВ2 (канал «Тошкент»), УзТВ-Спорт, жаштар каналы «Ёшлик» (Ташкент), аймактык «Ёшлар телерадиокомпанияси» (ЁТРК, Андижан), «Тараккиёт-ТВ», «Маргилон-ТВ», «Мулокот-ТВ», «Шарк-ТВ», «Дийдор-ТВ», облустук мамлекеттик каналдар «Андижан ТВ», «Наманган-ТВ», «Фергана-ТВ» көрсөтүп турушкан.

Мындан сырткары, 2012-жылы «Uzdigital-TV» оператору өткөн жылдан бери калкка 42 санариптик каналдардан турган пакетти көрсөтүп келет: 12 – акысыз (код коюлбаган каналдар) жана 30 – акы алуунун негизинде. Андан дагы, бул оператор калкка санариптик улоочу түзүлүштөрдүн 7 түрүн сунушташат. «Казтелерадио» оператору өткөн жылдан

бери программалардын пакетинин 22син акысыз түрдө жана 50сүн төлөмдүн негизинде көрсөтүп келет, ал эми ушул жылдын аягына чейин алардын санын 70ке чейин көбөйтүүнү пландаштырууда. Казакстандык улоочу түзүлүштөрдүн наркы – 110 $га жакын.

Чет элдик провайдерлердин башкы артыкчылыктары – бул өнүккөн дилердик түйүн жана ар кандай, анын ичинде, кыргызстандык көрүүчүлөрдүн көңүлүн тарткан жеке өндүрүштөгү программалардын болгондугу. Алардын эң негизгилери – бул маалыматтык-аналитикалык, көңүл ачуучулук жана музыкалык долбоорлор, сериалдар, көркөм фильмдер, ж.б. Өзбек жана Тажик тилдеринин Баткен облусунда кеңири таркагандыгын эске алганда бул бардык телеберүүлөр баткендик телекөрүүчүлөр үчүн жеткиликтүү. Баткен долбоорунун тажрыйбасы трансляция ыкмасын тандоо, анын чет элдик санариптик каналдар менен дал келүүчүлүгү же дал келбестиги жөнүндө маселени терең ойлоп чыгуу керектигин көрсөттү.

Баткендик телекөрүүчүлөрдүн ата-мекендик берүүнү көрүүдөн баш тарткандыгынын башкы себеби кыргызстандык программалардын санариптик пакетинин контенти атаандаштыкка жөндөмсүздүгүнөн болуп калды[44]. Санариптик пакетке киргизилген сапаттык жана сандык көрсөтүүчү продукциялар белгилүү бир көрсөтүү пакетинин телекөрүүчүсү болуп калуудагы мотивацияны сактоого таасирин тийгизет. А болбосо, телекөрүүчү чет элдик көрсөтүүнү тандайт, ал коңшу мамлекеттин улоочу түзүлүштөрүн сатып алат, мына ошондо ал ата-мекендик санариптик берүүнүн сигналдарын кабыл алууну токтотот, эгерде эле, ресивер эки өлкөнүн сигналдарын кабыл алууга жөндөмдүү болуп калбаса.

*Телевизорго улоочу түзүлүштөрдүн наркы.* Коңшу өлкөлөрдүн санариптик берүүлөрүнүн улоочу түзүлүштөргө болгон баасы 1500 сом жана андан жогору турат. Ошол эле убакта калк биздин улоочу түзүлүштөрдү 70 $дан кем эмес (3500 сомго жакын) баада алышат.

Сигналдын шарттуу кирүү системасы жөнүндө да унутпоо керек. Көпчүлүк телекомпаниялар ачык каналдарды сунуштай тургандыктарын айтышкандыктарына карабастан, баары бир деле, өз каналдарын көрүү үчүн абоненттик төлөм киргизе турган телерадио уюмдар да болот. Кандай болгондо да, калкты кыргызстандык "кымбат" көрсөтүүдөн качырбашы үчүн акыркы чечимди кабыл алуу маалында бул же тигил "нарк тууралуу" маселе (мисалы, ай сайын төлөнүүчү абоненттик төлөмдүн өлчөмү, майда-чүйдө ремонттун баасы) өтө тыкандык менен каралышы керек.

Жергиликтүү каналдарды *пакеттештирүүнүн жергиликтүү системасынын жоктугу* кошумча кыйынчылыкты жаратты. Баткен долбоорун ишке ашыруу маалында Баткенден Баткен-ТВ жана Кызыл-Кыядан Найман-ТВ телеканалдары иштеп жатышты. Бирок, мультиплекстештирүүнүн жакынкы борбору Ошто болду. Демек, санариптик пакетке кирүү үчүн телекомпанияларга сигналды Ошко жана кайра Баткен облусуна жиберүү үчүн, ошондой эле, бүткүл байланыш системасы боюнча трансляцияга акы төлөө керек болду. Баткен-ТВ мамлекеттик каналынын бюджетинде мындай каражат каралган эмес, ал эми Найман-ТВ телеканалына бул рентабелдүү болгон эмес. Ушуга эле окшош абалга "Ынтымак" телерадиокомпаниясы да кабылды, ал санариптик берүүнү Ошто гана эмес, бүткүл түштүк аймагы боюнча берүүнү каалаган. Жалал-Абадда көрсөтүү үчүн "Ынтымак" телеканалына өзүнүн сигналын Бишкекке чейин, ал жактан кайра Жалал-Абадга жеткирүү, ал үчүн бүт трафикке төлөө керек болгон. Чыгымдар өтө чоң сумманы түзгөн. Ошентип, Баткен долбоорун

44 Фокустук топтун материалдарынан, 10.12.2013, отель «Алтын Ажыдаар».

ишке ашыруу маалында бул милдет чечилбей эле калган. Бирок, жогоруда айтылып кеткендей, бул маселе кийинчерээк коомчулуктун жана эксперттердин катышуусу менен чечилди[45].

*Телевизорго улоочу түзүлүштөрдүн алмаштыруу мөөнөтү көрсөтүлгөн эмес*. Санариптик берүүгө өтүү Программасын кабыл алууда санариптик ресиверлерге жана көрсөтүү стандарттарына минималдык талаптар бекитилген. Көрсөтүү же DVB-T2 стандартында же техникалык жактан алганда сапаттуураак стандартта жүргүзүлүшү керек. Ага карабастан, пилоттук долбоорду ишке ашыруу маалында иштеп жаткан Баткен облусундагы DVB-T стандартындагы эски өткөргүчтөрдү азыркы убакта аныкталган DVB-T2 стандарты менен алмаштыруу үчүн кайсы мөөнөт бекитилгендиги тууралуу эч жерде айтылган эмес. DVB-T форматында көрсөткөн Баткен облусу DVB-T2 жаңы стандарты бүгүнкү күнү сунуш кыла ала турган техникалык мүмкүнчүлүктөрдөн обочолонуп калышы мүмкүн, башкача айтканда, Социалдык пакеттеги 14 каналдын ичинен Баткен көрүүчүлөрүнө 7 каналы гана берилиши мүмкүн.

Долбоорду ишке ашыруу *жергиликтүү телерадио уюмдарынын техникалык инфраструктурасы өтө начар* экендигин көрсөттү: өткөргүчтөрдүн өтө басымдуу саны Кыргызтелекомго тиешелүү – жалпы 552 өткөргүчтүн 510 даанасы. Санариптик берүүгө өтүү Программасын кабыл алуу учурунда бүткүл өлкө боюнча телерадиоберүүнүн радиорелейлик линияларынын чакырымы 5 миң километрден ашыкты түзгөн. Азыркы иштеп жаткан телерадиокомпаниялардын өткөргүч түзүлүштөрүн жана материалдык-техникалык базасын техникалык жаткан кайра жабдуу үчүн канча каражат зарыл боло тургандыгы тууралуу так жана расмий түрдө айтылган саны азырынча жок.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, Баткен Долбоору санариптик берүүгө өтүүдө көңүлгө алуу керек болгон төмөндөгү маселелерди айкындагандыгын белгилеп кетүүгө болот:

- ата-мекендик санариптик пакеттерди жана чек арага жакын чет элдик операторлордун көрсөтүүлөрүн бир эле маалда кабыл алуунун мүмкүндүгү;
- жергиликтүү каналдарды кошууну жана заказ берүүчүнүн каалоосуна жараша бир облустун ичинде сигналдарды тигил же бул райондорго көрсөтүүнү кайра багыттоону эске алуу менен облустар боюнча аймактык пакеттөөнүн мүмкүндүгү;
- санариптик кабылдагычтардын көп тилдүү жолчолор жана субтитрлер боюнча кошумча функцияларды кабыл алуу мүмкүнчүлүгү;
- эскирген санариптик өткөргүчтөрдү жана мурун калкка таратылган санариптик кабылдагычтарды алмаштыруу системасы жана планы;
- санариптик түйүндөрдөгү телекомпаниялар үчүн трансляциялоо наркын эсептөөнү ишке киргизүү зарылчылыгы;

45 Дал ушул көрсөткүчтүн негизинде Транспорт жана коммуникация министрлиги бардык аймактык мамлекеттик каналдардан *борбордоштурулган* пакеттештирүүнү Бишкекте жасоону жана андан кийин бирдиктүү пакет менен бардык аймактарга жеткирүүнү чечкен. Бирок, бардык ушул трафик үчүн мамлекетке төлөөгө туура келмек, анткени, башынан эле, өзүнчө алынган облустун жашоочулары үчүн башка облустагы программалар маалыматтык кызыкчылык жаратпайт. Бардык аймактык каналдарды Бишкекке жана кайра аймактарга жеткирүү өзүн актабаган өтө кымбат болуп калмак. 2013-жылдын октябрь айында гана МКТ Кеңешинин алдындагы жумушчу топтун жолугушуу маалында мультиплекстерди *бардык облустук борборлордо* орнотуу планын толугу менен бекитүүгө мүмкүн болду.

- ар башка облустук телерадиокомпаниялардын студияларын телекөпүрө режиминде техникалык жактан байланыштырууну орнотуу мүмкүнчүлүгү;
- тесттик көрсөтүүнү кайталоо жана бардык зарыл болгон техникалык шарттарды сыноо.

# ГЛАВА 2. МАСЕЛЕНИ АНЫКТОО ЖАНА ИШТЕП ЖАТКАН САЯСАТТЫ ӨЗГӨРТҮҮНҮН НЕГИЗДЕРИ

## 2.1 Иштеп жаткан саясатты өзгөртүүнүн негиздери

Аналитикалык обзор жана саясаттын субъекттери, эксперттик коомчулук менен болгон коомдук консультациялар санариптик берүүгө өтүүнүн мамлекеттик Программасын ишке ашырууга тоскоолдук жараткан маселелердин масштабын жана мүнөзүн тактоого мүмкүндүк берип, азыркы иштеп жаткан саясатка өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн негиз болду. Аларды төмөндөгү факторлор тобуна киргизүүгө болот:

- Социалдык (керектөөчүлөрдүн/телекөрүүчүлөрдүн кызыкчылыктары) факторлор
- Ченемдик укуктук факторлор
- Башкаруучулук факторлор
- Өндүрүштүк-технологиялык (техникалык, контент, улуттук аудиовизуалдык продукт) факторлор
- Каржылык (экономикалык) факторлор

**Социалдык факторлор (керектөөчүлөрдүн/ телекөрүүчүлөрдүн кызыкчылыктары)**

- Керектөөчүлөр/телекөрүүчүлөр көрсөтүүнү акысыз негизде берилиши керек болгон коомдук жыргалчылык катары кабыл алышат.
- Эфирдик гана көрсөтүүдөн колдонгон калк санариптик берүүгө өтүүнүн маңызы, майда-чүйдөлөрү тууралуу маалымдалган эмес. Азыркы колдоого муктаждык позицияны өзгөртүү, коомдук пикирди төлөмдүк негизде көрүүгө өтүү зарылчылыгына багыттоо, улоочу түзүлүштөрдү төлөө жолу менен алуу (социалдык жактан аялуу катмардан бөлөктөрү), ачык жана жабык каналдар, Социалдык пакеттен пайдалануу жана анын мазмуну, улоочу түзүлүштөрдөн башка альтернативдик техникалык каражаттар, улоочу түзүлүштөргө болгон талаптар, аларды алмаштыруу тартиби жана улоочу түзүлүштөрдү алуу жөнүндө ырааттуу түшүндүрүүчүлүк иш жүргүзүлгөн жок.
- Санариптик берүүгө өтүүдө телекөрүүчү улуттук продукт менен чет элдик каналдардын контентинин ортосунда тандоо жүргүзүүнүн реалдуу мүмкүнчүлүгүн алат. Улуттук аудиовизуалдык продуктунун кызыктыруучулук деңгээлинин төмөндүгү телекөрүүчүнүн «качуусунун» себеби болуп калышы мүмкүн, анткени, ал көрүүчүлөрдү чет элдик ММКга өтүүлөрүнө түртүп, өз кезегинде, жарандардын/шайлоочулардын көз караштарына жана баалуулуктарына таасирин тийгизет.
- Калктын кандайдыр бир бөлүгү санариптик эфирдик, кабельдик жана спутниктик көрсөтүү алуу үчүн заманбап санариптик телевизорлор же улоочу түзүлүштөр менен колдонушат. Бул жагдай көрсөтүүнүн техникалык саясатын иштеп чыгуу маалында эске алынышы керек (көрсөтүүнүн дал келүүчү стандарттары, каналдардын программалары ж.б.).
- Калктын социалдык жактан аялуу топтору телевизорго улоочу түзүлүштөрдү ала албай калуулары мүмкүн жана аларды маалыматтан колдонуу мүмкүндүгүнөн чыгаруу коркунучтары өсүүдө.

**Ченемдик-укуктук факторлор**

- Мыйзамда ар түрдүү терминология колдонулуп, ал «чаташууга» алып келүүдө. Ар бир жаңы ченемдик-укуктук актыларды кабыл алуу, мурунку кабыл алынгандар менен ар дайым эле келише бербеген, жаңы түшүнүктөрдү киргизип жатат. Санариптик берүүдө колдонулган көпчүлүк заманбап терминдер азыркыга чейин мыйзамда чагылдырылган эмес, ал өз кезегинде телерадиоберүү субъекттеринин иш-чараларын жөнгө салуу эффективдүүлүгүнө таасирин тийгизет.
- Мыйзамда берүү *саясатынын негизги элементтери* толугу менен чагылдырылган эмес: а) саясаттын максаты; б) саясаттын принциптери, в) бирдиктүү түшүндүрмө аппараты.

Көрсөтүү *бир нече мыйзамдар тарабынан жөнгө салынат*: КР "Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө" мыйзамы, КР "Электр жана почта байланышы жөнүндө» мыйзамы, КР "Лицензиялык - уруксат берүү системасы жөнүндө" Мыйзамы, КР "ММК жөнүндө" мыйзамы

- Жаңы, анын ичинде, аймактык субъекттерге: *жамааттык* телерадиоберүү уюмдарына *аныктама,* аларды *түзүү тартиби,* иштөө шарттары иштелип чыккан эмес.
- Телерадиоберүүгө лицензия берүүнүн процедуралары так эмес. Берүүчүлөр үчүн жыштыктарды берүү тартиби сынактык эмес, заявкалык гана мүнөздө. Керек болгон лицензияны жана жыштыктарды алган жеке телерадио уюмдары берүүнү жайылта турган аймакты камтуунун деңгээли аныкталган эмес: КР бардык калктуу пункттарын 100% камтуу (бир мультиплексте) тажрыйба жүзүндө ААК «Кыргызтелеком» үчүн дагы мүмкүн эмес. Бул жаатта, эксперттердин пикири боюнча, берүү менен бардык калктуу пункттарды камтуу эмес, облустук борборлордо жана калктуу пункттарда өлкөнүн жалпы 50%дан кем эмес калкын камтуу жөнүндө сөз кылууга болот.
- Берүүнүн субъекттеринин *функциялары* так бөлүнгөн эмес: контентти даярдоочулар (чыгаруучу студиялар), телерадиокомпаниялар жана берүүнү таркатуучулар (электрбайланыш операторлору).
- Телерадиокомпаниянын физикалык жак тарабынан каттоодон өткөн учурунун болгондугу, бул мыйзамга каршы келет.
- Көрсөтүүнүн көлөмү, тили, дубляж жана сурдологиялык котормо боюнча *нормалар* (мисалы, берилген эфирдин 50% - жеке продукция) кыргызстандык берүүчүлөр үчүн жогорулатылган болуп саналат, анткени, аларда ылайыктуу кадрдык потенциал жана материалдык каражат жок. Көрсөтүүнүн көлөмү боюнча катнаш ченеми (эфирдин 60 пайызы – улуттук аудиовизуалдык продукт жана 50 % - жеке продукция) телерадио уюмдары үчүн дээрлик түшүнүксүз.
- Жеке жана аймактык ТРК үчүн табигый монополист болуп эсептелген улуттук электрбайланыш операторунун байланыш кызматтарынын *тарифтик саясаты* жана кызматтарды көрсөтүү Тартиби иштелип чыккан эмес. Улуттук байланыш операторунун (ААК «Кыргызтелекомдун» алдындагы РПО РМТР) алып жаткан жыштыктардагы сигналды таркатуу системасында монополисттик иштин болуу коркунучтары бар.
- Калктын социалдык аялуу топторун улоочу түзүлүштөр менен камсыз кылуу критерийлери жана системасы иштелип чыга элек (субсидиялар, карыз каражаттар, кредиттик жеңилдик программалары ж.б. аркылуу).
- Жеке телерадиокомпаниялар үчүн негизги *каржы булагы* (жарнама) коркунуч алдында турат: жарнамаларды жайгаштыруунун бир топ катаал ченемдик талаптарынан улам

потенциалдык демөөрчүлөр ТРКга *жарнамаларды* берүүгө кызыкдар эмес. Бул, жеке ТРКдын айткандары боюнча, алардын каналдарын көрүү үчүн абоненттик төлөм (кирешелердин экинчи булагы) нөл болгон шарттарда орун алып жатат.

- Автордук жана чектеш укуктарды коргоо жаатында мыйзам иштебей жатат, Кыргыз Республикасынын аймагында аудио-визуалдык продукцияларды уурдоо маселеси чечилбей жатат.

**Башкаруучулук факторлор**

- Баткен облусундагы пилоттук долбоорду ишке ашыруунун жыйынтыктарына жана алынган сабактар менен каталардын үстүндө иш алып барууга азыркыга чейин керектүү деңгээлде баа берилген жок.
- Көрсөтүү саясатын иштеп чыгуу электрбайланыш операторлорун жана телерадио уюмдарын, баарынан да, жеке операторлор менен ТРКды активдүү камтыбастан жүргүзүлүүдө. «Санарипти» киргизүү боюнча берүүнүн бардык субъекттеринин *макулдашпай* жана *координацияланбай* иштөө коркунучу бар.
- Калктын медиа муктаждыктарынын структураларын, анын ичинде, этникалык азчылыктардын атайын талаптарын үзгүлтүксүз изилдөөгө мамлекеттик заказ жок.
- Саясаттын субъекттери кээ бир чечимдерди зарыл болгон экономикалык ыкмаларды колдонбостон кабыл алышууда (кызыкчылык топторун анализдөө, инвестициялык долбоорлорду иштеп чыгуу, долбоорлорду баалоо ж.б.). Бул сметалык ыкманы колдонуу жана тар ведомстволук кызыкчылыктар менен байланышкан. Рыноктун инвестициялык жагымдуулугу эске алынбайт: салынган каражаттардын кайтарымы жана жеке инвестицияларды тартуу.
- Телерадиоберүү чөйрөсүндө *техникалык жөнгө салуунун саясаты жана процедуралары* так аныкталган эмес: лицензия берүүнүн предмети жана объектиси, контентти өндүрүү, көрсөтүүчүлүк иш-аракеттер, көрсөтүүнүн таркатуу жаатында күбөлөндүрүү.
- Санариптик берүүгө өтүүнүн Мамлекеттик Программасы санарипке өтүүнүн башкаруучулук инструменти болбой жатат, анткени:
  - Калктын керектөөсүнө багытталышы керек болгон Программанын башкы максаты жеткиликтүү так аныкталган эмес;
  - Программанын милдеттери максат менен толук деңгээлде логикалык жактан байланышпайт, жыйынтыктын көрсөткүчтөрү жок;
  - *Милдеттер* чөйрөсүндө чыгаруучу студияларды өнүктүрүүнү стимулдаштыруу аркылуу контентти жакшыртуу, кыргызстандык көрсөтүү кызматтарынын атаандаштык артыкчылыктарын иштеп чыгуу, аймактык көрсөтүүнү жана жергиликтүү ТРКды өнүктүрүү (өзгөчө кичи ТРКды), көрсөтүүнү таркатуу системасын өнүктүрүү (мамлекеттик эмес байланыш операторлорун өнүктүрүүнү стимулдаштыруу аркылуу), кадрдык потенциалды өнүктүрүү, калк менен маалымдоочу иштерди алып баруу сыяктуу саясаттын маанилүү артыкчылыктарына аз көңүл бурулган;
  - Программанын *иш чаралары* дагы жетишээрлик түрдө конкреттештирилбеген, даана берилген эмес, Милдеттер менен жакшы дал келбейт; Программанын өзүнүн *мөөнөттөрү*, Милдеттерди жана Иш чараларды ишке ашыруу – так коюлган эмес, убактысы боюнча «чоюлган»;

- Программанын Иш чаралар планын жана Биринчи кезектеги иш чаралар планын ишке ашыруу бөлүктөрүндө азыр эле *артта калуу* (*мөөнөттөр* боюнча) бар.

- ААК «Кыргызтелекомду» санариптештирүүгө бөлүнгөн бюджеттик каражаттарды максатсыз колдонуу коркунучу бар, анткени, мамлекет ишкананын 90%дан ашык акциясына ээ болгону менен, мыйзам боюнча бул компания менчик түрү боюнча жеке формада болуп саналат жана азыркы учурда ал өзүнүн экономикалык жан сактоо маселелерин чечип жатат. Санариптик берүүнүн техникалык киргизүү тарабын алып барган РПО РМТР (ААК «Кыргызтелекомдун» структуралык бөлүгү) мамлекеттин катуу көзөмөлү астындагы орган болушу керек
- Санариптик телекөрсөтүүнү киргизүү боюнча ишти караган бирдиктүү мамлекеттик орган МКТ Кеңеши, тилекке каршы, көңүлдү ата-мекендик контентти өндүрүү жана өлкөнүн маалыматтык саясатын калыптандырууга караганда көбүрөөк техникалык маселелерге, берүүнүн инфраструктурасын түзүүгө бурууда. Мындай абалдын сакталышы маалыматтык ажырымдын чыңдалышына жана калктын маалыматтан колдонуусун чектөөгө алып келиши мүмкүн, анткени, санариптик берүүдө техникалык камсыздоо гана жетиштүү эмес.

**Өндүрүштүк-технологиялык факторлор**

- Жеке ТРКдан *жыштыктарды* алуу (мурун берилген) тартиби иштелип чыккан эмес. Балким ал стимулдаштыруучу мүнөзгө ээ болот, анткени, берүүчүлөр өз каналдарын өнүктүрүүгө көрүнүктүү каражаттарды салышкан да. Ушундай эле, борборлоштурулган жана аймактык берүүчүлөр үчүн жыштыктарды бөлүштүрүүнүн планы жана тартиби иштелип чыккан эмес. Аналогдук көрсөтүүдөн 2016-жылы бошой турган республиканы камтыган 4 мультиплексти колдонуу тууралуу маселе чечиле элек.
- Берүүнүн көпчүлүк субъекттери аналогдук *жабдыктарды* колдонушат. Санариптик берүүгө өтүүнүн шарты бул жабдыктарды, студиялыкты дагы, толук алмаштыруу болуп саналат. Алар үчүн эң көп каржы ресурсу талап кылынат, бирок, азыр алар жок. Өзгөчө, аймактык берүүчүлөр сезимтал бул маселеде. Аларда «санарипке» өтүүдө *жеке өнүгүүсүнүн багыты жок*.
- Кыргызстандык көрсөтүүчүлөрдүн азыркы *контенти* чет элдик контент жана берүү менен атаандаштыкка жөндөмсүз. *Контенттин* эң аз үлүшү жергиликтүү чыгаруучу студиялар жана берүүчүлөр тарабынан чыгарылат, алар чет элдик программаларды кайра трансляция кылышат. Улуттук продукцияны жана контентти өнүктүрүүнүн максаты жана стратегиясы жөнүндө так түшүнүк жок. Улуттук аудиовизуалдык продуктту өндүрүү үчүн мамлекеттик заказ инструменти апробациялоо стадиясында турат.
- Көрсөтүүнүн көлөмү, тили, негизги этникалык топтордун тилдерине дубляж жана сурдологиялык котормо боюнча ченемдерди квалификациялуу, бир багытты көздөгөн адистердин жана керектүү жабдыктардын, программалык камсыздоонун *жетишпестигинен* улам аткаруу мүмкүн болбой жатат. Адистерди даярдоо боюнча мамлекеттик заказ жок.
- Жеке жана аймактык телерадио компанияларды мамлекеттик эмес байланыш операторлорунун санариптик *түйүнүнө* киргизүү тартиби, процедуралары жана шарттары иштелип чыккан эмес (техникалык, каржылык шарттар).

- *Телевизорлорго улоочу түзүлүштөрдү ташып келүүгө* монополисттин пайда болуу коркунучу бар, ал акыркы керектөөчүнүн сатып алуу баасына таасир берет.
- Телекөрүүчүнүн *жеке маалыматтарын* пайдалануу коркунучу бар. Сөз телекөрүүчүнүн жеке маалыматтарын өзүмчүл жана башка максаттарга колдонуудан коргоо жөнүндө болушу керек.
- *Чек арага жакын аймактарда* «санариптештирүү» кечигүү менен жүрүп жатат, артыкчылыктар белгиленген жок, тагыраак айтканда, түйүн операторлоруна жыштыктарды ыйгаруу, санариптик жабдыктарды орнотуу, санариптик ТВ жана телевизорлорго улоочу түзүлүштөрдү алуу. Операторлор менен санариптик өткөргүчтөрдү кошуу жана аналогдук өткөргүчтөрдү жана АТРди өчүрүү планы иштелип чыккан эмес.
- Бир дагы мамлекеттик жана жеке же аймактык, анын ичинде Социалдык пакетке камтылган ТВ-каналдын да санариптик берүүгө жеке өзүлөрүнүн өтүүлөрүнүн процессин так көрсөткөн, *иштелип чыккан стратегиялык документи жок* (Стратегиялык план, иш чаралар планы, жол картасы, инвестициялык план, ж.б.).
- Динамикалык өнүгүп жаткан тармак зарыл болгон адистер менен камсыздалбаган.

**Каржылык (экономикалык) факторлор**

- Санариптештирүү Программасы үчүн керек болгон инвестициянын жалпы көлөмү, аны каржылоо булактары, анын ичинде республикалык бюджеттин каражаттары тууралуу толук жана ишенимдүү маалымат жок. Керек болгон инвестициянын так көлөмүн, инвестициялардын рентабелдүүлүгүн, өздүк наркын жана тарифтик саясатын, өндүрүштүк кубаттуулукту киргизүү планын, жумуш орундарынын санын чагылдырган санариптик берүүнү өнүктүрүүнүн деталдуу иштелип чыккан инвестициялык планы жок.
- Калк тарабынан талап кылынган жергиликтүү контентти сунуштаган жеке аймактык көрсөтүүчүлөргө субсидия берүү маселелери чечиле элек.
- Санариптик берүүгө өтүүнүн каржы булагы боло турган телевизиондук жарнама рыногунун жалпы көлөмү тууралуу толук жана ишенимдүү маалымат жок.

## 2.2 Негизги маселени аныктоо жана саясаттын максатын тактоо

Социалдык, укуктук-ченемдик, башкаруучулук, өндүрүштүк-технологиялык жана каржылык факторлор бири-бири менен өз ара байланышта жана көрсөтүү саясатынын бардык чөйрөлөрүн камтыйт. Алардын болгондугу жана санариптик берүүнү өнүктүрүүгө тийгизген таасиринин масштабы төмөндөгү негизги маселенин бар экендигин тастыктайт:

> Учурдагы саясат санариптик берүүнү өнүктүрүүнүн техникалык жана технологиялык факторлоруна басым жасайт жана калкты санариптик берүү менен камсыз кылууга мүмкүн болбогон башка факторлордун таасирин жакшы эске албайт, аларга улуттук аудиовизуалдык продукцияны камтуу жана улуттук маалымат мейкиндигин сактоо кирет.

Санариптик берүүнү өнүктүрүү боюнча жүргүзүлүп жаткан мамлекеттик саясаттын эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн аны ишке ашыруу боюнча үч вариантты сунуштоого болот:

1) **Кандай болсо, ошондой калтыруу.** Учурдагы саясатка өзгөртүүлөрдү киргизбөө, коюлган пландарды аткарууга мамлекеттик көзөмөлдү күчөтүү менен чектелүү.
2) **Жаңы рыноктук саясатты** иштеп чыгуу жана киргизүү. Мамлекеттик жөнгө салууну минималдаштыруу, рыноктук мамилелерди өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү, жеке инвестициялардын басымдуулугу, баанын эркин түзүлүшү, калктын социалдык аялуу топторун даректүү коргоо.
3) Бардык факторлордун (социалдык, укуктук-ченемдик, башкаруучулук, өндүрүштүк-технологиялык, каржылык) таасирлерин теңдөө үчүн рыноктук механизмдерди эске алуу менен **азыркы иштеп жаткан саясатка өзгөртүүлөрдү иштеп чыгуу жана киргизүү**.

**Сунушталган үч варианттардын ичинен кайсынысына көбүрөөк артыкчылык берилет?**

Саясаттын Максатына жетүү (көп программалык, ата-мекендик контенттин үлүшү бар мазмундуу берүүлөр) көз карашынан алганда №1 вариантка артыкчылык берилбейт, анткени, ал берүүнүн субъекттерин (телерадио уюмдары жана электр байланыш операторлору) техникалык жактан кайра жабдууну карайт. Бул вариантта керектөөчү/телекөрүүчү ата-мекендик аудиовизуалдык продукциялардан колдоно албай тургандыгы жана улуттук маалымат мейкиндигинин коопсуздугун сактоого мүмкүнчүлүк болбостугу чоң коркунучтарды жаратат.

Калган эки варианттын ичинен ресурс жана, өзгөчө, убакыттын чектөөсү көз карашынан алганда, №2 вариантка артыкчылык берилет. Аны ишке ашыруу үчүн көп убакыт, каражат жана ченемдик-укуктук актыларды түп тамырынан бери өзгөртүү керек болот. Керектөөчү//телекөрүүчү 2017-жылы да ата-мекендик аудиовизуалдык продукциялардан колдоно албайт жана улуттук маалымат мейкиндигинин коопсуздугун сактоого мүмкүнчүлүк болбойт.

Жүргүзүлүп жаткан мамлекеттик саясаттын эффективдүүлүгүн жогорулатуунун эң оптималдуу ыкмасы №3 вариант болуп саналат: комплекстүү ыкма, бардык аныкталган факторлорду (социалдык, укуктук-ченемдик, башкаруучулук, өндүрүштүк-технологиялык, каржылык) рыноктук механизмдер менен чогуу эсепке алуу.

# ГЛАВА 3. КР САНАРИПТИК ТЕЛЕРАДИОБЕРҮҮГӨ ӨТҮҮНҮ ЖАНА АНЫ ӨНҮКТҮРҮҮНҮ КАМСЫЗ КЫЛУУ БОЮНЧА САЯСАТТЫН НЕГИЗГИ ИШ ЧАРАЛАРЫ

## 3.1 Саясаттын социалдык аспектилерин ишке ашыруу боюнча сунуштар

- Калк үчүн, баарынан да, чек арага жакын жайгашкан аймактардагы калк үчүн, санариптик берүүгө өтүүнүн зарылчылыгы жөнүндө, санариптик берүүнүн маңызы жөнүндө, анын аналогдук көрсөтүүдөн артыкчылыктары жана ылайыктуу кабыл алгыч жабдыктарды алуунун зарылчылыгы тууралуу түшүндүрүүчүлүк кампанияларды үзгүлтүксүз өткөрүү зарыл.
- Калкка жана ишкерлерге (кабыл алгыч жабдыктарды ташып келүүчүлөргө) өлкөдө кабыл алынган стандарттар, кандай телевизорлорду, улоочу түзүлүштөрдү сатып алуу керектиги жөнүндө маалыматтарды жеткирүү.
- Калкка акысыз негизде көрсөтүлө турган, Социалдык пакетке киргизилген ТВ каналдар жөнүндө маалымат берүү.
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын, массалык маалымат каражаттарын жана өкмөттүк эмес уюмдарды түшүндүрүүчүлүк иштерге кошо тартуу.
- Калктын социалдык аялуу катмарын, өзгөчө, чек арага жакын жайгашкан аймактардагыларды телевизорго улоочу түзүлүштөр менен даректүү камсыз кылуу маселелерин чечүү (телевизорго улоочу түзүлүштөрдү алуунун жеңилдетилген шарттары, ссудалардын механизмдери, ж.б.)
- Калктын маалыматка болгон муктаждыктарын ар дайым көзөмөлдөө жана анализдөө.
- Калкка алардын көз караштары боюнча көрсөтүүнүн «зыяндуу» контентинен алардын укуктарын коргоо механизмдеринин бар экендиги тууралуу маалымат берүү. Маалымдалган калк контенттин үстүнөн коомдук көзөмөлдөөчү субъект болуп калышы мүмкүн.

## 3.2 Саясаттын ченемдик-укуктук шарттарын жакшыртуу боюнча сунуштар46

- Ченемдик-укуктук актыларды жалпы гармонизациялоо жана колдонулган терминологияны топтоштуруу керек.
- Телерадиоберүү процессин, телерадиоберүү субъекттерин так аныктоонун негизинде төмөндөгү мыйзамдардын иш аракеттер чөйрөлөрүн чектеп ажыратуу максаттуу болот: КР “Электр жана почта байланышы жөнүндө» мыйзамы жана КР “Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө” мыйзамы. Ага кошумча, КР “Массалык маалымат каражаттары жөнүндө” мыйзамы жана КР “Лицензиялык - уруксат берүүчү системасы жөнүндө” Мыйзамы (бул эки мыйзамдын ортосундагы маселе жөнүндө жогоруда айтылган). Бирок, ММК жөнүндө мыйзамга тийбей эле коюу сунушталат.
- Телерадиоберүү деген эмне экендигин так аныктоонун негизинде *телерадиоберүү процессинде контенттик жана техникалык жөнгө салууну* жана субъекттерди –

46 Мыйзамды өзгөртүү боюнча кеңири сунуштарды Тиркемеден караңыз.

*телерадиоберүү процессинин катышуучуларын* чектеп ажыратуу зарыл. Бул жөнгө салуу процессинин түшүктүү болушун шарттайт.

- Телерадиоберүүнүн ар түрдүү субъекттерине бериле турган лицензиялардын жана уруксат кагаздардын түрлөрүн чектеп ажыратуу (электр байланыш операторлоруна «электрбайланыш чөйрөсүндө» жана/же «маалыматтарды өткөрүп берүү чөйрөсүндө» деген ишмердүүлүккө гана лицензия берүү жетиштүү; телерадио уюмдары үчүн – контенттик жөнгө салуу инструменти катары уруксат берүүнүн (лицензия эмес) жеңилирээк «эсепке алуу» механизми).
- Ата-мекендик жана чет элдик аудиовизуалдык продукциялардын көлөмдүк катнашын, көрсөтүүнүн тилин (үндүк коштоочу көп каналдуу берүү ж.б.) өзгөртүү керек. Эксперттер ата-мекендик аудиовизуалдык продукцияны, анын ичинде, мамлекеттик тилде чыгарууну коргоо максатында ченемдердин төмөндөгү этаптык варианттарын сунушташат: ар бир ата-мекендик телерадиоканалдын берүү сеткасынан 2016-ж. карата – 10%, 2018-ж. карата – 30%, 2020-ж. карата – 50%.
- Инвестицияларды стимулдаштыруу чараларын иштеп чыгуу керек жана кайрымдуулуктун, демөөрчүлүктүн жана меценаттык иштердин жардамы менен аудиовизуалдык продукцияны жана кызматтарды өндүрүүнү тикелей же кыйыр каржылоо үчүн шарттарды түзүү зарыл.
- Калктын социалдык аялуу топторуна телевизорго улоочу түзүлүштөрдү берүүнүн шарттарын, тартибин жана механизмдерин иштеп чыгуу керек. Төмөндөгүлөр каржылоо механизмдери боло алышмак: сатып алуу маалында мамлекеттин кошулуп төлөп берүүсү, кредитке, ссудага берүү, ж.б.

## 3.3 Башкаруучулук мүнөздөгү иш чараларды жакшыртуу боюнча сунуштар

- Чек арага жакын райондордо санариптик телекөрсөтүүгө бекитилген мөөнөттө өтүүнү камсыз кылуу жана санариптик телерадиоберүүнү өнүктүрүүгө зарыл болгон шарттарды түзүү үчүн бирдиктүү орган керек. Ал техникалык инфраструктуранын материалдык гана базасын эмес Кыргыз Республикасынын бүткүл маалымат талаасын модернизациялоону ишке ашырууну көздөгөн керектүү ыйгарым укуктарына жана ведомство аралык статуска ээ болушу зарыл. Санариптик телерадиоберүүгө өтүү долбоорун электрондук өкмөт долбоору менен байланыштыруу. Аларды ишке ашыруу боюнча бирдиктүү жоопкерчиликти өкмөттүк аппараттын орун басарына тапшыруу. Жалпы башкарууну жүргүзүү жана жеке жоопкерчилик эң башкы милдеттен болуп калат.
- Өтүү программасы абалдын акыркы өзгөрүүсүн эске алуу менен кошумчаланышы керек, өлчөмдүү жыйынтыктар менен конкреттелиши керек жана так мөөнөттөр менен чектелиши зарыл. 2015-жыл 17-июнга чейин так ведомство аралык план болушу керек. Эч ким пландан чыкпашы үчүн бул план премьер министр тарабынан бекитилиши керек. 2014-жыл 1-июлга чейин операторго - учурда иштеп жаткан жеке компания «Санариптик технологиялар» ЖЧКна лицензия берүү керек. Ал өз түйүнүн кандай курууну, ага канча акча керек экендигин эсептеп башташы керек, учурдагы ченемдик укуктук актыларга, анын ичинде мыйзамдык жана мыйзам алдындагы актыларга зарыл болгон өзгөртүүлөрдү киргизүүгө мүмкүндүк алуусу керек.

- Аналогдук өткөргүчтөрдү өчүрүү жана санариптик өткөргүчтөрдү иштетүү планын мөөнөттөрдү жана аталыштарды көрсөтүүнү эсепке алуу менен бекитүү. 2015-жыл 1-январга чейин учурда иштеп жаткан көрсөтүүнү жөнгө салуу саясатына өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл.
- Лицензия алгандардын КР бардык калктуу пункттарын 100% жана эфирдик санариптик берүү менен бир санариптик мультиплексте камтуу жөнүндө 2013-жылы октябрь айында бекитилген ченемге ченемди азайтуу боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү.
- *Көрсөтүү саясатынын негизги элементтерин* кайра тактоо керек, мисалы:
    - саясаттын максаты өлкөнүн калкын санариптик көп программалуу жана контенттик-мазмундуу көрсөтүү менен камтууга багытталышы зарыл, анда сөзсүз түрдө ата-мекендик (анын ичинде аудиовизуалдык) продукция болушу керек,
    - көрсөтүүнүн принциптерин сөз эркиндигине, ой-пикирлердин эркиндигине, ММКга өбөлгө түзүү сыяктуу жана башка демократиялык жаңы принциптер менен толуктоо,
    - «берүүчүлүк ишмердүүлүк», «берүүчүлүк мультиплекс», «берүүчүлүк контент», «берүүчүлүк программалардын Социалдык пакети», «аудиовизуалдык чыгарылыш», «берүүнүн субъекттери» сыяктуу жаңы түшүндүрмө терминдерди киргизүү керек. Аны менен бирге эле, берүүнүн жаңы аныктамасында берүүнүн субъекттерине берүү ыкмаларына карабастан бардык берүүчүлөр киришет (эфирдик, кабельдик, спутниктик, Интернет – ТВ ж.б.), берүү субъекттеринин тизмесинен – байланыш операторлору чыгарылат.
- Берүү саясатына ар түрдүү өзгөртүүлөрдү иштеп чыгууда түйүндөрдүн жана берүүлөрдүн операторлорун милдеттүү түрдө камтуу менен *чечим кабыл алуунун коомдук форматтарын* кеңири колдонуу, ага кабельдик, спутниктик жана IPTV-түйүндөрүнүн берүүчүлөрүн киргизүү. Кабыл алынып жаткан чечимдерге экономикалык негиздөөлөрдү милдеттүү киргизүү, анын ичинде, жөнгө салуу таасирине анализ жасоо ыкмасын (метод АРВ) колдонуу.
- Берүү чөйрөсүндө «санарипке» өтүү боюнча ведомстволор ортосунда *башкаруу функцияларын так бөлүү керек,* алар ченемдик укуктук актыларда чагылдырылышы зарыл. Жыштыктар боюнча Мамлекеттик комиссия жыштыктарды берүүчүлөр ортосунда бөлүштүрүү менен алектенбестен, өзүлөрүнүн милдеттерин аткаруулары керек. Транспорт жана коммуникация министрлиги менен Мамлекеттик байланыш агенттиги санариптик берүүнүн түйүндөрүн өнүктүрүүнү жөнгө салат (Транспорт министрлиги – саясат, Байланыш агенттиги – саясатты ишке ашыруу жана жөнгө салуу). Маданият, маалымат жана туризм министрлиги ата-мекендик аудиовизуалдык өндүрүш рыногун өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө жоопкерчилик алат.
- КР Өкмөтүнүн алдындагы МКТ Кеңешинин ишмердүүлүгүн координациялык орган катары мамлекеттик программалардын сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүнө мониторинг жасоо жана аларды баалоо аркылуу чыңдоо. МКТ Кеңешине Баткен облусундагы сынактык долбоорду ишке ашыруу жыйынтыктары жөнүндө отчетту угуу сунушталат. Алардын негизинде учурда иштеп жаткан санариптик берүүгө өтүү Программасына оңдоп-түзөтүүлөрдү киргизүү.

- РПО РМТРди ААК «Кыргызтелекомдун» структурасынын чыгарууну жыйынтыктап, анын ишмердүүлүгүнө көзөмөлдү, коомдук көзөмөлдү да күчөтүү керек.
- Лицензия алгандардын КР бардык калктуу пункттарын *100% (бир санариптик мультиплексте) камтуу* жөнүндө ченемге өзгөртүүлөрдү киргизүү (азайтуу багытында). Эксперттер калктуу пункттардын бардыгын эмес, облустук борборлорду жана өлкөнүн жалпы калкынын калктуу пункттардагы 50%дан кем эмес жашоочуларын (бир санариптик мультиплексте) камтууну сунушташат.
- Калктын медиалык муктаждыктарын, анын ичинде, этникалык азчылыктардын атайын талаптарын үзгүлтүксүз системдүү изилдөө үчүн мамлекеттик заказ системасын киргизүү керек. Бул изилдөөлөрдүн жыйынтыктары берүүнүн саясатын программалык-контенттик, аймактык жана техникалык жактан өзгөртүүгө негиз болот.
- Өтүү программасы өлчөй турган жыйынтыктар менен дааналып такталышы керек жана мөөнөттүк чек коюлуусу керек, каржылык ресурстар менен камсыздалышы зарыл.
- Ата-мекендик аудиовизуалдык продукцияларды өндүрүү рыногун өнүктүрүүгө инвестицияларды тартуу үчүн шарттарды түзүү.
- Санариптик берүүгө өтүү маалында (техникалык, укуктук механизмдер) сурала турган телекөрүүчүнүн жеке маалыматтарын (керектөөчүнүн профили) абийирсиздик менен пайдалануу коркунучунун өсүшүн эске алуу менен «Жеке маалыматтарды коргоо жөнүндө» Мыйзамына толуктоолорду иштеп чыгуу керек.
- Медиалык жөнгө салуу саясатын иштеп чыгуу процессине жеке жана аймактык телерадио уюмдарынын өкүлдөрүн тартуу керек. Бул медиалык жөнгө салуунун алгылыктуу, түшүнүктүрөөк жана жөнөкөйлөштүрүлгөн формаларын жана процедураларын иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.
- Чет элдик каналдарды бюджеттик каражаттардын эсебинен көрсөтүүнү каржылоо тажрыйбасын токтотуу.

## 3.4 Саясаттын өндүрүштүк технологиялык аспектилерин жакшыртуу боюнча сунуштар

**Контентти жакшыртуу**

- Стимулдаштыруучу мүнөздөгү чараларды кабыл алуу аркылуу кызыктуу *контент* даярдоо үчүн шарттарды түзүү боюнча ишти активдештирүү керек: а) мамлекеттин улуттук кызыкчылыктарынын жана калктын маалыматка болгон керектөөлөрүнүн негизинде улуттук контентти өнүктүрүү артыкчылыктарын аныктоо, б) жарнама боюнча «катаал» нормаларды кайра карап чыгуу, в) өндүрүлгөн контентке анализ жүргүзүү менен мамлекеттик заказ тажрыйбасын киргизүү, анын ичинде, социалдык мааниге ээ ата-мекендик аудиовизуалдык продукцияга, г) контентти түзүүдө мамлекеттик-жеке өнөктөштүк механизмдерин өнүктүрүү, д) автордук жана чектеш укуктарды коргоону камсыз кылуу жана каракчылык продукциялар менен күрөшүү, е) мамлекеттин менчигиндеги объектилерди жеңилдетилген шарттарда берүү, ж.б.
- Ата-мекендик аудиовизуалдык продукциянын, баарынан да, жарандардын күнүмдүк кызыкчылыктарына, мурунку өткөрүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде аныкталган

муктаждыктарына багытталган мамлекеттик жана коомдук телерадио уюмдарынын продукцияларынын санын көбөйтүү, анткени, мамлекет жана коом (байкоочу кеңештер) алардын Программалык концепцияларына таасир бере алышат.

- Өзүнчө катарда (балким, берүү саясатынан сырткары) *ата-мекендик аудиовизуалдык продукцияны өнүктүрүү стратегиясын* иштеп чыгуу турат. Берүүнүн жалпы көлөмүндөгү улуттук продукциянын катнашын өзгөртүүдөн, жеке программалардын 50% өндүрүү боюнча чектөөлөрдү алып салуудан сырткары, 50% кем эмес эфирди ата-мекендик аудиовизуалдык продукция менен толтуруу милдетин калтыруу менен төмөндөгүлөр сунушталат:
    - Көп каналдуу үндүк коштоо мүмкүнчүлүгүн, мамлекеттик же расмий тилдеги катылган субтитрлерди киргизүү;
    - Берүүнүн көп каналдуу пакеттеринде улуттук каналдарды санариптик пакеттөөнүн тизмесинде биринчи кетирүүнү алдын ала кароо;
    - жарнамалардан киреше алган жергиликтүү каналдар сырткы жарнамалык атаандаштыктан чочулабашы үчүн кайра трансляцияланган чет элдик каналдардын ачык түйүндөрдө жарнамаларга тыюу салуу.
- Аймактар жөнүндө жана аймактар үчүн көп сандагы маалымат кыргызстандык контентти өнүктүрүү үчүн негизги ресурстардын бири боло алмак. Борбордук телекөрсөтүүнү жергиликтүүгө айлантып алуу коркунучу барда, мындай ыкма жалпысынан мамлекеттин алдында турган бир катар негизги милдеттерди чечип бере алмак. Мисалы, аймак аралык жана калк аралык толеранттуулукту жогорулатуу, ички туризмге өбөлгө түзүү, анын натыйжасында ата-мекендик телеберүүнүн өзүнүн популярдуулугун жогорулатуу сыяктуу маселелер
- Жыштыктарды алуу жана *кайра бөлүштүрүү* Тартибин, ошондой эле, жеке берүүчүлөр ортосунда эки мультиплексти бөлүштүрүү Планын жана Тартибин иштеп чыгуу керек. Ошондой эле, бошой турган (аналогдук) жыштыктарды (4 мультиплекс) колдонуу жана бөлүштүрүү Планын жана Тартибин иштеп чыгуу керек. Аларды жеке байланыш операторлору үчүн бөлүштүрүү сунушталат, ал ААК «Кыргызтелекомдун» монополиялык абалын теңдейт.
- Улуттук байланыш операторунун *байланыш кызматтарын* көрсөтүү *Тартибин,* ошондой эле, уруксат берилген монополисттин рыноктук күчүн чектөө үчүн жеке жана аймактык телерадио уюмдары үчүн *бирдиктүү тарифтик саясатты* иштеп чыгуу керек.
- *Телевизорлого улоочу түзүлүштөрдү ташып келүү* жаатында, монополиялык ташууларга жол бербестен, атаандаштык шарттарды киргизүү керек.
- Калкты төмөн сапаттардан улам телевизорго улоочу түзүлүштөрдү кайра алуудан коргоо үчүн Мамлекет улоочу түзүлүштөрдү сертификациялоону камсыз кылышы керек.
- Бул тармакты *адистер* менен камсыз кылууга узак мөөнөттүү мамлекеттик колдоо боюнча иш чаралар керек, мисалы, жогорку окуу жайларында адистерди бюджеттик негизде даярдоо үчүн шарттарды түзүү аркылуу. Ал үчүн медиарыноктун өнүгүү прогнозунун негизинде мамлекеттик заказ системасын иштеп чыгуу жана киргизүү керек.

- *Чек арага жакын жайгашкан аймактарда* жер бетиндеги санариптик берүү менен камсыз кылуу Программанын *биринчи кезектеги иш чараларынан*, алардын максаттары төмөндөгүлөрдү чечүү болушу керек: а) жер бетиндеги санариптик берүүнү өнүктүрүү үчүн байланыш операторлоруна жыштыктык ыйгарууларды берүү маселеси, б) санариптик өткөргүчтөрдү киргизүү, в) калкты улоочу түзүлүштөр менен камсыздоо ыкмалары жана механизмдери (акы төлөө жана акысыз). Эң маанилүү маселелердин катарында Социалдык пакетти ишке киргизүү маселеси болууда.
- Өткөргүчтөрдү жана АТРди иштетүү/өчүрүү планын иштеп чыгуу.
- Телерадиоканалдарды бөлүштүрүү системасында атаандаштык чөйрөнү түзүү боюнча иш чараларды карап чыгуу керек (2 мультиплекс алган «Санариптик технологиялар» мамлекеттик операторун түзүүдөн сырткары). Мисалы, жазы тилкелүү радиоколдонуу үчүн жыштыктарды бөлүштүрүү боюнча маселе[47] чечилгенден кийин, эң начар дегенде улуттук камтуу менен 4 мультиплекс калат. Мына ушуларды улуттук жана жеке байланыш операторунун жыштыктарынын санын теңдөөгө болгудай кылып сынактык негизде бөлүштүрүү керек. Ал үчүн бошотулган жыштыктарды бөлүштүрүү тартибин иштеп чыгуу зарыл.
- Эгерде жеке байланыш оператору өз түйүндөрүн өнүктүрүүгө жетишпей жатса, убактылуу чара катары жеке телерадио компанияларды ААК «Кыргызтелекомдун» мультиплекстерине киргизүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу керек.
- Жеке берүүчүлөргө «бөлөк» санариптик түйүндөргө кошулууда программалык ашыкча «сырткы» көзөмөлдөн качуу үчүн шарттуу кирүүнүн (шифр түзүү) өзүнчө системасын түзүү боюнча чараларды кабыл алууну сунуш кылуу.
- Жеке аймактык берүүчүлөргө, анын ичинде, кичи берүүчүлөргө да ар кандай өнүгүү стратегияларын сунуш кылуу керек: а) ресурстарды кайра бөлүштүрүү жана мамлекеттик стилдаштыруучу механизмдерди колдонуу аркылуу өз алдынча өнүгүү, бул үчүн так инвестициялык бизнес-план иштеп чыгуу керек болот, б) башка аймактык берүүчүлөр менен кызматташтык, в) улуттук бир аз күчтүүрөөк «оюнчу» менен биригүү (улуттук каналдардагы корпункттар, жеке борбордук каналдардын бөлүмдөрү, ж.б.)
- Кандай болгондо да, жеке берүүчүлөрдө санариптик берүүлөргө өтүүсүнүн бардык нерселерин баяндаган белгилүү бир стратегиялык документи болушу керек.

## 3.5 Саясаттын каржылык-экономикалык аспектилерин жакшыртуу боюнча сунуштар

- Санариптик берүүнү киргизүүгө каралган бюджеттик каражаттарды колдонууга көзөмөлдү чыңдоо:
  - мамлекеттик берүүчүлөргө модернизациялоо үчүн бөлүнгөн каражаттар;
  - санариптик берүү үчүн инфраструктураны киргизүүгө бөлүнгөн каражаттар;
  - калктын социалдык аялуу топторун телевизорго улоочу түзүлүштөр менен камсыздоого пландаштырылган каражаттар;

47 Бул маселе боюнча акыркы чечим радиобайланыш боюнча дүйнөлүк Конференция өткөндөн кийин чыгарылат окшойт (2015-ж.).

- улуттук аудиовизуалдык продукцияны өндүрүү үчүн бөлүнгөн каражаттар, ж.б.

МКТ Кеңешинде санариптик берүүгө өтүү программасынын эсептөөлөрүнүн техникалык-экономикалык негиздемесин (ААК «Кыргызтелеком) талкуулоо жана зарыл болсо аларды оптималдаштыруу боюнча оңдоп-түзөтүүлөрдү киргизүү.

- Телевизорго улоочу түзүлүштөрдүн рыногу минималдык эксперттик баалоо боюнча *$36 млн*. долларга барабар, ал жеке сектордун катышуу кызыкчылыктарын туудурат. Бул жерде атаандаштык чөйрөнү түзүү аркылуу (мамлекет - жеке сектор кызматташтык механизми[48], кредиттик жана башка стимулдар) монополиялык ташып келүүлөргө жана монополиялык бааларга жол бербөө, мамлекет тарабынан субсидияланган, так өзгөртүүсүз минималдык баа боюнча борбордоштурулган ташып жеткирүүлөрдү ишке ашыруу маанилүү, же бул эки ыкманын комбинациясы болушу мүмкүн.
- Мамлекеттик каналдардын санариптик берүүгө өтүүсүнүн инвестициялык планын иштеп чыгуу, ал инвестициялардын так көлөмдөрүн, мамлекеттик бюджетке өтө «оордук келтирбеген» зарыл болгон бюджеттик каражаттардын так көлөмдөрүн көрсөтөт. Ошондой эле, бул план берүүнүн өздүк наркын, «Кыргызтелекомдун» түйүндөрүнө кошулуу баасын, Социалдык пакеттеги мамлекеттик каналдарды колдоого кеткен чыгымдарды дагы көрсөтөт.
- Жеке, аймактык жана жамааттык телерадио уюмдарына санариптештирүү шарттарында жеке өзүлөрүнүн өнүгүү стратегиясын иштеп чыгууга өбөлгө түзүү (Стратегиялар, жол карталары, инвестициялык пландар, ж.б.).
- Жеке жана аймактык электрбайланыш операторлоруна жана телерадио уюмдарына мамлекет – жеке сектордук кызматташтык инструменттерин өнүктүрүү, мамлекеттик менчик объектилерин жеңилдетилген шарттарда берүү, жеңилдетилген салыктык башкаруу, бажылык жеңилдиктер, төмөн пайыздагы мамлекеттик кредиттер жана карыздар, жөнөкөйлөтүлгөн лизингдик схемалар, милдеттүү төлөмдөр боюнча мөөнөтүн узартуулар, чыгымдарды бирге каржылоо, электр энергиясына болгон тарифтер, ж.б. аркылуу каржылык стимулдаштыруу механизмдерин иштеп чыгуу.
- Ошондой эле, кичи аймактык жана жамааттык телерадио уюмдарга санариптик жабдыктарды сатып алуу жаатында колдоо көрсөтүү үчүн гранттык (ӨЭУдын колдоосу менен) жана демөөрчүлүк каражаттарды тартуу мүмкүнчүлүгүн да кароо керек. Бул максаттар үчүн аларга телерадиоберүүнү каржылаган донордук программалар жөнүндө ылайыктуу маалыматтарды чогултуу жана берүү керек.
- Телевизорлорго улоочу түзүлүштөрдү ташып жеткирүү үчүн тарифтик жана тарифтик эмес чараларды иштеп чыгуу.

Сунуш кылынган чаралар санариптик берүүгө өтүүнү камсыз кылууга жана аны туруктуу өнүктүрүүгө багытталган, аларды ишке ашыруу стратегиялык максатка – КР бирдиктүү маалымат мейкиндигин сактоо жана маалыматтык теңсиздикти жоюуну күчөтүүгө - жетүүгө мүмкүндүк берет.

48 Мамлекет - жеке сектор кызматташтыгы (ГЧП).

# ТИРКЕМЕЛЕР
## Саясаттагы негизги маселелер жана аларды чечүү боюнча иш-чаралардын таблицасы

| № | Маселе | Маселени чечүү варианттары | Артыкчылыктар | Мүмкүн болгон коркунучтар | Маселени чечүүнүн тандалган артыкчылыктуу вариантын негиздөө |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Ченемдик укуктук база СТБнү киргизүүгө даяр эмес. | Телерадиоберүүнү байланыш операторлорунун кызмат көрсөтүүсү катары өзүнчө жана ММКнын иш-аракеттер чөйрөсү катары өзүнчө жөнгө салган мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү керек. | Берүү рыногунун катышуучуларынын (байланыш операторлорунун жана телекомпаниялардын) жоопкерчилик зоналарын так мыйзамдуу түрдө бөлүү ар бир тармактын бири-бирине көз каранды болбостон өнүгүүсүнө мүмкүндүк берет. | Эгерде жоопкерчилик зонасы бөлүнбөсө, анда техникалык камсыздоону ишке ашыруучу байланыш операторлору эки жолку жөнгө салууга туш болот, ал эми телекомпаниялар эч кандай жөнгө салынбай калат. | СТБгө өтүүнүн башкы милдети бул берүү каналдарын мурунку эле жыштыктарда кысуу болуп саналат. Демек, анын саны 300 телеканалдан ашып кетүүсү мүмкүн. Чет элдик телеканалдардын көбөйүү мүмкүнчүлүгү алардын массалык экспансиясына алып келиши ыктымал, аны алдын алуу үчүн жергиликтүү телеканалдарды өнүктүрүү максатында мыйзамдык шарттарды түзүү керек. |
| | | Телерадио уюмдары үчүн лицензияларды алып салып, жеңилдетилген уруксат берүүчү системаны киргизүү керек. | Учурда иштеп жаткан жеке жана келечектеги жаңы телекомпаниялар жеңилдетилген жумуш шарттарын алышат, бул аларга өнүгүүгө мүмкүндүк берет. | Азыркы жоболор менен санариптик берүүгө өткөндөн кийин телекомпаниялардын ишмердүүлүгүн жөнгө салууга мүмкүн болбойт. | |
| | | Эфирдик гана трансляцияны эмес, берүүнүн бардык түйүндөрүн жөнгө салууну баштоо керек. | Берүүнүн өнүгүү шарттарын камсыздоочу мыйзам ченемдери иштеп баштайт жана берүүнүн бардык түйүндөрү үчүн бирдей болот. Азыркы убакта берүүнүн лицензияланган эфирдик гана түрү жөнгө салынат. Кабелдик жана IP-түйүндөрүндөгү телеканалдар азыркы күндө эч кандай жөнгө салынбайт. | Эфирде жана башка санариптик түйүндөрдө берген телекомпаниялар үчүн бирдей тең эмес шарттар түзүлөт, ал берүүчүлөрдүн эфирдик түйүндөрдөн жабык кабелдик жана IP-түйүндөрүнө кетүүсүнө алып келет. | |

| № | Маселе | Маселени чечүү варианттары | Артыкчылыктар | Мүмкүн болгон коркунучтар | Маселени чечүүнүн тандалган артыкчылыктуу вариантын негиздөө |
|---|---|---|---|---|---|
| 2. | ААК «Кыргызтелеком» 2014-жыл 31-июлга чейин калкты Социалдык пакет менен 95% камсыздоого даяр эмес. | Мам. органдардын программалардын Социалдык пакетин ишке киргизүү процессине көзөмөлдөөнү күчөтүү керек. | Азыр бул маселе толугу менен оператордун карамагында жана маселе анын гана аракети менен чечилет. Бирок, эл аралык келишим боюнча жана эл алдындагы жоопкерчиликти оператор эмес, мамлекет алат. | ААК «Кыргызтелеком» тесттик берүүнү дайыма DVB-T2 форматында КР Өкмөтү 2012-жылы эле кабыл алган токтомдон кийин дароо башташы керек болчу. 2013-жылы түйүн калктын 95% камтуусу керек болчу. Иштин азыркы абалы калктын 95% жаңы мөөнөткө – 31-июль 2014-жылга карата дагы камсыз болбойт деген коркунуч жаратат. | ААК «Кыргызтелеком» санариптик берүүгө өтүү процессинде башкы аткаруучу болуп саналат, ал эми программалардын Социалдык пакети калкка санарипке өткөндөн кийин акысыз бериле турган негизги пакет. Эгерде аны толук камдуу, сапаттуу жана маңыздуу ишке киргизүүгө жетишпей калса телекөрүүчүлөрдүн башка түйүндөргө, коңшу мамлекеттердин түйүндөрүнө да өтүп кетүүлөрү мүмкүн. |
| | | Мам. органдар операторго программалардын Социалдык пакетин өнүктүрүү үчүн каражат табууга көмөк көрсөтүүсү керек. | Тикелей кредиттерден башка бир нече варианттар дагы бар. Бул «Кыргызтелекомдун» мамлекеттин алдында жоопкерчиликтери боюнча төлөмдөрүнүн мөөнөтүн узартуу маселеси болушу мүмкүн (дивиденддер, ГФРЭ кредиттери). Оператор негизги кредитти алганга чейин өкмөттөн кыска мөөнөттүү пайызсыз ссуда алышы мүмкүн. | 95 % калкка программалардын Социалдык пакетин толук ишке киргизгенге чейин оператор жок дегенде негизги шаарларда пакеттөө жана таркатуу системасын жөнгө салуусу керек. Бул студиядан баштап керектөөчүлөргө чейинки берүүнүн бардык звенолорунун иш жөндөмдүүлүгүн текшерүүгө мүмкүндүк бермек. Эгерде киргизүүнү бардык процедураларды жасагандан кийин ишке ашырса, анда өз ара иштөө жана калкты маалымдоо системасын жөнгө салууга убакыт жетпей калуусу мүмкүн. | |
| | | Калкты санариптик улоочу түзүлүштөр (STB) менен камсыз кылуу жана 2014-жылдын аягына чейин бүткүл өлкө боюнча тейлөөчү жана консультациялык борборлорду ачуу маселелерин параллельдик түрдө чечүү керек. | Эгерде калк улоочу түзүлүштөрдү эртерээк сатып алышса, оператордо аналогдук берүүнү өчүргөнгө чейин параллельдик трансляция маалында санариптик берүүнү жөнгө салууга болот. | Калк санарипке өтүүнүн бардык себептери тууралуу биле бербейт жана аны кандайдыр бир маанилүү маселе катары кабыл албайт. Керектөөчүнүн психологиясын жана эл аралык тажрыйбаны эске алуу менен калк менен иш алып барууну эрте баштоо керек. | |

| № | Маселе | Маселени чечүү варианттары | Артыкчылыктар | Мүмкүн болгон коркунучтар | Маселени чечүүнүн тандалган артыкчылыктуу вариантын негиздөө |
|---|---|---|---|---|---|
| 3. | Иштеп жаткан жеке берүүчүлөр СТБгө өтүүгө даяр эмес. | Иштеп жаткан жеке берүүчүлөрдүн бирдиктүү операторуна лицензия берүү боюнча ишти тездетүү керек. | Жеке уюмдар, эреже катары, чечимдерди кабыл алууда көбүрөөк мобилдүү болушат. Алар өлкөнүн негизги шаарларында түйүндөрдү кыска мөөнөттүн ичинде эле өркүндөтө алышат. Эгерде «Кыргызтелекомдун» түйүндөрү кандайдыр бир себептерден улам даяр болбой калса, аларды программалардын Социалдык пакетин алардын түйүндөрүндө иштетүү үчүн страховка катары колдонууга болот. | Санариптик берүүгө өтүүнүн аякташына бир жарым жылга жетпеген убакыт калды. Бирок, алардын эч кимисине лицензия бериле элек. Иштеп жаткан телекомпаниялар жана жаңы коммерциялык операторлор өз түйүндөрүн өтүүнү аяктоо маалына карата жакшыртууга жетише албай жана иштерин жаңы шарттарда алып бара албай калуулары мүмкүн. | Иштеп жаткан жеке берүүчүлөр азыркы учурда улуттук аудиовизуалдык продукцияларды өндүргөн жана таркаткан негизги телекомпаниялардан болуп саналышат. Жана алар мамлекеттик ММКга маалыматтык альтернативаны түзүшөт. Кабельдик жана IP-түйүндөрдө берүүлөрдү жүргүзгөндөр мамлекеттик тилдеги программалардын көлөмү, жеке программалар жана улуттук аудиовизуалдык продукциялар боюнча ченемдерди аткарууга багытталган эмес. Жеке телекомпанияларды жабуу чет элдик берүүнү көбөйтүүнүн фонунда бул программаларды азайтууга алып келет. |
| | | Иштеп жаткан жеке операторлордун санариптик сигналдарын ААК «Кыргызтелекомдун» түйүндөрү боюнча ташып жеткирүүгө жеңилдетилген шарттарды берүү керек. | Жеке түйүндөрдү курууну баары бир ААК «Кыргызтелекомдун» монополиялык ресурстарын колдонуу менен ишке ашырууга туура келет. Жеңилдетилген шарттар ата-мекендик телеканалдарга өз түйүндөрүн өткөөл маалда керектүү деңгээлде өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет. | Санарипке өтүүгө кеткен чыгымдар иштеп жаткан телекомпаниялардын каржы ресурстарынан ашып кетиши мүмкүн. Өзгөчө бул кичи станцияларга абдан таасир берет. Эгерде аларга өткөөл маалда көмөк көрсөтүлбөсө алар биринчилерден болуп жабылышат (банкрот). | |
| | | Мамлекет өтүүнү ишке ашыруу үчүн каражат издөөгө көмөк көрсөтүүсү керек. | Биз санарипке өткөндөн кийин иштеп жаткан телекомпаниялардын көбүрөөк санын сактап кала алабыз. | | |

| № | Маселе | Маселени чечүү варианттары | Артыкчылыктар | Мүмкүн болгон коркунучтар | Маселени чечүүнүн тандалган артыкчылыктуу вариантын негиздөө |
|---|---|---|---|---|---|
| 4. | Ата-мекендик телерадиокомпанияларга жеке контентин калыптандырууга караганда чет элдик телерадиоканалдарды кайра трансляциялоо кирешелүүрөөк. | КР «Телеберүү жана радиоуктуруу жөнүндө» мыйзамынын демөөрчүлүк жардамды тартуу жөнүндө 33-беренесине өзгөртүү киргизүү аркылуу жеке чыгаруучу студияларды экономиканын жана өндүрүштүн өзүнчө тармагы катары өнүгүүсүн стимулдаштыруу керек. | Бюджеттик каражаттардан акча бөлүүнү талап кылбайт.<br>Ички рынок демөөрчүлүктүн эсебинен улуттук аудиовизуалдык продукция менен толукталат. | Сапатсыз жана туура эмес улуттук аудиовизуалдык продукциянын пайда болушу. | Санариптик берүүнү киргизүүнү ата-мекендик берүүнү өнүктүрүүдөгү бурулуш учур катары пайдалануу керек.<br>Бир эле убакта берүү түйүндөрү жана алардагы телеканалдардын саны дагы көбөйө тургандыгын эске алуу керек. Улуттук аудиовизуалдык продукциядагы телеканалдардын чектелүү санын эске алуу менен балким көбөйтүү кайра трансляциялануучу телеканалдардын жаңы санынын эсебинен болушу мүмкүн. |
| | | Ачык түйүндөрдөгү толук кайра трансляцияланууучу телеканалдарда жарнаманы колдонууну чектөө керек. | Жарнамалык каражаттардын өлкөнүн сыртына чыгуусу чектелет. Берүүнүн өз сеткасын калыптандыруу кайра трансляциялоого караганда пайдалуураак болот. | Улуттук аудиовизуалдык продукциянын жетишсиз запасы. Жарнама рыногунун жетишсиз көлөмү. | |
| | | Улуттук аудиовизуалдык продукцияны өндүрүүгө мамлекеттик заказ системасын өнүктүрүү керек. | Ички рынок социалдык мүнөздөгү улуттук аудиовизуалдык продукция менен толукталат. | - мамлекеттик бюджеттеги каражаттын чектелүүлүгү<br>- бюджеттик каражаттарды бөлүштүрүүдөгү коррупция | |
| 5. | Сынактын шарттары санариптик телерадиоберүүнүн жаңы коммерциялык операторлору үчүн СТБнүн өнүгүүсүн стимулдаштырбайт | Лицензия берүүнүн өтө катаал болбой жана негизги оператор ААК «Кыргызтелекомго» преференция бербей турган шарттарын алдын ала кароо керек. | Операторлор көрсөткөн кызматтарынын сапатын өстүрүүгө жана кирешелерин жогорулатууга кызыкдар болушат, ал бюджетке кеткен бажы жана башка төлөмдөрдө чагылдырылат. | Негизги пайданы операторлор дотациялык аймактарга жиберүүгө мажбур болушат, ал кызматтык тейлөөнүн сапатынын жогорулашын кечеңдетет жана бажы төлөмдөрүн азайтат. | Берүү операторлорунун санын көбөйтүү СТБ рыногунда атаандаштыкка алып келет. Абонент үчүн болгон күрөш кызматтын баасына жана сапатына таасир берет. Азыркы шарттар ААК «Кыргызтелекомду» алдын ала эле алдыңкы орунга чыгарат. |

| № | Маселе | Маселени чечүү варианттары | Артыкчылыктар | Мүмкүн болгон коркунучтар | Маселени чечүүнүн тандалган артыкчылыктуу вариантын негиздөө |
|---|---|---|---|---|---|
| 6. | Калк санариптик телерадиоберүү программаларын кабыл алууга даяр эмес. | Санарипке өтүүнүн принциптерин, себептерин жана процедураларын түшүндүрүү боюнча агартуучулук ишти активдештирүү. | Калкты санарипке өтүүнүн белгиленген мөөнөтүнө даярдоого болот. | Өткөөл мезгилде боштук пайда болушу мүмкүн, ал аудиториянын спутниктик берүүгө же чет элдик операторлордун түйүндөрүнө кетүүлөрүнө таасир берет. | Санариптик телерадиоберүүнүн башкы керектөөчүсү калк болот. Өзгөчө, аймактын жашоочулары, анткени, кабельдик жана IP-түйүндөрү Бишкекте гана бар. Калк биздин маалыматтык жана улуттук коопсуздугубузду калыптандыруунун негизи болуп саналат. Калктын берүүнүн башка каражаттарына өтүп кетиши биздин өлкөнүн маалыматтык системасы менен өз ара аракеттешүүсүнө сөзсүз түрдө таасирин берет. |
| | | Калкка программалардын ачык жана жабык пакеттеринин ортосундагы айырмачылыктарды жана операторду тандоо принциптерин түшүндүрүү. | Ашыкча чыгымдарды чектөөгө жана алардын каалоолоруна туура келген операторду тандоону үйрөтүүгө болот. | Программалардын акысыз пакетин кабыл алуу үчүн сөзсүз түрдө эле коддолгон кымбат кабыл алгычтарды сатып алуу керек эмес. Балким, кээ бир телекөрүүчүлөргө ушунун өзү эле жетиштүү болоттур. | |
| | | СТБнүн ар кандай пакетин кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусу үчүн эмнени кимден алуу керектигин түшүндүрүү. | Керектүү санариптик кабылдагычтарды тандоого жардам берүүгө болот (STB). | Санариптик кабылдагычтарды (STB) алып кирүү азыркыга чейин жөнгө салынбагандыгын эске алуу менен рынокто сертификатталган жабдыктын пайда болушу мүмкүн. Бул СТБнү кабыл алуу сапатына таасир этиши мүмкүн. | |

# ДОЛБООР

**Айрым Мыйзам актыларына өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү боюнча КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ**

1-Берене.

Кыргыз Республикасынын "Электр жана почта байланышы тууралуу" мыйзамына төмөнкү толуктоо жана өзгөртүүлөр киргизилсин (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, 1998 ж., №8 берене, 230а):

1. 2-беренесине:

- Беренеге төмөнкү мазмундагы жаңы абзацтарды кошуу:

Берүүлөр мультиплекси – телерадиоканалдардын жыйындысы, ошондой эле, бул телерадиоканалдар курамына кирген, электр байланыш тармагында бир канал аркылуу өткөрүлүп берилчү санариптик пакет боюнча тийешелүү кошумча маалыматтар.

Берүүлөр каналы – Бир аналогдук телеберүүлөр каналын жер үстүндө эфирдик жайылтууга багытталган техникалык жана программалык каражаттардын жыйындысы, бул каражаттардын параметри аныктаган санариптик телеканалдардын берүүлөр мультиплекси тараган аймакка эквиваленттүү. Берүүлөр каналы керектүү радиожыштык спектри менен камсыз болот.

Телерадиоберүүлөр оператору – теле-, радиоканалдарды жайылтууга, электр байланыш жана/же маалымат өткөрүү чөйрөсүндө тийиштүү лицензиясы бар электр байланыш оператору;

Маалымат, билдирме өткөрүп берүү – Маалымат, билдирмелердин электр байланыш каражаттары аркылуу бир чекиттен бир чекитке, же бир чекиттен бир нече чекитке сигнал түрүндө өткөрүлүп берилиши (санариптик бит агымы);

Теле-, радиоканалдарды жайылтуу – Пайдаланылып жаткан технологияга карабай, электр байланыш тармактары аркылуу теле-, радиоканалдардын электр сигналдарын керектөөчүлөргө(элге) жеткирүү;

Теле-, радиоканалдардын электр сигналдарынын түзүлүшү – Пайдаланылып жаткан технологияларга карабай, электр байланыш тармактары аркылуу таратуу үчүн теле-, радиоканалдардын программаларын электр сигналдарына айландыруу;

Радиоэлектрондук каражаттарды эксплуатациялоо укугуна ээ болуу (жыштыкка ээ болуу) – Байланыш боюнча тийиштүү мамлекеттик орган тарабынан кандайдыр бир радиоэолектрондук каражат жана/же жогорку жыштыктуу каражатка конкреттүү радиожыштык же радиожыштык каналын айрым бир шарттарда электромагниттик шайкештикти камсыз кылуу үчүн пайдаланууга берилүүчү уруксат».

- төмөнкү терминдерди оңдоп киргизүү:

«Лицензия – Лицензия тууралуу ушул жана башка мыйзамдарга ылайык, атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан берилчү, мамлекеттик лицензиялаштыруу киргизилген ишмердүүлүккө күбөлөндүрүлгөн укук берчү документ;

Электр байланыш кызматтары - бир же бир нече юридикалык уюмдарга же жеке адамдарга талаптандырылуучу теле-, радиоканалдарды жайылтууну кошуп, электр байланыш маалыматтарын кабыл алуу жана өткөрүү кызматтары. Электр байланыш кызматтары Массалык маалымат каражаттарынын кызматтарынан тышкары болуп эсептелинет.

Массалык маалымат каражаттарынын кызматтары – Пайдаланылып жаткан технологияларга карабастан, электр байланыш тармактары аркылуу өткөрүлчү теле-, радиоканалдардын электр сигналдарынын түзүлүшү. Массалык маалымат каражаттарынын кызматтары электрбайланыш кызматтары болуп эсептелинбейт.»

- «Кабелдик телеберүү системасы», «Кабелдик телеберүү кызматтары» - аныктамаларын алып салуу керек.

2. 8-Беренеде:

2-Абзацта 2-бөлүгүндө "Лицензия тууралуу" сөз айкалышын "Кыргыз Республикасынын лицензия-уруксаат беруү системасы" деген сөздөр менен алмаштыруу керек.

4-Абзацта 2-бөлүгүндө төмөнкү оңдоолорду киргизүү;

«- Жыштыктарды радиоэлектрондук каражаттарга пайдаланууга уруксаат берүү «Кыргыз Республикасында лицензия-уруксаат берүү системасы» тууралуу жана ушул Мыйзамга ылайык жүргүзүлөт.

4-бөлүктө оңдоолор:

«Байланыш боюнча ыйгарым укуктуу органды багууга чыгашалар электр байланыш тармагын өнүктүрүүгө электр байланыш операторлорунун кирешелеринин 0,9% өлчөмүндө жыл сайын милдеттүү түрдө төлөнчү мүчө акыларынан жыйылат; стандарттарды иштеп чыгууда, ылайыкташ сертификатын берүүдө чыгашаларын компенсациялоодо төлөнчү бир жолку төлөм; мамлекеттик радиомониторинг системасын жана мобилдик байланыш каражаттарын идентификациялоонун мамлекеттик системасын өнүктүрүү, жакшыртууга, номинал жана (же) радиожыштык спектринин радиожыштыгынын полосаларын пайдаланууда жыл сайын төлөнчү төлөмдөр; ошондой эле, грант, донорлордун жана башка уюмдардын жардамы.

3. Мыйзамда 9-Беренеде:

- 1-бөлүгүндө:

«же массалык маалымат каражаттарынын кызматтар» сөздөрүн алып салуу керек, «негизинде» деген сөздөрдөн кийин алып салып, «лицензиялар жана (же) жыштыкка ээ болуу» сөздөрүн кошуп жазып, «уруксат» сөзүн алып салуу керек.

- 2-бөлүктү оңдоо:

«Жыштыкка ээ болуу радиожыштык спектрин пайдаланууга тйииштүү лицензиянын мөөнөтүнө жараша болот. Өндүрүш бейкоммерциялык максаттарда жыштыкка ээ болуу (электрбайланыш жана (же) маалымат, билдирмелерди берүү чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүгө байланышы жок) берилген арыздын негизинде, 2 жылдан аз эмес, 5 тен көп эмес жылга берилет»;

- 4 жана 5 бөлүктөрдү алып салуу керек;

- Беренеге жаңы 4-10 бөлүктөрдү оңдоп кошуу керек:

«4. Радиожыштык спектрин пайдаланууга лицензиялар жыштыкка ээ болуу, берилет, кайра түзүлөт, токтотулат, ишин токтотот же лицензиялаштыруу боюнча мыйзамдардын жана ушул мыйзамга ылайык жок кылынат.

5. Номиналдар жана (же) жыштыктардын полосалары юридикалык уюмдар жана жеке адамдар тарабынан радиоэлектрондук жана/же жогорку жыштыктагы каражаттар менен электромагниттик шайкештик болбогондо, ведомство жана/же эл аралык макулдашууларда тыюу салынганда, ошондой эле эркин радиожыштык спектри жок болгондо пайдаланылбайт.

6. Радиожыштык спектрин пайдаланууга болгон лицензиянын мөөнөтү узартылбайт, ал эми лицензия/жыштыкка ээ болуу байланыш боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан кайра түзүлбөйт. Бул учурда лицензиатка 3 жыл мурун төмөнкү учурларда милдеттүү түрдө билдирме берүү керек:

а) номинал жана (же) радиожыштык полосалары улуттук коопсуздукту, тартипти сактоо камсыз кылуу, өзгөчө кырдаалдарды жөнгө салууда талап кылынганда, ошондой эле КР ӨКмөтүнүн чечими менен гана;

б) радиожыштык спектрин пайдалануу жаатында Кыргыз Республикасы катышкан эл аралык келишимдердин негизинде;

в) номинал жана (же) жыштык полосаларын натыйжасыз пайдалануу.

7. Ушул березенин 6-бөлүгүндө а жана б пунктчаларында көрсөтүлгөн учурларда, байланыш боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, лицензиялаштыруу мыйзамдарына ылайык, лицензиатка же колдонуучуга тийиштүү радиожыштык ресурсуна радиожыштык спектрин пайдалануу үчүн соода-сатыксыз(аукцион, сынак) лицензия же жыштыкка ээ болуу укугун берүүгө милдеттүү. Лицензияны жана (же) жыштыкка ээ болууну узартууга каршылык болсо, лицензиат аны Кыргыз рсепубликасынын мыйзамдарында көрсөтүлгөн тартипте чече алат.

8. Радиожыштык спектрин пайдаланууга болгон лицензияны жана (же) жыштыкка ээ болууну мөөнөтү бүткүчө эле жокко чыгарылса, байланыш боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган арыз менен сотко кайрылууга укуктуу.

Мындай учурларда, электрбайланыш операторлору же башка радиожыштыкты пайдалануучулар тарткан чыгашалардын ордун толтуруу маселелери сот тарабынан лицензия жана (же) уруксатты жокко чыгаруу боюнча чыгарган чечимине жараша чечилет.

9. Номиналдардын жана (же) радиожыштык полосаларын пайдалануу натыйжасыз деп төмөнкү учурларда эсептелинет:

- бөлүнүп берилген номинал жана (же) радиожыштык полосалары радиожыштык спектрин пайдаланууга берилчү лицензиянын берилген мөөнөтүнөн 2 жыл ичинде пайдаланбаса;

- Берилген лиценциянын Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген критерийлерди эске алуу менен радиожыштык ресурсунун радиожыштык спектринин 30 пайызынан азын гана пайдаланганда;

10. Радиожыштык спектрин жана (же) жыштыкка ээ болуу лицензияларын берүү, кайра түзүү, ишин токтотуу, жокко чыгаруу маселелери Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен лицензиялаштыруу боюнча жоболордун негизинде тескелет.».

4. Мыйзамдын 10-Беренесинде:

- 2-бөлүктө төмөнкү оңдоолорду киргизүү:

«2. Юридикалык уюмдардын жана жеке адамдардын байланыш тармагында ишмердүүлүгү лицензиянын негизинде (лицензия талаптарын кошуп) Лицензиялаштыруу мыйзамдарына жана ушул мыйзамга ылайык жүргүзүлөт.»;

- 3-бөлүгүндө «мыйзамдын 28 беренесинде 3-бөлүгүндө каралган, же ушундай учурларда» сөздөрүн алып салуу керек;

- 4-бөлүгүндө төмөнкү оңдоолорду киргизүү:

«4. Лицензиялоого лицензия жаатында мыйзамдарда каралган ишмердүүлүктүн баардык түрлөрү туура келет.».

- 5-бөлүктө «байланыш кызматы» деген сөздөрдөн кийин, «, соода-сатык (аукцион, сынак) жыйынтыгында берилген лицензияларды кошпогондо» деген сөздөрдү кошуу керек ;

- 6-бөлүктү төмөнкүдөй оңдоо:

«6. Лицензияны алуудан бошотулат:

- Бир же жакын жайгашкан имараттарда жайгашкан, ошондой эле, байланыш боюнча ыйгарым уккутуу мамлекеттик орган аныктаган жайгашуусу белгиленген алыстыкка туура келген абоненттик точкаларга ээ жана коомдук аймактарды кыя өтпөгөн электрбайланыш тармактар операторлору жана кызматтары;

- Радиокызматты, башкача айтканда радиобайланыш кызматын, радиожыштыктарды өздөрү үчүн эле пайдаланган(билим алууга, баарлашуу, техникалык изилдөөлөр үчүн), материалдык каражат табуудан тышкары максатта пайдаланган жеке адамдар жана (же) юридикалык уюмдар;

-бөлүнүп берилген жамааттык диапазон жыштыктарында сүйлөшүү үчүн кабыл алуучу, өткөрүүчү радиостанцияларды пайдалануучу жеке адамдар жана (же) юридикалык уюмдар (26065 – 28005 кГц нурлантуу классы үчүн F3E, 26960-27105 кГц нурлантуу классы үчүн A3E, 26065-28005 кГц нурлантуу классы үчүн SSB.»;

- Беренеде 7 –бөлүктү кошуу:

« 7.Лицензияны жана (же) жыштыкка ээ болуу укугун алуудан кыска аралыкта бир тараптуу же эки тараптуу байланышты камсыз кылуучу аз кубаттуулуктагы радиоаппараттарды пайдаланган жеке адамдар жана юридикалык уюмдар бошотулат. Аз кубаттуулуктагы радиоаппараттардын тизмеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.».

- Беренеде 8-бөлүктү кошуу:

«8. Кайсы учурларда лицензия соода-сатыктын (аукцион, сынак) жыйынтыгында берилет? Эгерде байланыш кызматы байланыш боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган аймактагы бир же башка аныкталган сандагы электр байланыш операторлору менен чектелген мамлекеттик ресурс – радиожыштык спектрин пайдалануу менен көрсөтүлсө. Радиожыштык спектрин пайдалануу үчүн лицензия алууга соода-сатыкты (аукцион, сынак) өткөрүү тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет».

5. 11-Беренеде:

Берененин аталышын төмөнкүдөй кылып оңдоо:

«11-Берене. Электр байланыш тармагында ишмердүүлүккө берилчү лицензиялар жана жалпы лицензиялык талаптар».

1-абзацтын биринчи сүйлөмүндө «жалпы пайдалануудагы электр байланыш тармактарын эксплуатациялоо же жалпы пайдалануудагы электр байланыш кызматтарын көрсөтүү» сөздөрүн « электр байланыш чөйрөсүндө ишмердүүлүккө» деген сөздөр менен алмаштыруу;

1 абзацта үчүнчү сүйлөмдү төмөнкүдөй кылып оңдоо:

«Жалпы лицензиялык талаптарда көрсөтүлүшү керек:» мындан ары текст боюнча кетет.

11-Абзацты алып салуу керек;

21-Абзацта «кабелдик телеберүү системалары» деген сөздөрдү «телерадиберүүлөр» деген сөз менен алмаштыруу.

23-Абзацты төмөнкүдөй оңдоо:

«- электр байланыш тармактарын өнүктүрүүгө милдеттүү түрдөгү мүчө акылардын төлөнүшү;».

26-Абзацты алып салуу керек

6. 12-Беренени төмөнкүдөй оңдоо:

«12-Берене. Радиожыштык спектрин пайдалануу боюнча почта байланышы, билдирмелерди берүү жаатында ишмердүүлүккө берилчү лицензиялар.

Жогоруда айтылган лицензияларды берүүдө жалпы лицензиялык талаптар Мыйзамдын 11-беренесинде көрсөтүлгөн жоболорго карата өзгөртүлүшү мүмкүн.».

7. 16-Беренеде:

Биринчи бөлүктү төмөнкүдөй оңдоп киргизүү:

«Юридикалык уюмдар жана жеке адамдар каалаган лицензиясына, жыштыкка ээ болуу укугуна ээ.».

Төртүнчү бөлүктү алып салуу керек.

8. Мыйзамга төмөнкү мазмундагы 23-1 Беренесин кошумча киргизүү:

«23-1 Беренеси. Теле-, радиоканалдарды жайылтуу.

1. Электр байланыш тармактары аркылуу жайылтууга багытталган теле-, радиоканалдардын электр сигналдарын түзүү Массалык маалымат каражаттары жаатында Кыргыз Республикасынын телерадиоберүү мыйзамдары жана башка нормативдик-укуктук актылар менен тескелет.

2. Теле-, радиоканалдарды жайылтуу, теле-, радиоканалдарды берүүлор мультиплексине пакеттештирүүнү кошкондо, электр байланыш чөйрөсүнө кирет жана кандай технология пайдаланылып жаткандыгына карабай, байланыш жаатында ушул Мыйзам жана Кыргыз Республикасынын башка нормативдик-укуктук актылар менен тескелет. Теле-, радиоканалдардын сигналдарын таратуучу электр байланыш оператору бул учурда телерадиоберүү оператору да болуп эсептелинет жана аларды керектөөчүгө чейин жеткирүүнү камсыз кылууга милдеттүү.

3. Телерадиоберүү оператору өзүнүн электр байланыш тармактарын Кыргыз Республикасынын «Телеберүү жана радиоуктуруу тууралуу Мыйзамына» ылайык, пайдалана алат:

- Кыргыз Республикасынын аймагында массалык маалымат каражат катары катталган жана лицензиялаштыруу менен телерадиоберүүлөр тууралуу мыйзамдарга ылайык, аналогдук жана (же) санариптик берүүлөр пакетине кирүүгө тийиштүү уруксаты бар теле-, радиоканалдар;

- жана (же) чет элдик теле-, радиоканалдар.

4. Эгерде телерадиоберүү оператору ретрансляцияланган теле-, радиоканалдардын берүүлөр сеткасына өзгөртүүкиргизе турган болсо, бул оператор Кыргыз Республикасынын «Телеберүү жана радиоуктуруулар тууралуу» мыйзамына ылайык, телерадио уюм катары катталышы керек.

5. Радиоэлектрондук жана (же) жогорку жыштыктагы каражаттардын электромагниттик айкалышуусун камсыз кылуу максатында теле-, радиоканалдарды таратууда радиожыштык спектрин пайдалануу ушул Мыйзам, Кыргыз Республикасында колдонулган эл аралык келишимдердин нормалары, радиожыштык спектрин пайдалануу жаатында келишимдер менен тескелет.».

9. 28-беренеде:

1-бөлүктө «ушул беренеде каралган учурларды эске албаганда» деген сөздөрдү алып салуу керек, 2,3,4-бөлүктөрдү алып салуу керек;

2-Берене.

«Кыргыз Республикасынын лицензия-уруксат берүү системасы тууралуу» Мыйзамына («Эркин Тоо» гезити, 2013-жылдын 29-октябры, № 87 саны) төмөнкү өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү:

1. 15-Беренесине:

14-пунктчаны алып салуу керек;

15-60 пунктчалардын тизмесин кайра тууралап жазып чыгуу(14-пунктчаны алып салгандан кийин).

2. 17-беренеге төмөнкү мазмундагы 32-пунктчаны кошуу:

«32) теле-, радиоканалдарды аналогдук берүүлөрдө жана/же санариптик берүүлөрдүн пакетинде жайгаштыруу;»

32- 36-пунктчаларынын тизмесин кайра 33 – 37 деп тууралап жазып чыгуу.

3. 19-беренеге төмөнкү мазмундагы 2-бөлүктү кошуу:

«2. Соода-сатыктын(аукцион, сынак) жыйынтыгында лицензия берүүдө, лицензиялык төлөм соода-сатыктын (аукцион, сынак) белгиленген шартында көрсөтүлгөн өлчөмүндө алынат.

Соода-сатыктын (аукцион, сынак) жыйынтыгында лицензия алууда лицензиялык жыйымдардын өлчөмү лицензиардын жумушуна жана иш-чараларды даярдоо жана өткөрүүгө жумшаган чыгашалары менен эсептешет жана чектелген мамлекеттик

ресурстарды натыйжалуу пайдаланууну камсыз кылуунун муктаждыгын чагылдырат. Бул жыйым инновациялык кызмат жана атаандаштыкты өнүктүрүүгө өнөктөшүү муктаждыгын эске алат. Анын түзүлүшү боюнча маселелерди Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктайт»;

- 19-берененин 2- жана 3-бөлүктөрүн 3-,4- деп көрсөтүү

4. 20-берененин 1-бөлүгүн төмөнкүдөй оңдоо:

«1. Лицензия жана (же) уруксат лицензиар тарабынан лицензия алуу боюнча атайын арызды кароонун жыйынтыгында берилет, электр байланыш жаатында ишмердүүлүктү тескөөчү Кыргыз Республикасында бекитилгендей, соода-сатыктын (аукцион, сынак) жыйынтыгында берилет. Радиожыштык спектрин пайдалануу укугу үчүн лицензияга соода-сатыкты (аукцион, сынак) өткөрүү зарылчылыгы жана тартибин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекитет.

Лицензия жана (же) уруксатты берүү же бербей тургандыгы тууралуу чечимди лицензиар өзү чечет:

1) арызды кароо жыйынтыгынан кийин – арызды башка керектүү документтери менен кошо берген күндөн 30 календардык күнгө чейин;

2) соода-сатыкты (аукцион, сынак) өткөрүү жыйынтыгынан кийин – соода сатыкты (аукцион, сынак) өткөрүү жыйынтыгынан 30 календардык күнгө чейин, Кыргыз Рсепубликасы менен чектеш мамлекеттер ортосунда эл аралык тиийштүү макулдашуулардан кийин жана бул чектеш өлкөлөрдүн ыйгарым укуктуу органдарынан колдогон бүтүмүн алгандан кийин.

Мыйзамдын 17-беренесинин 31) пунктчасында каралган иштин түрүнө берилчү уруксат Кыргыз Республикасы менен чектеш өлкөлөрдүн ыйгарым укуктуу органдарынан талап кылынган эл аралык макулдуктарын алгандан кийин, календардык 30 күндүн ичинде берилет.».

5. 21-Беренеде:

1-бөлүктү төмөнкү мазмундагы 6) жана 7) пунктчалар менен толуктоо:

«6) эркин радиожыштык ресурсу болбосо, аймагы радиоэлектрондук каражатты ишке киргизүү менен таасирленип калышы мүмкүн делген өлкөлөрдүн ыйгарым укуктуу органдары эл аралык макулдашууга келбесе, ишке киргизилген радиоэлектрондук каражат тарабынан аларга зыяндуу тоскоолдуктар пайда болсо, радиоэлектрондук каражаттар менен электрмагниттик шайкештик болбосо;

7) Лицензия алууга арыз ээси соода-сатыктын (аукцион, сынак) жыйынтыгында жеңүүчү деп табылбаса, эгерде лицензия соода-сатыктын (аукцион, сынак) жыйынтыгында берилип жаткан учурларда.».

6. 31-беренеде:

1-бөлүктүн 5) пунктчасында “ишкердүүлүктүн түрү” деген сөздөрдөн кийин, «же электр байланыш жана (же) билдирмелерди берүү кызматтарын көрсөтүү үчүн радиожыштык спектрин пайдаланууну токтотуу, жана (же) радиоэлектрондук каражаттарды эксплуатациялоо укугунан ыктыярдуу түрдө өз эрки менен баш тартуу» деген сөздөрдү кошуп жазуу керек;

7. 32-беренени төмөнкү мазмундагы 2-бөлүк менен толуктоо:

«2. Номиналдар жана (же) радиожыштык полосалары улуттук коргоо, коопсуздукту камсыз кылуу максатында, тартип сактоо же өзгөчө кырдаалдар учурунда жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими менен талап кылынган учурларда; же радиожыштык спектрин пайдалануу жаатында Кыргыз Республикасы катышуучу болгон эл аралык келишимдерге ылайык учурларда, же электр байланыш жаатында мыйзамдарда бекитилген критерийлерге ылайык, лицензиатка бөлүнгөн радиожыштык спектрин натыйжасыз пайдаланышы жана (же)пайдаланбашы, ошондой эле, лицензия лицензиардын арызын сот тарабынан кароонун негизинде да жокко чыгарылат».

3-берене.

Кыргыз Рсепубликасынын (Телеберүү жана радиоуктуруу тууралуу) Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши, 2008-ж., № 6/2, 570-бер.) төмөнкү толуктоо жана өзгөртүүлөрдү киргизүү:

Мыйзамда «радиоуктуруу уюму», «телерадиоберүү уюму» сөздөрүн керектүү жөндөмөдө «радио-уюм», «телерадиоуюм» деген сөздөр менен тийиштүү жөндөмөдө коюп, жазып чыгуу;

1-беренеде:

1-бөлүктү төмөндөгүдөй оңдоо:

«1. Ушул Мыйзам мүлк формасына, түзүлүү максатына, устав ишмердүүлүгүнүн түрүнө, телерадиопрограмма,телерадиоберүүлөр,телерадиоканалдарды таратуу ыкмасына карабай, керектөөчүлөрдүн массалык кабыл алуусуна багытталган телеберүү, радио- каналдар, ошондой эле, телерадиоберүүлөрдү даярдоо жана таратуу жаатында ишмердүүлүк менен алектенген субъектилерге иштейт.»;

2-бөлүктө «программа жана берүүлөр» деген сөздөрдү «теле-, радиоканалдарды» деген сөздөр менен алмаштыруу керек.

3-Беренени төмөнкүдөй оңдоо:

«3-Берене. Терминдердин аныктамасы.

Мыйзамда колдонулган түшүнүктөр төмөнкү маанисинде пайдаланылат:

Аналогдук берүү – сигналдарды аналогдук кайра иштетүү ыкмалары менен теле, радиоканалдарды таратуу системасы;

Санариптик берүүлөр пакети – электр байланыш тармактары аркылуу берилүүчү санарип пакетине бириктирилген теле-, радиоканалдардын жыйындысы. Санариптик пакетке субтитр, телетекст, телегид жана башка кошумча маалыматтар да кириши мүмкүн;

аккредитация – мамлекеттик жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарында, мекеме, уюм жана ишканаларда алардын ишмердүүлүгүн чагылдырууга телеберүү жана радио уюмдардын өкүлдөрүн каттоо процедурасы;

мамлекеттик телеберүү жана радио- уюмдары - жарандарды маалымат менен камсыз кылуу максатында мамлекеттик бийлик органдары тарабынан түзүлгөн жана мекеме статусуна ээ мамлекеттик уюмдар болуп эсептелинген телерадио уюмдар;

үн коштоочу көп каналдуу берүү – керектөөчүгө тилди тандап алуу мүмкүнчүлүгүн берүүчү телепрограммада бир же андан көп үн коштогон берүү;

коомдук телеберүү жана радио- уюмдар - жарандарды маалымат менен камсыз кылуу максатында жарандык коом тарабынан же жарандык коомдун катышуусу менен өкмөт тарабынан түзүлгөн телерадио уюмдар;

жамааттык телеберүү жана радио- уюмдар – жамаат жана/же жергиликтүү коомчулуктун керектөөсүн канааттандыруу максатында жеке адамдар, жамаат жана/же башка аймактык жана/же кызыкчылык белгилери боюнча биригишкен жергиликтүү коомчулуктар тарабынан түзүлгөн телерадиоуюмдар;

телерадиоберүү оператору - лицензиялык талаптарында теле-, радиоканалдарды таратуу да кирген, электр байланыш жана (же) билдирме берүү жаатында тийиштүү лицензиянын ээси болгон электр байланыш оператору;

теле-, радиоканалдын программа концепциясы - Ушул Мыйзамдын талаптарына ылайык, теле-, радиоканалдардын программа жана берүүлөрүнүн мазмундук мүнөзүн аныктоочу документ;

түз трансляция – теле- же радиоберүүлөрдүн алдын-ала жаздыруусуз жана монтажсыз түз трансляциясы;

теле-, радиоканалдарды жайгаштырууга уруксат - аналогдук берүү жана/же санариптик берүү пакетинде теле-, радиоканалды жайгаштырууга укугун тастыктоочу, лицензия-уруксат системасы тууралуу мыйзамдарга ылайык, ыйгарым укуктуу орган тарабынан телеберүү же радио- уюмга берилчү документ ;

программажанаберүүлөр(теле-,радиоберүү)тизмеси(расписание)–телерадиоуюмдардын телерадиопрограмма, телерадиоберүүлөрүнүн хронометражы жана эфирдеги убактысы тууралуу ачык маалымат;

теле-, радиоканалдарды таратуу – телерадиоберүү операторлору тарабынан пайдаланылып жаткан технологияларга көз каранды болбостон, телекоммуникациялардын техникалык каражаттарын пайдалануу менен теле-, радиоканалдардын электр сигналдарын керектөөчүгө жеткирүү;

ретрансляция – толук жана өзгөртүлбөгөн телерадиопрограммалар, теле-, радиоканалдардын же ушундай программалардын чоң бөлүгүн, теле-, радиоканалдарды телекоммуникация каражаттарын пайдалануу менен кабыл алуу жана жайылтуу(анын ичинде жаздырып дагы);

берүү сеткасы – конкреттүү мезгилде теле-, радиоканалдын программалык концепциясынын негизги багыттарын чагылдыруучу теле-, же радиопрограмма, теле-, же радиоберүүлөрдүн тизмеси, орду, аталышы, эфирге чыгуу убактысы;

субтитрлер - маалыматты таратуу ыкмасы, телепрограмманын нукурасында коштолгон үндү текст менен кайталап берүү;

телерадиоуюмдун чыгармачылык кызматкери – телерадиоуюмдун телерадиопрограммалар жана берүүлөрү үчүн профессионалдуу түрдө маалыматтарды чогултуу, алуу, жаратуу жана/же даярдоочу штат же штаттан тышкаркы кызматкери (телерадиожурналист, продюсер, режиссер, сценарист, дизайнер, сүрөтчү, программанын же берүүнүн жетекчиси ж.б);

теле жана радио-уюм (телерадиоуюм) – теле-, радиоканалдарды даярдоо максатында мыйзам тартибинде катталган юридикалык уюм, телерадиоуюм укук жөндөмдүүлүгүнө мамлекеттик каттоодон кийин ээ болот;

теле, радио- канал (теле-, радиоканал) — Туруктуу аталыш жана бекитилген мезгилдүүлүгү менен мындан аркы жайылтуу үчүн берүү сеткасына ылайык, түзүлгөн теле, радио- программа жана башка аудиовизуалдуу чыгарма жана материалдардын жыйындысын чагылдырган массалык маалымат каражаты;

телерадиоберүү - керектөөчүлөргө(эл) жеткирүү үчүн ачык жана коддолгон түрүндө телекоммуникациянын техникалык каражаттарын пайдалануу менен теле-, радиоканалдарды түзүү жана/же жайылтуу;

ачык түрдө жайылтылчу телерадиоканал – көрүү укугу үчүн керектөөчүнүн идентификация/персонификациясыз керектөөчүлөргө (эл) телекоммуникациянын техникалык каражаттарын пайдалануу менен таратылуучу теле-, радиоканал;

коддолгон түрдө жайылтылчу телерадиоканал – көрүү укугу керектөөчүнүң идентификация/персонификациясынын негизинде камсыз болуучу керектөөчүлөргө (эл) телекоммуникациянын техникалык каражаттарын пайдалануу менен таратылуучу теле-, радиоканал;

телерадиоберүү- программалардын башка бөлүктөрүнө көз каранды эмес жана толук маалымат продуктусу деп эсептелинген, аталышы, трансляция көлөмү, автордук белгиси бар мазмундуу түрдө программанын жыйынтыкталган бөлүгү;

даярдалган чет өлкөлүк телерадиоберүү – Кыргыз Республикасынын аймагында катталбаган юридикалык уюм жана жеке адамдар тарабынан даярдалган берүүлөр;

ата-мекендик өндүрүштөгү телерадиоберүүлөр – Кыргыз Республикасынын аймагында катталган юридикалык уюмдар жана жеке адамдар тарабынан даярдалган берүүлөр;

телерадиопрограмма – туруктуу аталышы бар жана белгилүү бир берүү сеткасына кирген, телерадиоберүүлөрдүн жыйындысы;

телерадиокызматкер – өзүнүн профессионалдуу ишмердүүлүгүнүн мүнөзүнө жана кызматтык милдеттенмелерине ылайык, телерадиопрограмма жана берүүлөрдүн даярдалышына катышкан телерадиоуюмдун штат же штаттан тышкаркы кызматкери;

телекоммуникациялардын техникалык каражаттары – телерадиопрограмма, телерадиоберүү, теле-, радиоканалдардын электр сигналдарын түзүү, кабыл алуу, кайра иштетүү жана жеткирүүгө катышкан техникалык каражаттар;

трансляция – телекоммуникациялардын техникалык каражаттарын пайдалануу менен теле-, радиоканалдарды, телерадиопрограммалар, телерадиоберүүлөрдү таратуу;

маалыматтык саясат чөйрөсүндө мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган (ыйгарым укуктуу орган) – бул лицензия-уруксат ишмердүүлүк боюнча мыйзамдарга ылайык, теле-, радиоканалдардын аналогдук берүү жана/же санариптик берүүлөр пакетинде жайгашуусуна уруксат берүүчү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталчу мамлекеттик орган;

теле жана радио- уюмунун уюмдаштыруучусу(катышуучу) – уюмдаштыруу жолу менен же мыйзамда көрсөтүлгөн башка жолдор менен телерадиоуюмга же анын уставдык капиталынын бир үлүшүнө менчик укукка ээ болгон юридикалык уюм же жеке адам;

эфир убактысы – телерадиоуюм трансляция (ретрансляция) жүргүзүп жаткандагы убакыт.»

4-беренеде:

1-бөлүктө «уюмдар» деген сөздөн кийин, «телерадиоберүү операторлору» деген сөздөрдү кошуп, жазуу керек.

6-абзацтын 2-бөлүгүндө «телеберүү жана радиоуктуруу уюмдары» деген сөздөрдү «телерадиоуюмдар» деген сөз менен алмаштыруу керек.

7-абзацтын 2-бөлүгүн төмөнкүдөй оңдоо:

«-чет өлкөлүк телерадиоуюмдардын Кыргыз Республикасынын аймагында катталган телерадиоуюм жана/же телерадиоберүү операторлору менен тийиштүү келишими жок Кыргыз Республикасынын аймагында берүүлөрүн жайылтууга жол бербөө».

6-беренеде:

2-бөлүктө «өсүп келе жаткан муун» деген сөздөрдү «жашы жетелектер жана жеткинчектер» деген сөздөр менен алмаштырып жазуу.

4-бөлүктө «алардын лицензиялары» деген сөздөрдү «теле-, радиоканалды жайгаштырууга уруксат» деген сөздөр менен алмаштырып жазуу.

8-беренени төмөнкүдөй оңдоо:

«1. Телерадиоканалдарды трансляциялоону телерадио уюмдар мамлекеттик, расмий жана башка тилдерде жүргүзөт.

Ар бир телерадиоканалда трансляцияланып жаткан телерадио уюмдардын программа жана берүүлөр сеткасында жарымынан көбү кыргыз тилинде болуп, жалпы берүүлөрдүн 50 пайызын ата-мекендик өндүрүштөгү берүүлөр жана/же музыкалык жана башка чыгармалар же Кыргыз Республикасынын аткаруучулары түзүшү керек.

2. Ушул беренеде шарттарды баалоонун негизи катары телерадиоканалдардын трансляциясынын күн аралык 7.00дон 23.00 го чейинки мөөнөтү пайдаланылды.».

8-1 беренеде:

1- бөлүгүндө "берүү" сөзүн "трансляция" деген сөз менен алмаштыруу, "алардын" деген сөздөн кийин "ачык түрдө" деген сөздөр менен толуктоо.

3-бөлүгүндө "берүү" сөзүн "трансляция" деген сөз менен алмаштыруу, "алардын" деген сөздөн кийин "ачык түрдө" деген сөздөр менен толуктоо.

9-беренени төмөнкүдөй оңдоо:

«9-Берене. Телерадио системасынын Субъектилери.

1. Телерадиоберүү системасынын субъектилери болуп авторлор; аудиовизуалдуу чыгармаларды, телерадиопрограмма, телерадиоберүүлөрдү даярдагандар; телерадио уюмдар; телерадиоберүү операторлору эсептелет.

2. Кыргыз Республикасында телерадиоканалдарды түзүү жана жайылтуу боюнча ишмердүүлүк өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Кыргыз Республикасынын автордук укук жана башка укуктар жаатында мыйзамдар, ишкердүүлүк жана башка нормативдик-укуктук мыйзам актылары тарабынан тескелген

лицензия жана уруксат талап кылбаган телепрограмма, телерадиоберүү жана аудиовизуалдуу чыгармаларды жаратуу (өндүрүү/даярдоо);

- Массалык маалымат каражаттар тууралуу мыйзамдар аркылуу тескелген телерадио уюмдар тарабынан теле-, радиоканалдардын түзүлүшү жана/же жыйнагы лицензия-уруксат берүү системасы тууралуу мыйзамдарына ылайык, ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилчү теле-, радиоканалды жайгаштыруу үчүн уруксат жана теле-, радиоканалдын массалык маалымат каражаты катары катталуусун талап кылат.

- электр байланыш кызматтарына тийиштүү телерадиоберүү операторлору пайдаланган технологияларга карабастан электр байланыш тармактары аркылуу керектөөчүлөргө(эл) теле-, радиоканалдардын электр сигналдарын жеткирүү Кыргыз Республикасынын "Электр жана почта байланыш тууралуу" Мыйзамы менен тескелет жана электр байланыш жана лицензия-уруксат берүү системасы боюнча мыйзамдарынын алкагында жүргүзүлөт.

10-берененин 1-бөлүгүндө биринчи сүйлөмдө "жана" деген сөздү "жана/же" деген сөз менен алмаштыруу керек.

12-беренеде:

- берененин атлышын төмөндөгүдой оңдоо:

«12-берене. Муниципалдык жана жаматтык телерадиоуюмдар»;

Беренеде төмөнкү мазмундагы 3-6-бөлүктөрдү кошуу:

«3. Жаматтык телерадиоуюмдар жергиликтүү коомчулук жана жамаат мүчөлөрүнүн маалымат керектөөлөрүн канааттандыруу максатында жеке адамдар, жамаат жана/же кызыкчылыктары бир жана аймактык белгилер боюнча окшош жергиликтүү коомчулук тарабынан түзүлөт.

4. Жамааттык телерадиоуюмдардын өз программа жана берүүлөрүн калкка тартуулоо жана калк тарабынан кабыл алуу ыктыярдуу мүнөздө болот жана жарандык интеграция менен тилектештикти бекемдөөгө, жамааттын социалдык-экономикалык, маданий жана башка жактан өнүгүүсүнө багытталган.

5. Жамааттык телерадиоуюмдар бейкоммерциялык уюмдун уюштуруу-укуктук формасында түзүлөт.

6. Жамааттык телерадиоуюмдардын башкаруу органдарын түзүү тартиби, ишмердүүлүк маселелери ушул Мыйзамдын жоболорун эске алуу менен алардын уставдарында тескөөгө алынат.».

13-беренеде:

- 1-бөлүктү төмөндөгүдөй оңдоо:

«1. Коомдук телерадиоуюмдар жарандардын маалымат керектөөлөрүн канааттандыруу максатында жарандык коом, же жарандык коомдун катышуусунда Өкмөт тарабынан түзүлөт.

14-беренеде:

- «жарандардын маалымат керектөөлөрүн канааттандыруу максатында» сөздөрүн алып салуу керек.

- беренеге төмөнкү мазмундагы 2-пунктту кошуу керек:

«2. Жеке телерадиоуюмдарда байкоочу кеңештерди түзүү маселеси алардын уюмдаштыруучулары(катышуучулары) тарабынан чечилиши мүмкүн.».

16-беренеде:

- 3-пунктка төмөнкү мазмундагы сүйлөмдү кошуу керек:

«Ушул эле учурда телерадиоуюмдун уюмдаштыруучулары жана кызматкерлери телерадиоуюмдун байкоочу кенешинин мүчөлөрү боло алышпайт.»;

- 4-пункттун 2,3-абзацтарында

4-пункттун 2,3-абзацтарында "телерадиокабарчыларды" деген сөздү пайдаланылган жөндөмөсүндө "телерадиоуюмдардын чыгармачылык кызматкерлери жана телерадиокызматкерлер" деген сөздөр менен алмаштыруу керек.

18-беренени төмөндөгүдөй оңдоо керек:

«18-берене. Теле-, радиоканалдарды жайгаштырууга уруксат берүү

1. Кыргыз Республикасынын "Лицензия-уруксат системасы тууралуу" Мыйзамында, пайдаланылып жаткан технологияларга карабастан,аналогдук жана/же санариптик берүүлөр пакетинде теле-, радиоканалдарды жайгаштыруу мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте ыйгарым укуктуу орган тарабынан телерадиоуюмга уруксаттын негизинде жүргүзүлөт.

2. Теле-, радиоканалдарды жайгаштырууга уруксат арыздын негизинде Өкмөт аныктаган тартипте берилет. Кыргыз Республикасынын "Лицензия-уруксат системасы тууралуу" Мыйзамында көрсөтүлгөн негиздерде мындай уруксатты берүүдөн баш тартуу да каралган.

19-беренеде:

- Берененин аталышын төмөндөгүдөй оңдоо:

«19-Берене. Телеберүү жана радио- уюмдарынын теле-, радиоканалдарынын программалык концепциясы»;

- берененин 1-бөлүгүн төмөнк мазмунда жазуу:

«1. Телерадиоуюмдардын ушул Мыйзамдын 20-беренесинин 2-пунктундагы учурларды кошпогондо, милдеттүү түрдө теле-, радиоканалдарынын программалык концепциясы болушу керек.».

- 2-бөлүктү төмөнкүдөй жазуу керек:

«2. Телерадиоуюмдун берүүлөрүнүн программалык концепциясы аныктайт:

- аудиовизуалдуу жана/же Кыргыз Республикасынын аткаруучуларынын же авторлорунун музыкалык жана башка чыгармаларынын,ата-мекендик өндүрүштөгү телерадиоберүүлөрүнүн көлөмүн;

- чет элдик өндүрүштөгү телерадиоберүүлөрдүн көлөмү жана ретрансляция; ;

- программа жана берүүлөрдүн жанрдык бөлүштүрүүлөрү

- коомдун позитивдүү физикалык, акыл-эс жана моралдык өнүгүүсүнө эсептелген программа жана берүүлөрдү жайылтуу саясатын.».

20-беренени төмөнкүдөй оңдоо:

«20-берене. Телерадиоканалдар жана телерадиоберүүлөрдүн ретрансляциясы.

1. Теле-, радиоканалдардын жана телерадиопрограммалардын ретрансляциясы Кыргыз Республикасынын аймагында чектелбейт.

2. Теле-, радиоканалдардын толук турдө ретрансляциясын алардын берүүлөрүнүн сеткасына эч кандай өзгөртүүлөрдү киргизбестен,телерадиоуюмдар жана/же телерадиоберүү операторлору жүргүзө алышат. Бул учурда, алар ушул Мыйзамдын 8-беренесинин 1,2-пункттарынын талаптарына баш ийишпейт.

3.Чет элдик телерадиоканалдарды толук жана ачык турдө ретрансляциялоо укугу мыйзамда бекитилген тартипте ыйгарым укуктуу орган тарабынан телерадиоберүү оператору же телерадиоуюмга берилчү теле-, радиоканалдарды жайгаштыруу уруксаты менен аныкталат. Телерадиоканалды жайгаштырууга уруксаты бар телерадиоуюмдар гана телепрограмма, берүүлөр, теле-, радиоканалдардын чоң бөлүгүн ретрансляциялай алат. Ретрансляциянын максималдуу көлөмү жана багыттоочу тизмек(жанрлар боюнча) телерадиоканалдын программалык концепциясы тарабынан аныкталат.

4. Телерадиопрограмма жана берүүлөрдү ретрансляциялоону жүргүзгөн жана бул үчүн өндүрүүчүдөн тийиштүү уруксат алган телеберүү оператору жана телерадиоуюм Кыргыз Рсепубликасынын мыйзамдарынын талаптарын аткарууга милдеттүү.».

21-берененi төмөнкүдөй оңдоо:

«21-берене. Теле-, радиоканалдарды берүү

1. Телерадиоуюм аналогдук берүү жана санариптик берүүлөр пакетинде телерадиоканалдарды жайгаштырууну тийиштүү уруксатты алгандан бир жылга жетпей жүргузүүгө милдеттүү. Мындай жайгаштыруунун башталышы тууралуу уруксатты берген ыйгарым укуктуу органга он күн ичинде билдирүүсү керек.

2. Берененин 2-пунктун бузуу же теле-радиоканалдын берүүлөрүнүн 30 календардык күндөн ашык убакытка токтошу, мыйзамда бекитилген тартипке ылайык, тийиштүү уруксатты кайра артка алууга (жокко чыгаруу) негиз боло алат.

3. теле-, радиоканалдарды жайгаштырууга уруксатты жокко чыгаруу чечиминен кийин берүүлөрдүн уланышы, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, телерадиоуюмдун, телеберүү операторунун жетекчилигинин жоопко тартылышына алып келет.

4. Телерадиоберүү оператору жылына бир жолу, календарда 1-марттан калбай тийиштүү органга өз сеткасында трансляцияланган/ретрансляцияланган телеканалдардардын тизмеси тууралуу билдирип турууга милдеттүү. Эгерде тизмеге өзгөртүү киргизиле турган болсо, тийиштүү органга бул өзгөртүүкиргизилгенден тарта, 30 календар күн өтпөй билдирүүгө милдеттүү.».

18. 22-,24-Беренелерди Мыйзамдан алып салуу.

19. 23-Беренеде «трансляциялоо» деген сөздү «чыгарылышта» деген сөз менен алмаштыруу.

20. 27-беренеде 2 пунктунда «чет өлкөлүк» деген сөздү «чет элдик» деген сөз менен алмаштыруу, «телерадиокомпанияларды» деген сөздү «телерадиоканалдарды» деген сөз менен алмаштыруу, «аудиовизуалдуу продукциялар» деген сөз айкалышын «аудиовизуалдуу чыгармалар» деген сөз айкалышы менен алмаштыруу.

21. 32-Беренеге төмөнкү мазмундагы 2-бөлүмдү кошуу:

«2. Чет өлкөлүк теле-, радиоканалдарды жер үстүндөгү санариптик эфирдик берүүлөр аркылуу ачык түрдө толук ретрансляциялооону жүргүзгөн телерадио уюмдары жана телерадиоберүү операторлору саат 7.00дөн 23.00 гө чейин мындай ретрансляцияны жарнамасыз, анын ичинде чет өлкөлүк телерадиоканал аркылуу берилчү жарнамалары жок жүргүзүүгө милдеттүү.»

22. 33-Беренени төмөнкүдөй оңдоо:

«33-Берене. Демөөрчүлүк

1. Телерадиопрограмма, телерадиоберүү, аудиовизуалдуу жана/же музыкалык жана башка чыгармаларды даярдоодо Демөөрчүлүк(мындан ары - демөөрчүлүк) деп, юридикалык уюм же жеке адам катары(демөөрчү) даярдоодо же трансляциялоодо демөөрчү тууралуу же/жана товар жана кызматтары тууралуу маалыматтарды жайылтуу шарты менен салым (бир бөлүгү же толук каржылоо, мүлкүн пайдаланууга берүү, интеллектуалдык ишмердүүлүк, кызмат көрсөтүү, иштерди аткаруу) кошулган ишмердүүлүк эсептелинет.

2. Демөөрчүлүк төмөнкү шарт жана талаптарга жооп бериши керек:

- телерадиопрограмма, телерадиоберүү, аудиовизуалдуу жана/же музыкалык жана башка чыгармалардын мазмунуна же тизмесине таасирин бербеши керек;

- демөөрчүлөнгөн телерадиопрограммалар, телерадиоберүүлөр, аудиовизуалдуу жана/же музыкалык жана башка чыгармалар берүүлөрдүн башында же аягында, жарнамага бөлүнгөн тыныгуу убактыларынын алдында же аягында, демөөрчүлүк боюнча так жана түшүнүктүү маалыматтарды камтышы керек;

- Демөөрчүлүк тууралуу маалымат товар же кызмат тууралуу маалыматтарды камтыбаш керек.

3. Телерадиоберүү чөйрөсүндө кайрымдуулук ишмердүүлүгү жана меценаттык Кыргыз Республикасынын "Меценат жана кайрымдуулук ишмердүүлүгү тууралуу" Мыйзамына шайкеш жүргүзүлүшү керек. Телерадио уюм тарабынан демөөрчүнүн товар, жумуш жана көрсөткөн кызматтары боюнча маалыматтарды таратуусуна жол берилбейт.

4. Маалымат, саясий жана диний телерадиоберүү жана телерадиопрограммалар, аудиовизуалдуу жана/же музыкалдуу жана башка чыгармаларга карата кайрымдуулук, меценат жана демөөрчүлүк ишмердүүлүк тыюу салынат. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жарнамасына тыюу салынган ишмердүүлүгүнүн негизги түрү товар чыгаруу, жумуш же кызмат көрсөтүү болгон өндүрүүчүлөр, демөөрчүлүк ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө да тыюу салынат. Шайлоо процесстеринин учурунда демөөрчүлүк Кыргыз Республикасынын шайлоолор боюнча мыйзамдары менен тескелет.

5. Телерадио уюмдар же аудиовизуалдуу чыгармаларды, телерадиопрограммалар, телерадиоберүүлөрдү өндүрүүчүлөр болуп эсептелинбеген мамлекеттик органдар, юридикалык уюмдар жана жеке адамдар мындай өндүрүмдүн каржылануусуна түз жана ортомчулар аркылуу катыша алышат».

36-берененин 3-пунктунда 2-пунктчасында «анын курамына шайлануу» деген сөздөрдү алып салуу керек.

40-Беренеде:

1-жана 2-бөлүмдөрдү төмөндөгүдөй оңдоо:

«1. Телерадиопрограммаларды жана берүүлөрдү даярдоодо, телерадио уюмдар берүүлөрүнүн сеткасын түзүүдө Кыргыз Республикасынын коомдук адеп-ахлакты сактоо боюнча мыйзамдарынын талаптарын аткаруулары керек.

2. Телерадио уюмдарга эфирдик убакытта саат 7.00дон тартып, кечки 23.00 го чейин жашы 18 ге жетелек жана жеткинчектердин физикалык, интеллектуалдык жана аң-сезим жагынан өнүгүүсүнө залакасын келтирчү жаңылыктан тышкаркы мүнөздөгү программа жана берүүлөрдү трансляциялоого, ошондой эле, анонс жасоого тыюу салынат. Болбосо, мындай программа жана берүүлөр жашы жетелектер үчүн техникалык жактан чектелип көрсөтүлүшү керек.

Мындай программалар жана берүүлөр атайын эскертүүлөр менен коштолуп, телерадио уюмдарынын программаларынын тизмегинде белгиленип турушу керек. Атайын алдында же берүү трансляцияланып жатканда белгиленип турушу керек.

47-Берененин 1-пунктунда:

- “аккредитация” деген сөздөн кийин “чет өлкөлүк” деген сөздү алып салуу керек;

- “корреспонденттердин” деген сөздөн кийин, “чет өлкөлүк” деген сөздү “чет элдик” деген сөз менен алмаштыруу керек;

- “же” деген сөздөн кийин, “чет өлкөлүк” деген сөздү “чет элдик” деген сөз менен алмаштыруу керек.

26. 48 Беренени төмөнкү мазмундагы кошумча 7-пункт менен толуктоо:

7. 8-Берененин 1-пунктундагы 2-абзацында талаптарды ишке ашыруу төмөнкү баскычтарда жүргүзүлөт:

- 2016-жылдын 1-январынан баштап, алар телерадиоканалдын берүүлөр сеткасында 10 пайыздан кем эмес болушу керек;

- 2018-жылдын 1-январынан баштап, телерадиоканалдын берүүлөр сеткасында 30 пайыздан кем эмес болушу керек;

- 2020-жылдын 1-январынан баштап, телерадиоканалдын берүүлөр сеткасында 50 пайыздан кем эмес болушу керек.

4-Берене.

Ушул Мыйзам расмий түрдө жарыяланган күндөн 3 ай өтүп, күчүнө кирет.

5-Берене.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү үч айлык мөөнөттө ушул Мыйзамга өзүнүн нормативдик-укуктук актыларын ылайыктап келтирүүсү керек.

**Кыргыз Республикасынын Президенти**

# "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМДЫК АКТЫЛАРЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ ЖАНА ТОЛУКТООЛОРДУ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНЫН ДОЛБООРУНА МААЛЫМКАТ-НЕГИЗДЕМЕ

Бул мыйзам долбоору менен "Кыргыз Республикасынын кээ бир мыйзамдык актыларына өзгөртүү жана толуктоо киргизүү жөнүндө", "Электр жана почта байланыштары жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө","Кыргыз Республикасындагы лицензия-уруксат берүү системасы жөнүндө", "Т

Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилет.

Мыйзамдын бул долбоору (мындан ары текст боюнча – Мыйзам) Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 02.11.2011-ж. " 692 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 17.07.2013-ж. № 415 токтомунун редакциясында санариптик телерадиоберүүгө өтүү программасына ылайык иштелип чыкты.

"Электр жана почта байланыштары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы 1998-жылы кабыл алынган, 20 жылдан ашык убакыттын ичинде телекоммуникация тармагында заманбап технологиялардын жана маалымат-коммуникациялык технологиялардын (мындан ары текст боюнча "ИКТ") пайда болушу жана телерадиопрограммаларды, телерадиоканалдардын электр байланышы тармагында ар кандай технологиялар аркылуу жайылтылышына байланыштуу чоң өзгөрүүлөр болуп өттү.

Бул Мыйзамдын максаты санариптик көрсөтүүгө ийгиликтүү өтүү үчүн шарт түзүү, кызмат көрсөтүүнү кеңейтүүчү жана алардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн арттыруучу жаңы технологияларды эске алуу менен санариптик көрсөтүү рыногун өнүктүрүү үчүн ченемдик укуктук базаны түзүү, Телекоммуникация тармагында узак мөөнөттүү бизнести өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү болуп эсептелет. "Электр жана почта байланыштары жөнүндө" жана "Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө" Кыргыз республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында ишмердиктин жалпы чөйрөсүн жөнгө салган беренелер бар жана бул беренелерди ар кандай чечмелөө аталган мыйзамдардын иштебей жатканына алып келет. Санариптик көрсөтүүгө өтүү менен абал бир кыйла татаалдашат. Ушщуга байланыштуу "Электр жана почта байланыштары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамына сунушталып жаткан өзгөртүүлөр жана толуктоолор бул мыйзамдардын аракет кылуу чөйрөсүн так аныктоого багытталган, бул аталган тармактын өнүгүшүнө олуттуу мүмкүнчүлүк берип, ишмердиктин аталган чөйрөсүн жөнгө салууда жакшы таасир берет.

Телекөрсөтүү жана уктуруу программалары колдонулуучу технологиясына карабастан ишмердиктин эки бөлүгүнө так бөлүнөт:

Берүү программаларын (телекөрсөтүү жана уктуруу) түзүү жана калыптандыруу. Бул процесстин акыркы продукту болуп тигил же бул электрондук коммуникацияларды берүү үчүн кабыл алынган стандарттарга ылайык электр берүү белгисин түзүү эсептелет;

Электрондук коммуникациялар тармагы боюнча (спутник тармагы, жер үстүндөгү белгиленген жана уюк байланыштар, маалыматтарды берүүнүн жазы сызыктуу тармактары ж.б.) берүүнүн электрдик белгисин жайылтуу

Ушуга байланыштуу, электр байланыштары жөнүндө мыйзам аракетинин чөйрөсү (ишмердиктин ушул түрүнүн чегинде) берүүнүн электр белгисинин жайылтуу менен чектелиши зарыл, бул аталган тармактагы эл аралык тажрыйбага туура келет.

“Электр жана почта байланыштары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамын эл аралык мыйзамдарга шайкеш жана санариптик телерадиоберүүнү жайылтуу максатына ылайык келтирүү үчүн бул Мыйзамга жаңы терминдерди киргизип, түзөтүп жана тактоо керек.

Андан тышкары, “Лицензия-уруксат берүү ишмердиги жөнүндө” Кыргыз Республикасынын жаңы мыйзамын кабыл алуу менен мыйзамга өзгөртүү жана толуктоо киргизүүлөрдүн зарылдыгы келип чыкты. “Электр жана почта байланыштары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын жоболору түзөтүүнү жана оңдоону талап кылат. Атап айтканда, “Электр жана почта байланыштары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 8-беренесине “Байланыш боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын функциялары жана ыйгарым укуктарына” өзгөртүү киргизүү “Лицензия-уруксат берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын жобосу менен шайкеш келтирүү зарылдыгы менен шартталган. Андан тышкары, байланыш боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын байланыш операторлорунан чегерүүлөрдүн эсебинен каржылоо кыскарса, бюджеттен кошумча финансылык каражаттар талап кылынат, ал эми бул такыр эле пайдасыз жана туура эмес.

Радиожыштык менеджментинин так тартиби – жыштыктардын тилкелерин жана номиналдарын бөлүү жана кайра бөлүштүрүү, бул чөйрөдөгү жөнгө салгычтын функциясын тактоо, тоорук-аукциондордун же конкурстун жыйынтыгы боюнча радиожыштык спектрин пайдаланууга лицензияларды берүү мүмкүнчүлүгү, мунун баары ачык-айкын жана демократиялык эл аралык практикага ылайык, санариптик берүүнүн максаттары үчүн радиожыштыкты бошотуу зарылдыгына байланыштуу бир кыйла актуалдуу болуп эсептелет.

“Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүү киргизүү телекоммуникациялар рыногундагы субьектилердин , байланыш боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын – байланыш тармагын жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик байланыш агенттиги аткаруу үчүн милдеттүү болгон ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу (чыгаруу) укугун бөлүштүрүү зарылдыгына байланыштуу. Байланыш боюнча ыйгарым укуктуу бөлүштүрүү мамлекеттин дагы, байланыш операторлорунун дагы, керектөөчүлөрдүн укугун коргоодо дагы көптөгөн маселелерди тез жана натыйжалуу чечүүгө укук берет. Айрыкча санариптик берүүгө өтүүгө байланыштуу мыйзамдык күчкө ээ ченемдик укуктук актылардын бүтүн пакетин кабыл алуу зарылдыгына байланыштуу. Байланыш боюнча ыйгарым укуктуу орган – бул мамлекеттин жана байланыш опраторлору менен байланыш кызматынын кызыкчылыктарын мүмкүн болушунча тең салмактуу сактоочу орган. Кыргыз Республикасынын экономикасынын ири секторун натыйжалуу жөнгө салуу үчүн мындай укук байланыш боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга зарыл.

“Кыргыз Республикасындагы лицензия-уруксат берүүчү система жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү ошондой эле Кыргыз Республикасын санариптик берүүгө ийгиликтүү өткөрүү зарылдыгына байланыштуу пайда болгон. Бул мыйзамдын кээ бир жоболору санариптештирүү талаптарын эске алуу менен маалыматтык-коммуникациялык технологиялар чөйрөсүн натыйжалуу өнүктүрүүгө мүмкүндүк бербейт, ал эми кээ бир учурларда бул чөйрөдөгү мамлекеттин жөнгө салуучу функцияларына,

анын ичинде санариптик телерадиоберүүгө пландуу өтүүгө байланыштуу зыян келтириши мүмкүн. Укуктук жөнгө салуу алкагында, мамлекеттик радиожыштык менеджментинин – радиожыштыктык спектрин пайдаланууга мурда берилген лицензияларды чакыртып алуу/жокко чыгаруу мүмкүндүгү менен чектелген мамлекеттик ресурс менен башкаруу маселелери калды, бул кээ бир аймактарда (өзгөч Кыргыз Республикасы үчүн маанилүү) өзүнүн тармактарын айлантууга операторлорго түрткү бериши мүмкүн; аукцион аркылуу радиожыштык спектрин пайдаланууга лицензияларды ишке ашыруу мүмкүндүгү, бул мамлекеттик бюджеттин толтурууга жана бул чөйрөдөгү ак ниеттүү атаандаштыктын өнүгүүсүнө жол ачууга көмөк көрсөтөт. Ушуга байланыштуу, лицензиялык жыйымдын өлчөмү лицензия берип жатканда ушундай аукциондун же конкурстун жыйынтыгы боюнча белгиленет жана лицензия/уруксат берү, кайра жол-жоболоштуруу, алардын кайталанмасын юберүү жөнүндө арыздарды кароонун натыйжасы боюнча алынуучу окшош жыйымдын өлчөмүнөн айырмаланат.

Андан тышкары өзгөртүүлөр жана толуктоолор радиожыштык спектрин пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган, бул байланыш боюнча (лицензия берүүчү) ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга операторго чектелген мамлекеттик ресурстарды – радиожыштыктын тилкелерин/номиналдарынын электр байланыштарын пайдалануусунда натыйжалуу радиожыштык менеджментин жүргүзүүгө мүмкүндүк берет; операторлордун ортосунда радиожыштыктын натыйжалуу пайдаланылбаган тилкелерин маал-маалы менен кайра кароо жана кайра бөлүштүрүүгө мүмкүндүк берет, бул радиожыштык спектринин конверсиясынан, чектелген мамлекеттик ресурстарды натыйжалуу пайдаланууга мүмкүндүк берген, анын ичинде санариптик телеберүү максаттары үчүн алганда өтө актуалдуу. Андан тышкары, тоорук өткөргөндө (аукцион, конкурс), алардын жеңүүчүлөрүнө мамлекет тарабынан лицензияга карата лицензиялык талаптарга ылайык белгиленүүчү кошумча милдеттенмелер жүктөлөт (мисалы, алыскы аймактарды байланыш менен камсыздоо),

4. “Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө” мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн максаты санариптик берүүгө ийгиликтүү өтүү үчүн укуктук шарттарды түзү, санариптик берүү рыногунун өнүгүүсү үчүн укуктук базаны колдоо, ата мекендик укма-көрмө продукцияларды – улуттук телерадиоберүү программаларын колдоо болуп эсептелет.

2006-жылдын майында Эл аралык электр байланыш союзунун (ЭЭС) мүчөлөрү тарабынан кол коюлган жер үстүндөгү санариптик берүү боюнча радиобайланыштын аймактык конференциясынын чечимине ылайык, Борбордук Азия өлкөлөрү 2015-жылдын 17-июнунда бүткүл дүйнөнүн санариптик эфирдик берүүгө өтүүсүн акырына чыгарат. Кыргыз Республикасы дагы бул конференциянын катышуучусу болуп эсептелет. Аталган мөөнөт бүткөндө окшош телеберүүнүн телекөрсөтүү каналдарынын жыштыгы эл аралык коргоосун жоготот.

Кыргыз Республикасы үчүн жер үстүндөгү санариптик берүүнү тезинен жайылтуу абдан маанилүү, болбосо чектешкен аймактарда телекөрсөтүү чордондорун жыштык өздөштүрүүлөрүн координациялоо кыйынчылыгы жаралуу коркунучу бар.

Азыркы учурда теле жана радиоберүү 2008-жылдын июнь айында кабыл алынган “Телекөрсөтүү жана радиоберүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен жөнгө салынат. Мындай мыйзам кабыл алынып жаткан учурда 2015-жылы санариптик берүүгө өтүү зарылдыгы жана биринчи кезекте – жаңы телерадиоберүү субьектилеринин – электр байланыштарынын операторлорунун пайда болушу эске алынган эмес, ал эми

булар ар кандай технологиялар менен Телекоммуникация байланыштарын пайдаланып, керектөөчүлөргө – калкка телерадиопрограммаларды, телерадиоканалдарды жеткирүү кызматтарын кылышы шарт. Андан тышкары, маалымат-коммуникациялык рынок акыркы кездерде катуу өзгөрдү , жаңы технологиялар жана технологиялык чечимдер пайда болду. Мунун баары мыйзамдардын деңгээлинде жөнгө салууну талап кылат.

Ошондой эле, колдонуудагы мыйзам азыркы редакциясында укук колдонууда жана телерадио уюмдардын ишин мамлекеттик жөнгө салууда кыйынчылыктарды жаратат.

Азыркы учурда телеберүү чөйрөсүндө бир эле тармакты эки ченемдик акт: “Электр жана почта байланыштары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы жана “Телеберүү жана радиоберүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы жөнгө салат. Мындай тескөө кыйынчылыкка алып келет, анын жыйынтыгы катары практикада эки мыйзам тең колдонулбаганы ачык байкалууда. Ушуга байланыштуу мыйзамга сунушталып жаткан өзгөртүү жана толуктоолор бул мыйзамдарды айырмасын так аныктоого абфгатталган, бул Кыргыз Республикасында санариптик телекөрсөтүүнүн өнүгүшүн олуттуу тездетишине мүмкүндүк берет.

Андан тышкары, мыйзамга сунушталып жаткан өзгөртүүлөр менен толуктоолорду кабыл алуу КР мыйзамдарынын эларалык практикалар менен шайкеш келишине көмөк көрсөтөт, бул ушул мыйзамдын жакшырышына көмөк көрсөтөт.

Мыйзамга Киргизилүүчү кээ бир өзгөртүүлөр жана толуктоолор редакциялык жана тактоочу мүнөзгө ээ. Бул тексттин башынан аягына чейин “телекөрсөтүү жана радиоуюм (телерадиоуюм)” терминин киргизүүгө байланыштуу. Мыйзамдын колдонуудагы редакциясына ылайык жарандардын маалыматтык муктаждыктарын канааттандыруу максатында түзүлүүчү уюмга, аталышына карата бирдиктүү мамиле жок. Ошентип, колдонуудагы мыйзам “телекөрсөтүү жана радиоуктуруу уюмдары”, “телерадиокомпаниялар”, “телерадио уюмдар” өңдүү уюмдарды атайт.

Ошондой эле, бир нече жаңы терминдерди киргизүү, ата мекендик мыйзамдарга мурда тааныш эмес жаңы мамилелерди жөнгө салуусу керек, мунун баары окшош берүүдөн санарипке өтүү менен байланыштуу.

Санариптик берүү жана телерадиопрограммаларды берүүнүн, ошондой эле мындай белгини алуу жана кодунан ажыратууда “таңгактоонун” башка формасына ээ экенин белгилеп коюу зарыл. Санариптик телекөрсөтүү мурдагыга караганда бир кыйла көп каналдарды берүүгө мүмкүндүгү болуп, радиожыштык спектринин бөлүгүн бошотот, ал андан кийин башка муктаждыктар үчүн пайдаланылышы мүмкүн. Санариптик берүүгө өтүү (санариптештирүү) жалпыга маалымдоо каражаттары үчүн (ЖМК) жана акырында – сөз, ой, пикир эркиндигин конституциялык принциптерин ишке ашыруу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Жаңы санариптик технологиялар аудиторияга дагы көбүрөөк маалымат жана идеяны телерадиоберүү аркылуу алууга мүмкүндүк берет. Булар маалыматты жайылтуу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү берет. Бул натыйжаларга жетүү үчүн санариптик берүүгө өтү процесси укуктук, экономикалык, уюштуруучулук жана саясий принциптерге негизделиши керек, алар Конституцияда кепилденген ойду айтуу, ЖМК жана маалымат алуу эркиндигин коргоо үчүн негиз болуп эсептелет.

Андан тышкары, мыйзамда телерадиоберүү системасынын субьектилерин так чектөө сунушталууда, бул алардын ишмердигин, ошондой эле жоопкерчилигин аныктоого мүмкүндүк берет.

Ошондой эле, керектөөчүлөрдүн кызыкчылыгын коргоо, маалымат коопсуздугунун кызыкчылыктарын коргоо, калктын чыныгы сапаттуу ата мекендик продуктуну алуусу үчүн, мыйзам тарабынан уруксат юерүү системасын – окшош берүүдө же санариптик пакетте окшош берүүдө телерадиоканалдарды жайгаштырууга уруксат берүүнүн алуу жол-жобосун киргизүү сунушталууда, бул пайдалануучуларды "зыяндуу" деп аталган контенттен коргоого, кандай телерадиоканалдар санариптик пакетте жайгаштырыларын, алар жалпыга маалымдоо каражаттары мыйзамдарындагы талаптарга туура келеби, ушулардын баарын текшерүүгө мүмкүндүк берет. Уруксат берүү – лицензия берүүгө караганда көбүрөөк демократиялашкан азыраак бюрократиялашкан процесс, бул ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга – Маданият, маалымат жана туризм министрлигине Кыргыз Республикасын телерадиоуюмдардын ишин мониторингдөө аркылуу маалыматтык коопсуздук менен камсыздоого, ошондой эле телерадиопрограммалардын жана берүүлөрдүн мазмунунда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактоосуна мүмкүндүк берет.

Демилгеленип жаткан бул өзгөртүүлөр телерадиоуюмдарга улуттук аудиовизуалдуу продукцияларды чыгарган студия-өндүрүүчүлөргө, өз кезегинде жаңы индустриянын өнүгүү мүмкүнчүлүгүнө – көз карандысыз продакшн-студиялар даярдаган ата-мекендик өндүрүштөгү программа жана берүүлөрдүн көбөйүшүнө алып келет. Буга ылайык, студия-өндүрүүчүлөрдүн да саны өсмөкчү.

Мындан тышкары, мамлекеттик тилдеги ата-мекендик программа жана берүүлөрдүн продукцияларынын нормаларын бөлүштүрүүдө түрдүү талдоолорду болтурбоо максатында, чоттук мезгил түшүнүгү киргизилип жатат. Аны телерадиоуюмдун аудиториясы көп болгон учурда, тактап жазганда, 7.00дон 23.00 го чейин, милдеттүү түрдө киргизүү сунушталууда. Болбосо, телерадиоуюмдар көп адамдар көрүп жаткан убакта чет элдик программалар жана берүүлөр менен толтуруп, түнкүсүн эл азайганда ата-мекендик продукцияны алып чыгуулары мүмкүн. Ошондой эле, 48-беренеде ата-мекендик өндүрүштөгү продукциянын көлөмүн 2016-жылдын 1-январынан баштап, 2020-жылдын 1-январына чейин баскыч-баскыч менен үч этапта, 50 пайызга чейин көтөрүү каралууда. Бул норма абдан зарыл, анткени, буга чейин мыйзам эфирде берилип жаткан телерадиоуюмдарды гана тескеп келген. Ал эми, кабелдик жана IP-тармактарында берүүлөрдү жүргүзүп келгендер көз жаздымында калып келген. Азыр болсо, бул нормаларды аткаруу баардыгы үчүн кайсы тармактарда берүүлөрдү жүргүзсө дагы милдеттүү болуп эсептелинет. 2015-жылдын июлунан баштап, телеберүү тармактарынын баардыгында жергиликтүү телекомпаниялардын саны кескин түрдө өсүшү мүмкүн, анткени, санарип телеберүүгө өтүү менен эфир жана кабелдик системада каналдардын саны ондогон эсеге көбөйөт. Жаңы субъектилерге бекитилген өз ара катышты камсыз кылууга жетишүүсү үчүн убакыт берүү зарыл.

Байкоочу Кенештердин ишмердүүлүгүн тартипке келтирүүкаралууда. Маселен, жеке телерадиоуюмдарда уюмдаштыруучулардын(катышуучулардын) чечими менен байкоочу кеңештерди түзүү укугун тактоо сунушталууда. Ал эми башка уюмдарда телерадиоуюмдардын өздөрүнүн кызматкерлеринин өздөрүнүн эле телерадиоуюмунун Байкоочу Кенешине мүчө болуп кирүү укугун алып салуу киргизилип жатат. Анткени, бул Байкоочу Кенештин көз карандысыздык принцибинин бузулушуна алып келет.

20-берененин жаңы редакциясы ретрансляция боюнча телерадиоуюм жана байланыш операторлорунун ортоунда чектөө киргизди. Азыркы кундө, биздин аймакта чет элдик каналдарды берүүдө эч кандай уруксат документтери талап кылынбайт. Жаңы редакцияда, толук жана өзгөртүлбөй канал берүү жүргүзүлө турган болсо, тийиштүү уруксат документтеринин болушун талап кылат. Эгерде ретрансляцияланып жаткан телеканалга өзгөртүүлөр киргизилсе, анда субъект телерадиоуюм деп эсептелинип, Мыйзамдын башка нормаларын жана 8-берененин талаптарын аткаруу милдети коюлат.

Акыркы он жыл ичинде, "Жамаат жана алардын бирикмелери тууралуу" Мыйзамдын кабыл алынышы менен өлкөдө берүүчүлөрдүн жаңы пласты - кичи жамааттык станциялар түзүлө баштады. Азыркы күндө, алардын саны ондон ашты. Булар бир айылда(коомчулук) берүүлөрүн жайылтчу кичирадиостанциялар. Профилдик мыйзамда аларга аныктама жок. Буга байланыштуу, "Муниципалдык телекөрсөтүү жана радиоуктуруу уюмдары" аттуу 12-беренеге кошумча жамааттык станциялар боюнча нормаларды киргизип, беренени "Муниципалдык жана жамааттык телерадиоуюмдар" деп атап, тийиштүү нормалар менен толуктоо сунушталууда.

Бул мыйзам долбоору рыноктун катышуучулары жана эксперттик коомчулук менен бир нече жолу талкууланган. 19.11.2014-ж. парламенттик угуулар болгон, 10.12.2014-ж., 01.04.2014-ж., 30.05.2014-ж. мамлекеттик, республикалык жана облустук жеке телерадиокомпаниялар, байланыш операторлору жана эл аралык уюмдар менен медиа-эксперттердин катышуусунда тегерок стол жана талкуулар болуп өттү.

Мыйзам долбоору коомдук талкуулар үчүн маалымат ресурстарында: http://www.gov.kg, мамлекеттик интернет-порталында, http://www.mtc.gov.kg Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникациялар министрлигинин расмий сайтында, http://www.minculture.gov.kg Кыргыз Республикасынын маданият, туризм жана маалымат министрлигинин расмий сайттарында жарыяланды. Түшкөн баардык кайрылуулар жана сунуштар бул мыйзам долбоорлорун даярдоодо эске алынды.

Бул мыйзам гендердик, экологиялык, коррупцияга каршы жана башка илимий экспертизадан өтүүгө милдеттүү эмес, ал кабыл алынып калса Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинен кошумча финансылык чыгымдарды талап кылбайт.

**Депутаттар:**

maxima

Шрифт Myriad Pro.
Подписано в печать: 04.07.2014. Тираж 250 шт. Заказ № 468

«M-Maxima» Басмакана
Кыргыз Республикасы, 720000, Бишкек ш., Тыныстанов к., 197/1
Тел.: +996 (312) 902 907, 900 435, факс: +996 (312) 900 407, e-mail: office@maxima.kg